# адеп-ахлак

НЕГИЗГИ ДИНИЙ МААЛЫМАТТАР

ДИН ИШТЕРИ БАШКАРМАЛЫГЫ

Н Е Г И З Г И Д И Н И Й М А А Л Ы М А Т Т А Р

ДИН ИШТЕРИ БАШКАРМАЛЫГЫ

# адеп-ахлак

**Редактор:**
Проф. Док.Мехмет Эмин Өзафшар – Проф. Док. Режаи Доган

**Басылма Боюнча Жооптуу**
профессор, доктор Хурийе Марты

**Басып чыгарууга даярдаган:**
Доктор Фатих Курт

**Координатор:**
Йылдырай Каплан

**Проект:**
ДИБ. Диний Билим Берүү Бөлүм Башкармалыгы

**Авторлор:**
1 - 2 - 3 – 4 - Бөлүмдөр: Доц. Док. Желал Түрер
5 - Бөлүм: Проф. Док. Эрдоган Пазарбашы
6 - Бөлүм: Доц. Док. Сүлейман Акйүрек
7 - Бөлүм: Доц. Док. Али Кушат

**Которгон:**
Эргешов Эрмамат

**Дизайн жана Ишке ашырган:**
Угур Алтунтоп

**Басмакана**
Korza Yayın Basım
Tel: +90 312 342 22 08

Дин Иштери Башкармалыгынын Басылмалары: 1375
Кесиптик Китептер; 149

1 – Басылыш 2018, Анкара

ТЕКШЕРҮҮ КОМИССИЯСЫНЫН ЧЕЧИМИ 12.08.2016/60

2018.06.Y.0003. 1375
ISBN: 978-975-19-6858-6
СЕРТИФИКАТ №: 12931

© Дин Иштери Башкармалыгынын Диний Басылмалар Жогорку Башкармалыгы

**Байланыш:**
Диний Басылмалар Жогорку Башкармалыгы
Üniversiteler Mah. Dumlupınar Bulvarı No: 147/A Çankaya / Ankara
Tel.: +90 312. 295 72 81 - Faks: 0312. 284 72 88
e-posta: yabancidiller@diyanet.gov.tr

# Мазмуну


**I БӨЛҮМ**

**АДЕП-АХЛАК ЖАНА ИНСАН**

1. Адеп-Ахлактын Аныктамасы ......................7
2. Адамдын Адеп-Ахлакка Муктаждыгы ........ ..............................................................7
3. Өз Ара Мамиледеги Адеп-Ахлак Нормалары......................................................9
4. Адамдардын Өз Ара Мамилесинде Адеп-Ахлактык Баалуулуктар .................................10
5. Кулк-Мүнөздүн Калыптануусунда Адеп-Ахлактык Баалуулуктардын Ролу..................10
6. Коомдун Калыптануусунда Адеп-Ахлактык Баалуулуктардын Ролу ..................................11

**II БӨЛҮМ**

**ИСЛАМДА АДЕП-АХЛАК**

1. Дин менен Адеп-Ахлактын Байланышы..17
2. Исламда Адеп-Ахлак ................................18
3. Исламда Адеп-Ахлактын Мааниси ......... 24
4. Ыйман, Ибадат жана Адеп-Ахлактын Өз Ара Байланышы.......................................... 27

**III БӨЛҮМ**

**ИСЛАМ АДЕП-АХЛАГЫ ЖАНА ҮЛГҮЛҮҮ ИНСАН**

1. Ислам Этикасына Ылайык Көрүлгөн Жүрүм-Турумдар......................................... 33
2. Ислам Этикасына Сыйбаган Жүрүм-Турумдар ..................................................... 46

**IV БӨЛҮМ**

**ИСЛАМ ДИНИНДЕГИ НЕГИЗГИ УКУКТАР**

1. Адамдын Жашоо Укугу ............................63
2. Адамдын Ден-Соолугун Коргоо Укугу .....65
3. Адамдын Билим Алуу Укугу ....................66
4. Адамдын Ишенүү жана Ибадат Кылуу Укугу............................................................67
5. Адамдын Жеке Жашоосуна Кол Тийбестиги Укугу............................................................68
6. Адамдын Мал-Мүлккө Ээ Болуу Укугу.....70

**V БӨЛҮМ**

**МИЛДЕТ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИКТЕР**

1. Аллах Тааланын Алдындагы Милдет жана Жоопкерчиликтерибиз................................77
2. Пайгамбардын Алдындагы Милдет жана Жоопкерчиликтерибиз................................78
3. Адамдын Өзүнүн Алдындагы Милдет жана Жоопкерчиликтери.......................................79
4. Үй-Бүлө Мүчөлөрүнүн Бири-Биринин Алдындагы Милдет Жана Жоопкерчиликтери.......................................80
5. Урук-тууган, Коңшу-Колот жана Коомчулуктун Алдындагы Милдет Жана Жоопкерчиликтерибиз ...............................84
6. Айлана-Чөйрөнүн Алдындагы Милдет Жана Жоопкерчиликтерибиз ......................87
7. Мамлекеттин Алдындагы Милдет жана Жоопкерчиликтерибиз................................88
8. Кесиптик Милдет жана Жоопкерчиликтерибиз ...............................89
9. Өзүн Адептүү Алып Жүрүүнүн Нормасы (Этикет) .......................................................90

**VI БӨЛҮМ**

**ИСЛАМ АДЕП-АХЛАГЫНДА СҮЙҮҮ**

1. Аллахты Сүйүү .........................................97
2. Пайгамбарды Сүйүү ...............................100
3. Адамзатты Сүйүү ...................................102
4. Ата-Энени Сүйүү ...................................104
5. Жаныбарларды жана Жаратылышты Сүйүү .........................................................108
6. Желекти жана Ата-Мекенди Сүйүү .......111
7. Шейиттер жана Ардагерлер ..................113

**VII БӨЛҮМ**

**ҮЛГҮЛҮҮ ИНСАНДАРДЫН ӨРНӨКТҮҮ ИШ-АРАКЕТТЕРИ**

1. Ахмед Йасави - Кызмат Кылуунун Үлгүсү .........................................................123
2. Юнус Эмре – Сүйүүнүн Үлгүсү................126
3. Мавлана – Кең Пейилдүүлүктүн Үлгүсү .........................................................129
4. Ажы Бекташ-и Вели – Адамга Арналган Сүйүүнүн Үлгүсү..........................................131
5. Мимар Синан - Жоопкерчиликтин Үлгүсү .........................................................133
6. Мустафа Кемал Ататүрк – Ата-Мекенди Сүйүүнүн Үлгүсү..........................................135

**СУРООЛОРДУН ЖООПТОРУ** .......................142

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР** .....................143

# киришүү

Ырайымдуулуктун ээси болгон Аллах, инсанды эң кооз абалда жараткан. Аны кадыр барктын ээси кылуу менен бирге, жоопкерчилик жүктөгөн. Бул дүйнөдөгү жашоосунда аны өз башынча таштап койбой, ыймансыздыктын туңгуюгунан чыгарып, ыйман жана адеп-ахлакктын жарык нуруна жеткирүү үчүн Жаратқандын ырайымы жана белеги болгон пайгамбарларды жана ыйык китептерди жөнөткөн.

Адам заты жаралгандан бери бар болгон дин бул, инсандын бар болуу муктаждыгы б.э. Дин бул, жашоонун бир бүтүндүгүн жана түпкү маңызын бизге үйрөткөн, бул дүйнө жана акыретти, акыл-эс менен жан дүйнөбүздү тең салмакта кармаган, инсандын жан дүйнөсүн тынчтандырган, коомго сүйүү жана адилеттүүлүк алып келген, жеке өзүбүзгө жана коомго болгон милдетибизди ибадат сыяктуу баалуу жоопкерчилик деп эсептеген, бир бүтүн болгон жашоо тууралуу насыйкаттардын жыйындысы.

Ааламды жана Жаратканды түшүнүүгө аракет кылып, Аны сүйүп жана Ага баш ийген адам, Жараткан жөнөткөн пайгамбарлардын жана китептердин жолун жолдоп, Аллахка кул болууга жана акыйкатты түшүнүүгө багыт алат.

Ушул себептен улам инсандын динге болгон муктаждыгы туура маалымат менен камсыздандырылышы керек.

Диндин эң негизги максаты инсанга жол көрсөтүү болгондуктан, диний маалыматтын жашообузду жөнгө салгыдай болуп өзүн өзү жаңылап туруусу жана илим менен жашоо турмуштун ортосунда тыгыз байланыш болуусу керек. Андыктан элибиздин диний маалымат алуу муктаждыгын, туура диний маалымат менен камсыздоону, калкыбызды ыйман, ибадат, пайгамбардын өмүр баяны жана адеп-ахлактык жактан кабардар кылууну туура көрдүк. Колунуздагы “Адеп-Ахлак” аттуу китеби Диянет Иштери Башкармалыгына караштуу курстарда окутулган Негизги Диний Маалыматтар окуу программасына карата даярдалды.

Китепте Ислам дининин эң башкы негиздеринен бири болгон адеп-ахлак темасы талкууга алынган. Адеп-ахлактын аныктамасы, адеп-ахлактык баалуулуктар, Ислам дининин адеп-ахлакка берген мааниси, Исламий адеп-ахлак принциптери тарабынан идеалдуу деп эсептелген адамдын өзгөчөлүктөрү, маданий мурасыбыздын калыптануу жана өсүп-өнүгүүсүнө салым кошкон таанымал адамдардын үлгүлүү кыймыл-аракеттери сыяктуу темалар каралган.

Китеп окурмандар үчүн пайдалуу болот деген үмүттөбүз. Аракет бизден, ийгилик Аллахтан.

Дин Иштери Башкармалыгы

## адеп-ахлак

# I БӨЛҮМ





# Адеп-Ахлак жана Инсан

1. Адеп-Ахлактын Аныктамасы
2. Адамдын Адеп-Ахлакка Муктаждыгы
3. Өз Ара Мамиледеги Адеп-Ахлак Нормалары
4. Адамдардын Өз Ара Мамилесинде Адеп-Ахлактык Баалуулуктар
5. Кулк-Мүнөздүн Калыптануусунда Адеп-Ахлактык Баалуулуктардын Ролу
6. Коомдун Калыптануусунда Адеп-Ахлактык Баалуулуктардын Ролу

## БӨЛҮМ ТУУРАЛУУ

Бул бөлүмдө адеп-ахлактын аныктамасы, адеп-ахлакга болгон муктаждык, адамдардын өз ара мамилелешүүсү жана бул мамиледеги адеп-ахлактык баалуулуктар, жеке адамдын жана коомдун калыптануусундагы адеп-ахлактык баалуулуктардын ролу тууралуу сөз болот.

Адам – биосоциалдык жандык болуп саналат. Адамдын биологиялык жагы табиятка ал эми социалдык жагыы болсо адеп-ахлакка тиешелүү болот. Табиятка жана физикалык эрежелерге баш ийбестен жашап кетүү мүмкүн болбогондой эле адеп-ахлак нормаларына да баш ийбестен социалдык бир жандык катары калыптануу мүмкүн эмес. Адамдардын өз ара карым-катнаш дүйнөсүн баалуулуктардын майданы десек болот. Ошондуктан адеп-ахлак – бул өз ара карым-катнашта баалуулуктарды кармануу деген түшүнүк. Адеп-ахлактын эң нгизги максаты – адамдын кулк-мүнөзүн акырындап оңдоо болуп саналат. Адеп-ахлактык баалуулуктарды карманган адамдар жашаган дүйнө – албетте, бактылуу дүйнөнү түзөт.

6

## ПЛАН

Бул бөлүмдүн соңунда;

1. Адеп- ахлак деген терминдин аныктамасын айтууга,

2. Адеп-ахлакка байланышкан түшүнүктөрдүн аныктамасын айтууга,

3. Адамдардын адеп-ахлакка болгон муктаждыгын үйрөнүүгө,

4. Адеп-ахлактык баалуулуктардын кулк-мүнөздүн калыптануусундагы ордун билүүгө,

5. Адеп-ахлактык баалуулуктардын коомдун калыптануусундагы ролун айтып берүүгө жетиыресиз.

## ОКУУ ЭРЕЖЕСИ

Бул бөлүмдү окуунун эрежеси;

1. План коюп окуу жана тиешелүү бөлүмдү анализдөө.

2. Бөлүмдө берилген тапшырмаларды аткаруу.

3. Китептин соңунда көрсөтүлгөн булактардан пайдалануу.

**Изилденип-Үйрөнгүлө**

Эмне үчүн адеп- ахлактуу болуу керек? Айланаңыздагы адамдар менен сүйлөшүп көрүп, алардын көз- караштарын да үйрөнүңүз..

## 1 Адеп-Ахлактын Аныктамасы

Адеп-ахлакты ар тараптуу талдап чыгып, аныктама берүү мүмкүн. Биз билген түрдүү аныктамалардын орток өзгөчөлүктөрүн топтоштуруп, төмөндөгүдөй аныктама берүүгө болот:

**Ой Жүгүртүү**

- Адеп-ахлак - жаныбарлар жана адамдар менен болгон карым- катнашта кандай мамиле кылуу же кандай мамиле кылбоо керектигин үйрөткөн белгилүү эрежелердин бүтүндүгү болуп саналат.
- Адеп-ахлак - бир коомдун баш ийиши керек болгон эрежелер жана аткарылышы керек болгон милдеттердин топтому болуп саналат.
- Адеп-ахлак - коомдогу жакшы жана жаман деп эсептелген эрежелердин системасы болуп саналат.



## 2 Адамдын Адеп-Ахлакка Муктаждыгы

Биз – курсагыбыз ачканда тамактанган, суу сагаңда суу ичкен, чарчаганда дем алган, уйкубуз келгенде уктаган жандыкпыз. А эмне үчүн курсагыбыз ачат, суу сайбыз, дем алабыз жана уктайбыз? Бул суроолордун жообун баарыбыз билебиз. Өсүмдүктөр жана жаныбарлар сыяктуу эле адам баласы да жашоосун улап ктүү үчүн азык-түлүкө, сууга, дем алууга жана уйкуга муктаж. Булар адам баласынын башка биологиялык жандыктар менен болгон орток өзгөчөлүктөрү болуп саналат.

**Билесизби?**

Өсүмдүктөр менен жаныбарларга, жашоосун улантуусу үчүн бир канча өзгөчөлүктөр берилген. Жөргөмүштөр олжосун колго түшүрүү үчүн желе токушат, арылар бал челекте жашашат, куштар уя салышат, койлор кайсыл чөптү тандап жээрин билишет. Ар бир айбан табигый шарттарда кантип жашап кетүүнү билет; өзү үчүн эмненин жакшы ал эми эмненин жаман экенин туюу сезими аркылуу билишет. .

Адамдар да белгилүү өлчөмдө муктаждыктарын канааттардыруу үчүн тубаса жөндөмдүүлүктөргө ээ. Бул менен эле биргеликте бир гана адам баласына тиешелүү болгон руханий, маданий жана коомдук өзгөчөлүктөргө да ээ. Адам өз эрки менен чечим чыгарууга, ирадага (тандоо күчү), ойлоно алуу өзгөчөлүгүнө жана ичинде жашаган маданий чөйрөгө ээ.

**Ой Жүгүртүү**

- Ирада (тандоо күчү) - адам чечим кабыл алаарда таасир берчү күч болуп саналат..
- Адамдын ирадасына тиешелүү кыймыл-аракети менен табигый кыймыл-аракети бири-биринен айырмаланып турат. Ирада аркылуу жасалган кыймыл-аракеттер атайын каалоо менен жана аң-сезимдүү түрдө жасалгандыгы үчүн булар эркин кыймыл- аракеттер болуп эсептелет. Биз бул эркин кыймыл-аракеттерди, адеп-ахлактык кыймыл-аракеттер деп атап койобуз.

Аң-сезимдүү адамдар кыймыл-аракетин максатка ылайык жана адеп-ахлак нормаларына карап жасашат. Мисалы, ысык бөлмөдө отурган адамдын бир аз салкындоону каалоосу - табигый каалоо болуп саналат. жана бул адам албетте терезени ачууну каалайт. А бирок ал бөлмөдө оорулуу бир адам болсо аң- сезимдүү адам терезени ачпайт, акылын колдонуп, адеп-ахлактык нормага туура келген бир чечимге барат. Ушул сыяктуу эле курсагы ач бирок курсагын тойгузууга мүмкүнчүлүгү жок болгон бир киши, тамак-аш уурдагандын же аны уруксатсыз алып жегендин ордуна ач калууну тандаса, ал адам адеп-ахлактык нормага ылайык иш кылган болот. Так ушундай ирада менен башталган адептик кыймылдар, адамдын эркиндигин камсыздайт.

**Ой Жүгүртүү**

- Эркиндик - бул адамдын акылын жана ирадасын (тандоо күчүн) пайдалануу менен туура жолду тандай алуусу (туура кадам таштай алуусу).
- Эркиндик - бул каалаган нерсенин баарын кылуу деген мааниге келбейт. Чындыгында адамдын табияты жана чөйрөсү, ал каалаган нерсенин баарын кылуусуна уруксат бербейт..

Эркиндик, аткарылган кыймыл-аракеттен пайда болгон натыйжаларга тиешелүү болгон жоопкерчиликти өзү менен кошо алып жүрөт.

**Кезек Сизде**

Адам эмне үчүн жоопкерчиликти мойнуна алышы керек?

Адам – эң алгачкы жоопкерчилиги өзүн контролго алуусунда, андан кийин жашоосундагы бардык кыймыл-аракеттерин жөнгө салууда жоопкерчиликти мойнуна алышы керек.

**Ой Жүгүртүү**

Бир адамдын эркин же өз алдынча болушу жана жоопкерчилигин сезе билиши үчүн жакшы менен жаманды сөзсүз түрдө айырмалай билиши керек.

Биз адеп-ахлак нормаларына туура келген кыймыл-аракеттерди жакшы, ал эми туура келбеген кыймыл-аракеттерди жаман деп айтабыз. Мисалга алсак, сабака кеч келген бир окуучунун кечигишининин себебин, мугалимине чындыкты жашырбай айтканын "жакшы сапат", ал эми чындыкты айтуунун ордуна жалган сүйлөшүн, "жаман сапат" катары баалайбыз.

## 3 Өз Ара Мамиледеги Адеп-Ахлак Нормалары

Дүйнөгө келген ар бир адам, болумуш (бытье) менен байланышта болгондой эле, өзүнүн табигый жана тарыхый чөйрөсү жана башка адамдар менен да байланышта болот. Мына ушул байланышка тиешелүү адеп-ахлак, кишинин экинчи тарапка кылган мамиле жана кыймыл-аракеттеринде калыптанат. Бир адамдын башка адамгаменен болгон мамилеси, адептик нормаларга туура келсе, маанилүү жана ирээттүү болот.

**Ой Жүгүртүү**

Мамиле куруу менен көңүл буруу окшош Адам өзүнүн кыймыл-аракети менен, өзүнө жана мамилеси жакын адамдарга көңүл коюп, маани бере алат.

**Ой Жүгүртүү**

Башка адамдар менен амиле түзүү, өзүбүзгө таасирин тийгизгендей эле экинчи тарапка да таасирин тийгизет. Экинчи тарапка карата жасаган мамилелерибиздин кээ бирлери маанисиз болсо, кээ бирлери жашообузду толугу менен өзгөртө турганчалык зор мааниге ээ болот.

Мамиле курулгандан баштап, эки тарапка да жоопкерчиликтер жүктөлөт. Булар адамдардын укук жана милдеттери болуп саналат. "Милдет адеп-ахлагы" (бир адамга жүктөлгөн милдетке карата көрсөтүлө турган адеп- ахлактуулук) деген термин бекеринен айтылган эмес. Бул түшүнүк - адеп-ахлактын эң негизги жана маанилүү фактору.

Адамдар башаламандыктан узак коомду түзүү үчүн белгилүү эрежелерди, принциптерди жана негиздерди ойлоп чыгарышкан. Ошондуктан эреже, принцип жана негизи болбогон бир да мамлекет жок. Эрежелер сыяктуу эле элдик каада-салттар да

маанилүү. Ар бир өлкө үчүн укук системасы аябагандай зор мааниге ээ. Адеп-ахлак мына ушул укук жана эрежелердин жардамында, биримдикте жашоого шарт түзөт.

**Ой Жүгүртүү**

Адеп-ахлак ар дайым керек болгон коомдук күч. Ал жашоонун бардык канатына жайылганы үчүн, жашоонун адеп-ахлакка байланышпаган эч бир алкагы жок.

## 4 Адамдардын Өз Ара Мамилелеринде Адеп-Ахлактык Баалуулуктар

Адамдардын өз ара мамилелешүүсүндө пайда болгон адеп- ахлактык баалуулуктар - "жакшы" жана "жаман" деп билинген кыймыл- аракеттерге байланыштуу. "Жардамдашуу - кандай кыймыл-аракет?" деген суроого, "жакшы"; "Жалганчылык – кандай кыймыл-аракет?" деген суроого болсо, "жаман" - деп жооп берилиши – адеп-ахлактык жактан баа берүү деген нерсени түшүндүрөт.



**Ой Жүгүртүү**

- Адеп-ахлактык нормалар - кыймыл-аракеттерибизди жөнгө салышат.
- Адеп-ахлактык нормалар адамдарга жакшы жана жамандын эмне экендигин билдирет.
- Адам баласы кантип жашоосу керектиги - бир гана адеп-ахлактык баалуулуктар аркылуу белгиленет.
- Адеп- ахлактык нормалар - бизге адам болуу деген түшүнүктү үйрөтүшөт.

**Ой Жүгүртүү**

Адеп-ахлактык нормалар – жалгыз эле мамиле учурунда эмес, өмүрүбүздүн акырына биз менен бирге боло турган баалуулуктар болуп саналат.

Адам бар жерде баалуулуктар да сөзсүз болот. Бул баалуулуктар биздин жана башка адамдардын кызыкчылыгына жараша болот.

# 5 Кулк-Мүнөздүн Калыптануусунда Адеп-Ахлактык Баалуулуктардын Ролу

Адамдын негизги милдети - жашоонун маани маңызын жана андагы чыныгы баалуулуктарды түшүнүп, өнүктүрүп жана аларды башкалар менен бөлүшүү болуп саналат. Адеп-ахлактык баалуулуктар - адамды адам кылган баалуулуктар болгон үчүн, мындай баалуулуктардын баары адамдын характерин калыптандырат. Адамдын кылган кыймыл-аракеттери, башкаларга мамилеси жана чыгарган чечимдери – андагы кулк-мүнөздүн көрсөткүчтөрү б.э.

**Ой Жүгүртүү**

Кулк-мүнөз - бир адамдын өзүнө гана тиешелүү болгон өзгөчөлүктөрү болуп саналат. Мына ушул өзгөчөлүгү, аны башкалардан айырмалап, өзгөчөлөнтүп турган белгилерин, кыймыл-аракетин жана жүрүм-турумун жөнгө салат.

Адамдын кулк-мүнөзү, анын жашоо тажрыйбасы аркылуу калыптанат. Өзү менен характерин калыптандырган тажрыйбанын шайкештик принциби б.а. адамдын сөзү менен кыймыл-аракетинин шайкеш болуусу – адеп-ахлактык шарттарга туура келген жашоо образы экенин эстен чышарбоо керек. Так ушул себептен адеп-ахлак нормасына ылайык жашоону – ар дайым жакшы нерселерди максаттап жашоо деп да атайбыз. Бир адамдын адептүү жашоосу – анын характеринин калыптануусунда чоң ролу бар. Характердин калыптануу учурунда, адам, өзүмчүлдүгүн таштап ичиндеги нукуралык менен беттешет. Нукуралыкты, Юнус Эмре “Бир мен бар, мендеги менин ичимде” деп сүрөттөйт. Ар бир адамдагы чыныгы же нукура “мен” - өзүн да өзгөнү да сыйлай билет, бардык жандыктарга жана заттарга болгон жоопкерчилигин сезет. Анткени адеп-ахлак – жоопкерчиликти сезебилүү, адамдарга жана жашоого карата сый-урмат көрсөтүүгө үйрөтөт.

Адеп-ахлакты бир “кулк-мүнөз” катары колго ала турган болсок, ар бир адам, көпчүлүк тарабынан кабыл алынган орток баалуулуктардан пайдаланып өзүнө гана тиешелүү болгон “мен” деген нукуралыкты түптөөгө тийиш экендигин көрөбүз. Кишинин кулк-мүнөзү туура чөйрөдө гана жакшырат. Кулк-мүнөздү өнүктүрбөгөн чөйрөдөн оолак болушу керек. Адам өз кишилигин калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн жакшылыкка жанашып, жамандыктан оолак болууга тийиш.

# 6 Коомдун Калыптануусунда Адеп-Ахлактык Баалуулуктардын Ролу

Адеп-ахлак – адамдардын ортосундагы мамиленин негизи түзөт. Адамзат бир гана адеп-ахлактык баалуулуктардын негизинде жашап кете алат. Адам коомго кошулбастан өзү жалгыз,жашай албайт. Анткени адам – тубаса коомдук бир жандык б.э.

Бир коомдо адептүү, жакшы мүнөздөгү адамдардын болушу – ал коомдогу адеп-ахлактык баалуулуктардын калыптанышына көз каранды. Адептик сезимдердин күчөтүлүүсүндө адамдар биргелешип иш алып барууга тийиш. Анткени адамдар бири- биринин мүнөзүнүн өсүп-өнүгүшүнө түздөн-түз таасирин тийгизе алышат. Адамдардын бул өз ара таасир берүү учурунда адеп-ахлактык баалуулуктардын үйрөтүлүшү – коомдун ар тараптан өсүп-өнүгүшүнө түрткү болот.

**Ой Жүгүртүү**

- Адам, башка бирөөнү кемсинтүү аркылуу өзүн жогорулата албайт. Мисалы: сатып алуучуларынын укугун көзгө илбеген соодагер, кыска убакыттан соң кардарсыз калышы мүмкүн. Ошол үчүн адеп-ахлактык баалуулуктарды карманбай туруп, туура кыймыл- аракет/мамиле жасоо жана адеп-ахлак жактан жогору коомду түзүү мүмкүн болбойт.
- Адеп-ахлак жакшы өнүкпөгөн бир коомдо чыр-чатак, башаламандык жана анархия басымдуулук кыла баштайт. Алтургай убакыттын өтүшү менен ал коомду мыйзамдар аркылуу да ирээтке келтирүүгө мүмкүн болбой калат.

Бир адамдын башка адамга сый-урмат көрсөткөнү – эң негизги адептик баалуулуктардын бири. Так ушул себептүү адеп-ахлак – бир кишинин өзүнүн кыймыл-аракетине, кылык-жоругуна көңүл бурушун о.э. экинчи тарап менен деңгээлдүү мамиле түзүшүн түшүндүрөт.

**Ой Жүгүртүү**

Бактылуулук – башкалар менен бөлүшкөн сайын көбөйөт.

Адам баласынын бактылуулугу, коомго аралашуу аркылуу гана көбөйүшүн; жалгыз абалда кыла албаган иштерибизди бирөөнүн жардамы менен оңой ишке ашыра аларыбызды, бири-бирибиздин мүшкүлдөрүбүздү бөлүшүү менен жашоону оңойлото аларыбызды, о.э. жалгыз күрөшө албаган кыйынчылык менен азапты жеңип өтүү үчүн биргелешип, шериктешип күрөшүүбүз керектигин унутпашыбыз зарыл.

# Бөлүмдө Жыйынтыктоо

Адеп-ахлак - бул адамдардын өз ара мамилелеринде баш ийүүлөрү керек болгон кыймыл- аракет тариздери жана эрежелери деп эсептелинет. Адамды башка жандыктардан обочолондуруп турган эң маанилүү өзгөчөлүгү - бул анын ирадасынын (тандоо күчү) бар болгондугунда. Ирада - бул адамдын чечим чыгаруусун камсыздып турган күч болуп эсептелет. Кыйлмыл-аракеттерибизди өз каалообуз аркылуу жөнгө сала алгандыгыбыз - биздин эркин бир жаратык экендигибизди айгинелеп турат. Адамдын эркин жана жоопкерчиликтүү кыймыл-аракеттерди жасоосу- анын адептик нормаларга маани берген бир жаратык/барлык экендигинин көрсөткүчү болуп эсептелет. Адеп-ахлак эң негизинен эки тараптып мамилелешүүдө ортого чыгат. Эки тараптык маилелерде тараптардын кыймыл-аракеттерин жөнгө салып турган принциптерди - адеп-ахлактык баалуулуктар деп атайбыз. Мына ушул себептүү баалуулуктарды карманып жашоо б.а. баалуулуктарды жашатуу - адеп-ахлактуу болуу деген менен бирдей мааниге келет. Адеп-ахлактык баалуулуктар адамдын кулк-мүнөзүн оңдойт. Анткени адеп-ахлактык баалуулуктар – адам болуунун же болбосо инсаний баалуулуктары катары көрүлөт. Адеп-ахлактык баалуулуктар бир коомдо канчалык отурукташса жана өсүп-өнүксө ал коом адеп-ахлактык жактан ошончолук өсүп-өнүгөт дегендик. Адеп-ахлактык баалуулуктар таасирдүү боло албаган коомдо бытырандылык, башаламандык жана анархия күчөй берет.

## Бөлүмдү Анализдөө

1. Эмне үчүн адеп-ахлактуулука муктажбыз?
2. Адеп-ахлак – бул чогуу жашоонун конкреттүү жолу экенин кандай түшүнөсүз?
3. Адеп-ахлактык баалуулуктардын жашообуздагы ролу эмне?
4. Адеп-ахлактык баалуулуктардын кулк-мүнөздүн өсүп- өнүгүүсүндө кандай таасири бар?
5. Адеп-ахлактык баалуулуктардын коомдун өсүп-өнүгүүсүндө кандай таасири бар, мисалдар менен түшүндүрүңүз?

## Жыйынтыктоочу Суроолор

**1. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы бир коомдун ичинде адамдардын баш ийүүсү керек болгон кыймыл- аракет таризи жана эрежелери болуп саналат.?**

А) Үрп-адаттар

Б) Жоопкерчилик

В) Адеп-ахлак

Г) Ич туюм (интуиция)

**2. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы кыймыл- аракеттербизди багыттаган, жашообузга багыт көрсөткөн же болбосо кантип жашоо керектигин бизге үйрөткөн принциптер болуп саналат.?**

А) Илимий маалыматтар

Б) Адеп-ахлактык баалуулуктар

В) Аңгемелер

Г) Ички сезимдерге таянган кыймыл-аракеттер

**3. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы бир адамдын өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүгү, аны башкаларынан айырмалап турган негизги өзгөчөлүк же болбосо ал адамдын кыймыл-аракетин жөнгө салган негизги өзгөчөлүк деген маанини туюндурат?**

А) Жоопкерчилик

Б) Жыныс

В) Түзүлүш

Г) Кишилик/Мүнөз

**4. Коомдун өсүп-өнүгүүсү үчүн адеп-ахлактык баалуулуктарга муктаждык бар. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы бул муктаждыкты чагылдырбайт?**

А) Адам коомдук бири жаратык болгондугу үчүн

Б) Гармониялуу бир коом түзүү үчүн

В) Адамчы жашоо үчүн

Г) Ич туюмдарыбызга ылайыктуу түрдө жашоо үчүн

**5. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысын, адеп-ахлактык принциптер отуруктташып, өнүгүп калган коомчулукта жолуктурууга болбойт?**

А) Бул коомдо жамандык жана башаламандык жайылган.

Б) Бул коомдо бир туугандык сезими отуруктташкан.

В) Бул коомдо өз ара жардамдашуу кеңири тараган.

Г) Бул коомдо жакшы иштерде өз ара кызматташуу деген нерсе бар.

адеп-ахлак

адеп-ахлак

II

# БӨЛҮМ

# Исламда Адеп-Ахлак

1. Дин Менен Адеп-Ахлактын Байланышы
2. Исламда Адеп-Ахлак
3. Исламда Адеп-Ахлактын Мааниси
4. Ыйман, Ибадат жана Адеп-Ахлактын Өз Ара Байланышы

## БӨЛҮМ ТУУРАЛУУ

Ислам дини адамдарга эки дүйнөдө да жыргалчылыка жеткире турган бир жашоо образы сунуштайт. Мына ушул сунушка моюн сунган адам, Ислам адеп-ахлагына ээ болот. Диндин буйругуна ылайык жашагандар, адеп-ахлактуу жашоону тандаган болушат. Адеп-ахлак, ыйман менен тыгыз байланышта жана анын булагы - дин. Куран Карим, Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын жашоосу жана айткан сөздөрү – Ислам адеп-ахлагынын негизин түзөт. Ислам адеп-ахлагы – адамдарды жана ар бир коомду, Улуу Жараткандын ыразычылыгына жараша жашоосун жана бактылуулука жетүүсүн көздөйт. Исламдын максаты, өзүнүн негиздерине шайкеш келген адеп-ахлак системасын орнотуу, ошондуктан ыйман, адеп-ахлак жана ибадат түшүнүктөрүнүн арасында тыгыз байланыш бар.

Жогоруда да кыскача айтылгандай эле бул бөлүмдө дин менен адеп-ахлактын байланышы; Исламда адеп-ахлак, анын маани маңызы; Адеп-ахлактын булактары; Исламдын адеп-ахлака берген мааниси жана ыйман, ибадат жана адеп-ахлактын өз ара байланышы колго алынат.



## ПЛАН

Бул бөлүмдүн соңунда;

1. Дин менен адеп-ахлактын байлашын айтып берүүгө,
2. Ислам дининдеги адеп-ахлактын негизги булактарын үйрөнүүгө,
3. Исламда адеп-ахлактын маани-маңызын айтып берүүгө,
4. Адеп-ахлактын, жеке адамга, коомго жана глобалдык масштапта бардык жандыктарга алып келген пайдаларын айтып берүүгө,
5. Ыйман, ибадат жана адеп-ахлактын өз ара байланышын айтып берүүгө жетишесиз.

## ОКУУ ЭРЕЖЕСИ

Бул бөлүмдү окуунун эрежеси;

1. План коюп окуу жана тиешелүү бөлүмдү анализдөө.
2. Бөлүмдө берилген тапшырмаларды аткаруу.
3. Китептин соңунда көрсөтүлгөн булактардан пайдалануу.

**Изилденип-Үйрөнгүлө**

"Дин бул - жогорку адеп-ахлак" деген түшүнүктүн мааниси кандай?

# 1 Дин менен Адеп-Ахлактын Байланышы

Дин жана адеп-ахлак, илгертен бери тыгыз байланышта болгондуктан аларды бир-биринен ажыратып кароого болбойт. Адеп-ахлак диндин борбору болгон үчүн, андыктан динди, адеп-ахлаксыз элестетүүгө болбойт. Диндин негизин Аллах Тааланын ыраазычылыгына ээ болууга умтулган адеп-ахлак түзөт.

**Ой Жүгүртүү**

- Исламдын башкы максаты адеп-ахлактуу инсан жана коом жаратуу.
- Ыйык динибиз Ислам, инсандарга адеп-ахлактык бир жашоо ыкмасын сунуу менен бирге алардын адеп-ахлагын чыңдайт. Чынында, Пайгамбарыбыз адеп-ахлактын коoздуктарын толуктоо үчүн бул ааламга жиберилген.

Дин, инсандын адамдык сапатын өнүктүрүүнү көздөйт жана анын жүрүм-турумун көзөмөлдөйт. Ошондуктан дин жашоонун бардык тараптарына ылайык адеп-ахлактык баалулуктарды камтыйт. Дин дайыма, адеп-ахлактык жашоого чакырат. Ошол үчүн динди: "адамдар, бакытка жетүү үчүн ишенген жана анын өкүмдөрүн жашоосунда чагылдырган адеп-ахлактык баалулуктардын баардыгы" деп түшүнсө болот. Бул аныктамадан; жогорку жана бийик даражадагы нерсе, адеп-ахлактык негизге туура келген нерсе деген түшүнүк келип чыгат.

Дин, Аллахка ишенүү принцибинин негизинде; инсандын өзүнүн, башка адамдардын, жада калса башка жаратыктардын алдындагы милдетин үйрөткөн, негизги жол көрсөткүч болуп саналат. Дин инсандарга кайсыл идеалдуулукка багыт алышы, кандай жүрүм-турумга жана кулк-мүнөзгө ээ болушу керектиги жөнүндө маалымат берет. Дин, адамдардан адеп-ахлакка сугарылган жашоону талап кылат.

Инсандардын өз ара мамилеси кандай болушу керектигин түшүндүргөн эрежелердин топтому болгон жана дин сунуштаган адеп-ахлак, инсандын бактылуу болушун көздөйт. Анткени диний чакырык, адеп-ахлака ээ болгон бактылуу инсанга арналган. Инсандар ушул чакырыкка баш ийүү менен гана бакытка жетет. Диндеги эң жогорку баалуулуктун булагы – Аллах болуп саналат. Анын буйруктары болсо адеп-ахлактын дал өзү. Ошондуктан диндеги адеп-ахлакка ээ болуу жалгыз гана диндин өкүмдөрүнө баш ийүү менен болот. Ушул себептен улам диндар инсан, ахлактык милдетин аткаруу менен сооп табарын; адеп-ахлак эрежелерин бузганда болсо күнөөкөр болоорун эсинен чыгарбашы керек.

Дин бизге бул дүйнөдөн сырткары; белгисиз, биз көрө албаган жана азыркы жашообузга тиешелүү башка ааламдан да кабар берет. Демек, жашоо, диндин негизинде

талкууга алынса, ааламдын кең жана баалуу экенин түшүнсө болот. О.э адамдын адеп-ахлак жөнүндөгү ой пикири өнүгүп-өөрчүйт.

**Ой Жүгүртүү**

- Дин, адеп-ахлактык жашоонун мазмунун бизге тушүндүрөт.
- Дин, жогорку сапаттагы адеп-ахлактык жашоонун мисалдарын Пайгамбарлар аркылуу адамдарга көрсөтүп берет.

Инсандар адеп-ахлактын кандай болушу керектигин Пайгамбарлардын жүрүм-турумунан үйрөнө алышат. Адеп-ахлакка жетүү үчүн ар тараптан Пайгамбардарды үлгү алуу керек. Пайгамбарлардын жашоосу адамга жашоонун жеңилдиктерин сунуштайт. Андыктан, үлгү болбосо адеп-ахлактык жашоого ээ болуу татаал.

## 2 Исламда Адеп-Ахлак



**Ой Жүгүртүү**

- Ислам дини, адамзатка өзгөчө жашоо образын сунуштайт. Инсандардын кандай жашашы керектигин, кандай жашаса бакытка жете алаарын көрсөткөн жол-жобо сунуштайт.
- Исламда дининдеги адеп-ахлак, бир адамдын Ислам дини сунуштаган баалуулуктарды/жоболорду тандоо менен аларды чын ыкласы менен аткаруу болуп саналат.

Исламда адеп-ахлак динден айрылгыс болгон үчүн диндин негизинде түптөлөт. Исламий жактан алып караганда адеп-ахлактын жол-жоболорунун арасында: жалгыз эле акылга таянган эрежелер эмес, инсан табиятына ылайык келген сезимдер да бар. Исламдагы адеп-ахлак, инсандын табияты, тажрыйбасы жана акыл-эсине негизделген. Анткени инсан табиятынын түпкүрүндө адеп-ахлак сезимдери бар. Инсан, тажрыйбасынын жардамы менен адеп-ахлак сезимдерин адамзатка пайдалуу жана керектүү нукка бура алат.  Акылын колдонуу менен болсо адеп-ахлакты белгилүү системага салып башкаларга түшүндүрүп бере алат.

Исламдын негизги максаты инсандарды акыйкатка, чындыкка алып баруу болуп саналат. Ошондой эле инсандардын чынчыл, ишенимдүү жана ак ниеттүү болушун көздөйт. Адеп-ахлагы жогору жана адамгерчиликтүү адамдар гана чындыкка күбө келтире алышат жана акыйкаттын тарабында болушат. Ислам, адеп-ахлактык жашоону, ыйман жолунун уландысы катары көргөндүктөн, жашоонун ибадат, адеп-ахлак жана ыйман сыяктуу негиздерин бир-биринен бөлүп кароого болбостугун билдирет.

“Эгер адеп-ахлактуулук жакшылыктын өзү болсо, Жүзүн Чыгышка, же Батышка буруу эле жакшылык болуп калбайт. Жакшылык бул – Аллахка, Кыямат Күнүнө, Периштелерге, Китептерге, Пайгамбарларга ыйман келтирүү. Жакындарына, жетимдерге, кедейлерге, жолоочуга, тилемчилерге, күң-кулдарга, жакшы көргөнүнө карабай мал-дүнүйөсүн бергендер, намазын толук окугандар, садака бергендер; эгер убада берсе убадасына тургандар; кедейликте, кырсыкта жана согушта сабырдуу болгондор. Ушул айтылгандарды аткаргандар – чынчылдар, мына ушулар – такыбалар” (Бакара 2/177).

Исламда ыймандын жана адеп-ахлактын кандай болуу керектигин, туптуура жолдо жүргөн жана жогорку даражадагы адеп-ахлакка ээ болгон Пайгамбарыбыздан үйрөнө алабыз. Ал, “Мен жогорку адеп-ахлакты толуктоо үчүн жөнөтүлдүм” (Малик; Муватта, “Хуснул-Хулук”, 8, II/904) деген сөзү менен адеп-ахлактын - Ислам дининин булагы болуп саналаарын жарыялаган.



Исламдагы адеп-ахлак принциптери Ыйык Курандын аяттарында да, Аз. Пайгамбардын сөздөрүндө да баардык адамдар түшүнгүдөй таризде жазылган. Бул принциптер, Аллахка ыйман келтирген адамдын, өзүнүн жана тегерегиндегилердин алдындагы милдети жана жоопкерчили болуп саналат.. Ошондой эле бул принциптин арасында: үй-бүлөсүнүнүн, өлкөсүнүнүн, мамлекетининин, руханий жана материалдык чөйрөсүнүнүн алдындагы милдеттери жана жоопкерчиликтери бар. Исламдагы адеп-ахлак принциптери, инсандарды жакшылык кылууга, жамандыктан баш тартууга жана жоопкерчиликтүү болууга үндөйт.

Жалпысынан алып караганда, ибадат дагы, инсанды жамандыктан алыстатат жана адеп-ахлагын бекемдейт. Ошол үчүн, адамдын жана коомдун сапатын жогорулаткан, сый урматка ээ кылган жүрүм-турумдун баардыгын, адеп-ахлак деп эсептөөгө болот.

Адеп-Ахлактын Аныктамасы жана Табияты

Адеп-ахлак термини Арап Тилиндеги "хулк" сөзүнүн көптүк түрүнөн алынган. Хулк деген сөз – "дин, табият, мүнөз жана кыял-жоорук" деген маанилерди түшүндүрөт. Сөздүк мааниси, дин, мүнөз, кыймыл-аракет болгон адеп-ахлак, инсандагы адамдык сапаттарды жана кыял жоруктарды түшүндүрөт.

**Ой Жүгүртүү**

- Адеп-ахлак, адамдын табиятында бар болгон адат болгондуктан; инсандардын жүрүм-туруму атайы эмес адаттагыдай эле жол менен пайда болот.



Жогорудагы аныктамадан улам төмөнкү натыйжаларды чыгарса болот:

1. Адеп-ахлак; инсандын кыймыл-аракетинен мурда, бул кыймыл-аракеттердин булагын түзгөн руханий баалуулуктардын бардыгы. Үшул себептен улам адеп-ахлактык кыймыл-аракеттер; адеп-ахлактын өзү эмес, кыймыл-аракеттердин жыйынтыгы деп эсептесе болот.
2. Адеп-ахлак жалгыз гана жакшы мүнөз жана жөндөмдүүлүк эмес; сөздүк маанисине карата жакшы-жаман бардык кыял-жоруктарды камтыган термин. Ошондуктан адамдын мүнөзү жакшылыктарга бай болсо - "адеп-ахлагы жакшы" ал эми жамандыктарга толо болсо- "адеп-ахлагы жаман" деген ысым менен аталат.
3. Адеп-ахлак инсанда убактынчалуу кездешүүчү абал эмес, ал инсандардын руханий түзүлүшүндө адатка айланган жөндөмдөрдүн бүтүнү болуп саналат. Адеп-ахлактын бул өзгөчөлүгү, кыймыл-аракеттерибиздин улантылып турушун камсыз кылат.
4. Адеп-ахлак, инсанды ойлонбостон, зордук-зомбулуксуз, мажбурлабай туруп, милдетин өз каалоосу менен аткарууга үгүттөйт. Өздөштүрүлгөн жана ыктыярдуулук менен аткарылган нерселер, адеп-ахлактын өнүгүп өсүшүнө жардам берген элемент болуп саналат, анткени адеп-ахлактын – таалим тарбиясынын негизинде, эрктүүлүк бар.

## Исламий Адеп-Ахлактын Булактары

Ислам дининдеги адеп-ахлак, жашоону жакшы нукка бурган жоболордон түзүлгөн. Бул жоболордун негизги булагы: Куран-ы Карим жана Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммеддин жашоосу менен хадистери б.э.

Куран-ы Карим

**Ой Жүгүртүү**

- Ислам udininде адеп-ахлактын биринчи булагы Куран-ы Карим болуп саналат.. Куран-ы Каримдеги баалулук менен жакшылыктар, Исламдагы адеп-ахлакты билдирет.
- Куран-ы Карим, инсандын жекече жана коомдук өзгөчөлүктөрүн (адамдык сапат) эске алат жана аны адеп-ахлакка жеткире турчу куралдарды санап өтөт.
- Куран-ы Карим, инсандын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен бирге ишеним көргөзгөн инсандын аң сезимин толуктоого аракеттенет. Бул аң-сезимди, Курандын өзөгүн түзгөн ыйман, ибадат жана адеп-ахлактын негизинде адамдардын өз ара мамиле түзүү демилгесинде көрүүгө болот.

Куран-ы Карим, адеп-ахлактык баалулуктарды, жакшылыкты жана жамандыкты эң соонун таасир кылуучу сөздөр менен түшүндүрүп берет.

“Эй, ыймандуулар! Шектенүүлөрдүн көпчүлүгүнөн арылгыла. Анткени, айрым шек саноолор – күнөө. Бири-бириңерди аңдыбагыла жана бири бириңерди артыңардан тилдебегиле. Силердин араңардан ким өлгөн бир тууганынын этин жешти жакшы көрсүн?! Силер аны жактырбайсыңар! Алладан корккула. Чындыгында Алла – тооболорду Кабыл Кылуучу, Боорукер” (Хужурат 49/12)

Куран-ы Карим, алгач жакшы жана жаман жоруктарды түшүндүрүп берет, мындан кийин, инсандардын эки жолдун кайсынысын тандаган болсо ошого жараша акыбети болоорун кабарлайт. Ушул жол менен инсандын, өзүнүн кыймый-аракеттерине жана жүрүм-турумдарына кылдаттык менен мамиле жасоосуна шарт түзөт. Куран жакшылыкка жана ак-ниеттүүлүккө чакыргандыктан адамдын руху менен дилин, адепке сыйбаган ниет жана ойлордон алыстатууну көздөйт. Куран-ы Карим дайыма ыйман жана жакшы амалга басым жасайт жана адамдарды, Ислам динине уйкашкан өмүр сүрүүгө үндөйт.

## Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммеддин (с.а.с.) Өмүрү жана Хадистери

Ислам адеп-ахлагынын экинчи булагы Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммеддин (с.а.с.) жашоосу жана хадистери, башкача айтканда Сүннөтү болуп эсептелет. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз, Аллах Тааланын буйруктарын адам баласына кемчиликсиз жеткирген жана өзү, ушул буйруктарды жогорку даражада аткарган үлгүлүү инсан.

**Ой Жүгүртүү**

- Өзгөчө жана өзүнчө жашоо образына айланган адеп-ахлак, Аз. Пайгамбардын личностунда тунуктукка жеткен. Ал, Ислам дини тарбиялап өстүрүүнү каалаган "ар тараптан өнүккөн инсан" үчүн өрнөк болуп эсептелет. Ошондуктан Пайгамбарыбыздан үлгү алуу, мусулман үчүн, адамдык жана диний парыз болуп саналат.
- Улуу Аллах Таала, Пайгамбарыбызга: "Сен – улуу кулк-мүнөз ээсиң" (Калам 64/4) деп кайрылат, инсандарга болсо: "Чындыгында, силер үчүн да, Алланы, акырет күнүн үмүт кылгандар жана Алланы көп эске алган адамдар үчүн да – Алланын элчисинде көркөм өрнөктөр бар" (Ахзаб 33/21) деп айтуу менен, Пайгамбарызыды өрнөк алышыбыз керектигин буюрат.

Жакшы адеп-ахлакты толуктоо үчүн жөнөтүлгөн мээримдүүлүктүн Пайгамбары Аз. Мухаммед (с.а.с.), жашоо-турмушу жана сүннөтү менен адеп-ахлактын окутуучусу болуп калган. Анын бизге үлгү экенин, Пайгамбарыбыздын Ислам дининин негизине ылайык жашап өткөнүнөн байкоого болот. Анын адеп-ахлак боюнча таалим- тарбиясын үйрөнүү үчүн, анын жашоо-турмушун кызыгуу менен талдап окуп чыгуу керек.



**Кезек Сизде**

Бул тема боюнча мындай суроолор ойго келбей койбойт: Пайгамбарыбыз 14 кылым мурун жашаган болсо, ал жашаган маданият жана географиядан узак жашаган адамдардын, Пайгамбарыбызды өрнөк алуусу мүмкүнбү? Эгер мүмкүн болсо, бул кантип болот? Бул суроонун жообун чогуу тапкыла.

Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммедди (с.а.с.) үлгү алуу, мусулмандардын адамдык жана диний парзы. Ошондуктан ал, ар бир доордун өрнөк жана үлгүлүү инсаны. Аны чын-дилден өрнөк алуу үчүн кээ бир шарттардын аткарылышы керек. Бул шарттардын башында Куран Керимди үйрөнүү турат. Анткени Аз. Пайгамбардын жашоосу, Курандын өзү болуп саналат.. Ошондой эле анын жашоосун, Курандын жандуу тафсири деп айтсак болот. Аз. Айша, "Пайгамбарыбыздын адеп-ахлагы кандай эле?" деп сураган адамдарга: "Анын адеп-ахлагы – Куран эле" (Али ал-Каари, Шархуш-шифа I/222)–деп жооп бергени белгилүү. Ошондуктан Куранды үйрөнүү, Пайгамбарыбыздын эмне үчүн үлгүлүү инсан болгонун толугу менен түшүнүп жетүүнүн бирден бир жолу болуп саналат..

Сүйүктүү Пайгамбарыбыздан өрнөк алуунун экинчи маанилүү шарты; анын көйгөйдүү маселеге туш болгондо өзүн алып жүрүүсүн так билүү болуп саналат.. Бул нерсе, анын өмүрүн үйрөнүү менен ишке ашат. Анткени, Аз. Пайгамбардын жашоосу, диний буйруктардын жана Алла Таала жиберген вахийдин, адам жашоосуна ылайыкташтырылган конкреттүү мисалы болуп саналат.. Куран-ы Каримди, Аз. Пайгамбардын өмүрүн жана хадистерин таанып билүү, бизге андан, кантип үлгү ала алаарыбызды үйрөтөт.

Бүгүнкү күндө Ислам адеп-ахлагынын - кандай экенин о.э. анын баалуулуктарын түшүнүүдө жана аларды өзүбүздүн маданий мурасыбызга кошууда, эң биринчиден Исламдын булактары: Куран-ы Каримди жана Сүннөттү таанып билүү керек болот. Ошону менен бирге, Ислам дининин XV кылымдык тарыхын жана коомдук тажрыйбасын эске алуу шарт. Андан соң, Мусулмандардын каада-салттары менен үрп-адатын да изилдөө керек.

**Кезек Сизде**

Бизге чейин жашап өткөн мусулмандардын каада-салттарын үйрөнүп чыгуу, Исламдагы адеп-ахлакты жаңыртуу жана бүгүнкү күндүн шартына ылайыкташтырууга тоскоолдук кылбайбы? Бул суроону араңарда талкулагыла.

# 3 Исламда Адеп-Ахлактын Мааниси

**Ой Жүгүртүү**

- Ислам, адамзаттын бул дүйнөдө туура жолдон адашпай, Жараткан менен байланышын үзбөй жашоосу үчүн жөнөтүлгөн баалуулуктардын топтому болуп эсептелет. Бул баалуулуктардын баардыгын өздөштүрүп жашоо, Исламдагы адеп-ахлак куралдарын ылайык жашоо болуп саналат..
- Ислам, эң жогорку адеп-ахлакты орундатуу үчүн адамдарга жөнөтүлгөн акыркы дин.
- Ислам дининдеги ыйман менен ибадаттардын негизги максаты, инсандын адеп- ахлагын өнүктүрүү болуп саналат..

Ислам, ааламдагы баардык жаратыктардын арасындагы биримдиктин жана ирееттүүлүктүн орнотулушу үчүн адеп-ахлакка көп маани берет. Ошондуктан Исламдагы адеп-ахлак, жалгыз гана инсандардын өз ара мамилесин эмес, адамдын башка жаратыктар менен болгон мамилесин да көзөмөлдөйт.

**Кезек Сизде**

Ислам дининдеги адеп-ахлактын, баардык жаратыктардын мамиле курруусуна тийгизген таасирин, араңарда талкуулагыла!

## Адеп-Ахлактын Жеке Адамга Пайдасы

Инсандын табияты, Исламдагы адеп- ахлактык негизге ылайыктуу болуп жаратылган. Андыктан Исламий адеп-ахлак, жогорку даражада жаратылган инсанга, ылайык көрүлгөн эң жогорку баалуулуктарды тартуулайт. Себеби инсан, Исламдын көзүндө: жаратыктардын арасынан эң жогоркусу, эң сымбаттусу жана Алла Тааланын эң кооз эмгеги болуп саналат.. Ошондуктан инсандар жактырып, өз ыктыяры менен өздөштүрүшсүн деп тартуу кылган Исламий адеп-ахлак, даражасы жана мартабасы улук болгон инсандын ар тараптан өсүп-өнүгүүсүн көздөйт. Башка нерселердин баалуулугу болсо, адамдын жашоосундагы оорду жана тийгизген таасирине карап бааланат.

**Ой Жүгүртүү**

- Куран-ы Карим, адамга өзүнүн личносттук өзгөчөлүктөрүн таанытып, ой жүгүртүүсүнө көмөктөш болот.
- Ислам дини тарбиялап жетиштирчү адам, текебердиктен кутулуп, бул дүйнөгө келүү себебин ошондой эле мүмкүнчүлүктөрүн талдай билген инсан болуп саналат.. Себептерди аңдап түшүнө алган адам, албетте өзүн адеп-ахлактык жактан өнүктүрүүгө аракет кылат. Мына ошондуктан адеп-ахлактын, бирөө зордоп же кыйнап милдет кылып жүктөп койгон нерсе болбогонун, адеп-ахлактын адамдын табиятында (фытратында) эзелден эле бар болгон сапат экенин түшүнүүгө болот.

Ислам дининдеги адеп-ахлак негиздери, адамдын өздүк мүмкүнчүлүктөрүн таанып билүүсүнө жардам берет жана адамдыктан чыкпай туура жашоосун үйрөтөт. Бул дүйнөдө пайдалуу деп эсептелген адамдар, адептүүлөр же адеп-ахлакты толугу менен өздөштүргөн момундар болуп саналат.. Ошондуктан, Аллахка сый урмат көрсөтүү деген принципке таянган, жеке адамга тиешелүү болсун коомчулукка тиешелүү болсун адамдын даражасынын жана баалуулуктарынын бийиктеши, бир гана адеп-ахлакка байланыштуу.

**Кезек Сизде**

Адептүү адамды бирөө башкарбайт, анткени ал өзүн-өзү контролго алганды билет. Бул сүйлөмдүн мазмуунун араңарда талкуулагыла.

## Адеп-Ахлактын Коомго Пайдасы

Адам био-социалдык жандык болгондуктан, белгилүү бир коомдо жашайт. Адам, бактылуулукка жана кадыр-баркка жетип жашоосун улантуусу үчүн социалдык тартип бузулбашы керек. Социалдык тартиптин сакталышы үчүн, коомдун мүчөлөрү, тагыраак айтканда адамдар милдеттерин, бул дүйнөгө келүү себептерин жакшы өздөштүрүшү керек. Ошондой эле коомдук структурага коркунуч алып келүүчү кыймыл-аракеттерден узак болуулары шарт. Качан гана адамдар, коомго зыяны тийген кыял-жоруктардан оолак болушса, коомдук нук сакталат. Мына ошондуктан адеп-ахлак, адамга өзүнүн жана коомдун алдындагы парзын билип, ыраатуулукту буйзбай жашоо мүмкүнчүлүгүн берет. Аз. Пайгамбарыбыз адеп-ахлактуу адам жөнүндө төмөндөгү сөздөрдү айткан:

“Момун-мусулман киши, адамдар менен тыгыз байланыш кура алат. Жанга жакын адам боло албаган же ушундай адамдарды жакынына жолотпогон адамдан, жакшылык күтүү туура эмес” (Ахмад, Муснад II, 400).

Динибиз, адеп-ахлагы жогору жана таза жашоого тың болгон коомчулукка маани берет.

**Ой Жүгүртүү**

Исламдын көңүл борборундагы коомчулук, жакшылы жана аруу иштерге үндөгөн, жамандык менен ыпластыкка каршы күрөшкөн коом. Мына ушул өзгөлүгү менен башка коомчулукка үлгү боло алган коом, Ислам дини эңсеген коом болуп саналат.

Бардык жарандарга модел боло алган коомду түзгөн адамдар: такыбалык жана жакшылык кылууда дайыма жардам колун узаткан, өзү үчүн каалаган нерсени башкаларга да талап кылган (суранган), мамлекеттинин кызыкчылыгын өз кызыкчылыгынан бийик койгон, жакшылыкка жанаштырган, жамандыктан адаштырган, адеп-ахлактын баалуулук менен коздуктарын табиятына сиңирген жогорку билимдүү болушат.

## Адеп-Ахлактын Ааламга Пайдасы

Ислам дини, адам баласынын жашоо-шартын жакшыртуу менен, коомдун жана дүйнө жүзүн жакшыртууга аракет кылат. Жакшыртуунун, личносттун жашоосунан башталып бүткүл ааламга узартылышы, дүйнөлүк масштабга ээ. Ошондуктан Исламдагы адеп-ахлак, дүйнөлүк деңгээлдеги адеп-ахлак системасы болуп саналат.. Дүйнөнү жакшыртууга бөгөт тоскон кыймыл-аракеттерди Куран-ы Карим сынга алат. Улуу Аллах Тааланын: “Ал (жаныңдан) кеткенден кийин, жер бетинде бузукулук кылуу үчүн, эгиндерди жана жаш муунду кыйратууга аракет кылат. Аллах бузукулукту жакшы көрбөйт” (Бакара 2/205) деген буйругу бекеринен айтылган эмес.

**Ой Жүгүртүү**

- Исламдагы адеп-ахлак принциптери, жалпы адамзатка жана жаратыктарга тиешелүү болгондуктан, дүйнөлүк (глобалдык) масштабдагы куралдар болуп эсептелет.
- Ислам дининдеги адеп-ахлактын дүйнөлүк өзгөлүктөрү: жашоону, жаратылышты урматтоо, эң негизги укуктарды коргоо, жакшылыкка чакыруу, кең пейилдүү болуу, материалдык жана руханий жактан тазалыкты сактоо, мээримдүү жана адилеттүү болуу сыяктуу жогорку сапаттагы баалуулуктарды ичине камтыйт.

Ислам дининдеги адеп-ахлактын дүйнөлүк деңгээлде экени, анын Аллах тарабынан буйрук кылынганында жатат.

## 4 Ыйман, Ибадат жана Адеп-Ахлактын Өз Ара Байланышы



**Ой Жүгүртүү**

- Чыныгы момундун ишеними менен адеп-ахлагы бири-бирине уйкаш болот.
- Ыйман инсандын кыймыл-аракетине өзгөчө аң сезим алып келет. Кыймыл аракеттеги аң сезим, ибадаттардын жардамы менен жогорку ахлактуулукка жетет. Мына ошондо адам адеп-ахлактуу момун статусуна жетет. Демек, ыймандын, ибадаттын жана адеп-ахлактын бири-бири менен тыгыз байланышы бар.

### Ыйман менен Адеп-Ахлактын Байланышы

Ислам592 дининде, ыйман менен адеп-ахлактын тыгыз байланышы адамдын сүйлөгөн сөзү менен кылган кыймыл-аракетиндеги шайкештиктен улам келип чыгат. Чындыкты сүйлөгөн адамдын акыйкаттуу болушу сыңарындай. Ыйман менен адеп-ахлактын бүтүндүгү, Куранда төмөндөгүдөй сүрөттөлөт:

“Биздин Эгебиз Алла гана”, – деп айтып, кийин бекем турушкандарга каралык болбойт, кайгыруу да болбойт(Ахкаф 46/13).

“Чындыгында: “Эгебиз Алла”, – деп, бекем тургандарга периштелер түшүп: “Коркпогула! Кайгырбагыла! Силерге убада кылынган Бейиш аркылуу кубанычка бөлөнгүлө” (Фуссилат 41/30).

Ыйман менен адеп-ахлактын бүтүндүгүн даңазалаган Ислам дини, ыймандын адамдын кыймыл-аракетинин жаны, руху экенин эскертет. Мындагы рух түшүнүгүн, адамдын, адеп-ахлактуулукка жетүүсүндөгү жана жашоо шартын жогорку сапаттагы кыймыл-аракети менен коождоого аракет кылуусундагы чечкиндүүлүгү жана нийет кылуусу деп түшүнсөк болот.

Ыйман менен кыймыл-аракеттин тыгыз байланышы бар экендигин билдирген Ислам дини боюнча, ыйманы бекем адамдын жогорку адепке ээ болоору, пайдалуу адамдын болсо жогорку адеп-ахлактагы инсан экени белгилүү. Ыймандуулуктун жана адеп-ахлактуулуктун кандай болоорун, “туптуура жүрүм-турумга жана жогорку сапаттагы адеп-ахлакка” ээ болгон Пайгамбарыбыздын жашоосунан көрө алабыз.

## Ибадат менен Адеп-Ахлактын Байланышы

Ибадат деген нерсе, бардык нерсенин Эгеси жана Жаратуучусу болгон Аллах Тааланын алдында, адамдын өздүгүн таанып билүүсү жана Ага таазим кылып баш ийүүсү.

Ибадаттын адеп-ахлак менен тыгыз байланышы бар экенин эскерткен Ислам дини, адамдын ишенимин кыймыл-аракетинде чыгылышы жана диний баалуулуктардын шартына жараша жүрүм-турумун өркүндөтүп өстүрүшү керектигин айтат. “Мага гана сыйынгыла – анткени бул эң туура жол!” (Йаа-сиин 36/61) деген аят, ыйман менен адеп-ахлактын байланышын корутундулап тургандай.

Ибадат адамдын жүрөгүндөгү ыйманды күчтөндүрүү менен анын адептүү болушуна өбөлгө түзөт. Мисалы беш убакыт намаз окуган адам, дайыма Аллах Тааланы эстейт жана ар кандай ыпластыктан узак жүрөт. Орозо кармаган адам болсо, мээримдүү болуу менен, өзүн жана оозун арам нерселерден тыят. Зекет берген адам, сараңдыктан кутулат, башкаларга жардам берип туруу керектигин түшүнүп жеткендиктен, өлкөсүнө пайда алып келет. Жыйынтыгында ибадат менен суугарылган ыйман, жогорку ахлактуулукка жеткирип, адамдын бул дүйнөдөгү маңызын түшүнүп жетүүсүнө жардам берет.

**Изилденели - Үйрөнөлү**

Мавлананын: “Бүткүл ааламды кыдырып чыктым, соңунда жогорку адеп-ахлактан дагы нарктуу нерсе тапкан жокмун” деген сөзүн араңарда талкуулагыла.

## Корутунду

Ислам динин негизги максаты, адеп-ахлагы жогору инсандар түзгөн коомду куруу болуп саналат.. Ислам дини адамга эң башта Алла Талаага баш ийүүсүн үйрөтөт. Мунун менен бирге өзүнүн, башкалардын жана башка жаратыктардын алдындагы милдеттерин билдирет жана жол көрсөтөт. Ислам дини адеп-ахлакка өтө чоң маани бергендиктен, ахлак куралдарын Аз. Пайгамбардын жашоосунан мисал берүү менен бизге түшүндүрөт. Аз. Мухаммед (с.а.с.) “мен жакшы адеп-ахлакты толуктоо үчүн жиберилдим” деп бекеринен айтпаган жана бул сөзү менен Ислам дининин жогорку адеп-ахлактын негизиндеги дин экенине басым жасаган.

Ислам дини, адеп-ахлактын булагы Куран Керимде деп айтат. Анткени Куран Керим адеп-ахлактын бардык түрүн бизге таасирдүү жана ачык-айкын кылып ачыктап берет. Исламдагы адеп-ахлактын кийинки булагы болсо Аз. Пайгамбарыбыздын “сүннөтү” (кыймыл-аракети, сөздөрү) болуп эсептелет.

Исламдагы адеп-ахлак системасы, өзүнүн дүйнөлүк деңгээлдеги оордун көрсөтүп, инсандын жашоо шартын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү менен, адам болуунун жол жобосуна ылайык жашоо образын сунуштайт. Мындай жашоо образында эң жакшы деп эсептелген адамдар, адеп-ахлактык жактан башкалардан жогору тургандар болуп саналат.. Эгер коомдун мүчөлөрү адептүү болсо анда ошол коомдо бейпил жана бактылуу жашоо өкүм сүрөт. Ислам дини, адамдын ишенимине ылайык адеп-ахлактык негизде жашоосун талап кылган дин. Анткени, Ислам dinиндеги туура жол, ыйман, ибадат жана адеп-ахлактын бүтүндүгүнөн келип чыккан жол болуп саналат..

Ибадат адамдын жүрөгүндөгү ыйманды күчтөндүрүү менен анын адептүү болушуна өбөлгө түзөт. Мисалы беш убакыт намаз окуган адам, дайыма Алла Тааланы эстейт жана ар кандай ыпластыктан узак жүрөт. Орозо кармаган адам болсо, мээримдүү болуу менен, өзүн жана оозун арам нерселерден тыят. Зекет берген адам, сараңдыктан кутулат, башкаларга жардам берип туруу керектигин түшүнүп жеткендиктен, өлкөсүнө пайда алып келет. Жыйынтыгында ибадат менен суугарылган ыйман, жогорку ахлактуулукка жеткирип, адамдын бул дүйнөдөгү маңызын түшүнүп жетүүсүнө жардам берет.

**Изилденип-Үйрөнгүлө**

Мавлананын: “Бүткүл ааламды кыдырып чыктым, соңунда жогорку адеп-ахлактан дагы нарктуу нерсе тапкан жокмун” деген сөзүн араңарда талкуулагыла!

## Бөлүмдө Жыйынтыктоо

Ислам динин негизги максаты, адеп-ахлагы жогору инсандар түзгөн коомду куруу болуп саналат.. Ислам дини адамга эң башта Алла Талаага баш ийүүсүн үйрөтөт. Мунун менен бирге өзүнүн, башкалардын жана башка жаратыктардын алдындагы милдеттерин билдирет жана жол көрсөтөт. Ислам дини адеп-ахлакка өтө чоң маани бергендиктен, ахлак куралдарын Аз. Пайгамбардын жашоосунан мисал берүү менен бизге түшүндүрөт. Аз. Пайгамбарызыбыз (с.а.с.) “мен жогорку даражадагы адеп-ахлакты толуктоо үчүн жиберилдим” деп бекеринен айтпаган жана бул сөзү менен Ислам дининин жогорку адеп-ахлактын негизиндеги дин экенине басым жасаган.

Ислам дини, адеп-ахлактын булагы Куран-ы Каримде деп айтат. Анткени Куран-ы Карим адеп-ахлактын бардык түрүн бизге таасирдүү жана ачык-айкын кылып ачыктап берет. Исламдагы адеп-ахлактын кийинки булагы болсо Аз. Пайгамбарыбыздын “сүннөтү” (кыймыл-аракети, сөздөрү) болуп эсептелет.

Исламдагы адеп-ахлак системасы, өзүнүн дүйнөлүк деңгээлдеги оордун көрсөтүп, инсандын жашоо шартын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү менен, адам болуунун жол жобосуна ылайык жашоо образын сунуштайт. Мындай жашоо образында эң жакшы деп эсептелген адамдар, адеп-ахлактык жактан башкалардан жогору тургандар болуп саналат.. Эгер коомдун мүчөлөрү адептүү болсо анда ошол коомдо бейпил жана бактылуу жашоо өкүм сүрөт. Ислам дини, адамдын ишенимине ылайык адеп-ахлактык негизде жашоосун талап кылган дин. Анткени, Ислам дининдеги туура жол, ыйман, ибадат жана адеп-ахлактын бүтүндүгүнөн келип чыккан жол болуп саналат..

## Окугандарыбызды Эстеп Көрөлү

1. Дин менен Адеп-Ахлактын Байланышы Кандай?
2. Исламдагы Адеп-Ахлактын Булагы Эмне?
3. Ахлактын Личносттук жана Коомдук Пайдаларын Санап Бериңиз?
4. Ыйман менен Адеп-Ахлактын Байланышын Түшүндүрүп Бериңиз?
5. Ибадат менен Адеп-Ахлактын Байланышын Түшүндүрүп Бериңиз?

## Жыйынтыктоочу Суроолор

**1. Ислам дининин негизги максатын түшүндүргөн сүйлөмдү табыңыз?**

А) Адамдарды Азапка Салуу

Б) Адамдарды Коркутуу

В) Адамдарды Ээн Баштыкка Үгүттөө

Г) Диний Ишенимине Ылайык Адеп-Ахлактуу Коомду Түзүү

**2. Төмөнкү Хадистердин кайсынысы, Ислам дининин жогорку адеп-ахлактын дини экенин түшүндүрүп жатат?**

А) "Тазалык Ыймандын Жарымы"

Б) "Мен Жогорку Адеп-Ахлакты Толуктоо Үчүн Жиберилдим"

В) "Жылмаюу Садака Берген Сыяктуу"

Г) "Жалганчылар Биз менен Чогуу Жүрбөсүн"

**3. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы, исламдагы адеп-ахлактын булагы болуп эсептелет?**

А) Жөө Жомоктор

Б) Аңгеме жана Уламыштар

В) Салт-санаа жана Үрп-адаттар

Г) Аз. Пайгамбарыбыздын Жашоосу жана Хадистери

**4. Төмөнкү сүйлөмдөрдүн кайсынысы, адеп-ахлактын адам үчүн пайдалуу жагына кирбейт?**

А) Адамды Инсандык Негизде Жашоого Чакырат

Б) Адамдын Аброюн, Кадыр-Баркын Жогорулатат

В) Адамды Өзүмчүлдүккө Тарбиялайт

Г) Улуу Аллах Тааланын Сүймөнчүгүнө Жеткирет

**5. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы, ибадат менен адеп-ахлактын байланышына тиешеси жок?**

А) Намаз, Адамдарды Ар Кандай Ыпластыктан Коруйт

Б) Орозо, Мээримдүүлүккө Салым Кошот

В) Зекет, Адамды Сараңдыктан Куткарат

Г) Башка Адамдарга Жардам Көрсөтүү Атак-Даңк Алып Келет

# адеп-ахлак

адеп-ахлак
адеп-ахлак

# III

# БӨЛҮМ

# Ислам Адеп-Ахлагы Жана

# ҮЛГҮЛҮҮ ИНСАН

1. Ислам Этикасына Ылайык Көрүлгөн Жүрүм-Турумдар

2. Ислам Этикасына Сыйбаган Жүрүм-Турумдар

## БӨЛҮМ ТУУРАЛУУ

Бул бөлүмдө Ислам адеп–ахлагы тарабынан сунушталган жана мактоого ылайык көрүлгөн жүрүм-турумдар ошондой эле жактырылбаган жүрүм-турумдар тууралуу маалымат берилет. Ислам адеп–ахлагы үлгү катары көрсөткөн инсан – жакшылык менен чындыктан адашпаган; башка адамдарга материалдык жактан жардам берген; намыстуу; аманатка кыянат кылбаган; ак пейилдүү жана кечиримдүү; сабырдуу; жөнөкөй; сөзүнө турган; маданияттуу; башка адамдарга сылык мамиле кылган; аларга жакшы сөз сүйлөгөн жана жардамын аябаган инсан болуп саналат.. Мындай сапаттарга ээ болгон адам; эч качан сараңдык кылбайт, ушак айың таратпайт; жакшылыгын милдет кылбайт; башкалардын жамандыктарын ашкере айтпайт; бой көтөрбөйт; бузукулукка барбайт; кызганбайт; мал-мүлкүн жөнү жок чачпайт; көйрөңдүүлүк кылбайт; зынага жана сойкулукка барбайт; араккордук менен кумар ойноодон узак турат; сыйкырчылык, көзү ачыктык сыяктуу иштер менен алектенбейт жана паракорчулукка жакындашпайт.



## ПЛАН

Бул бөлүмдүн соңунда;

1. Ислам дининдеги адептүүлүктүн үлгүсү болгон инсан кандай сапатка ээ экендигин үйрөнүүгө,
2. Ислам этикасына туура келген жана мактоого ылайык көрүлгөн жүрүм-турумдарды билүүгө,
3. Ислам этикасына туура келбеген жүрүм-турумдарды билүүгө,
4. Ислам адеп–ахлагы үлгү катары көрсөткөн инсандардын катарына кошулуу аракетине жетишесиз.

## ОКУУ ЭРЕЖЕСИ

Бул бөлүмдү окуунун эрежеси;

1. План коюп окуу жана тиешелүү бөлүмдү анализдөө.

2. Бөлүмдө берилген тапшырмаларды аткаруу.

3. Китептин соңунда көрсөтүлгөн булактардан пайдалануу.

**Изилденип-Үйрөнгүлө**

Пайгамбарыбыз Мухаммеддин (с.а.с) мусулмандар үчүн үлгү инсан экенин кандай түшүндүңүз? Өз ара талкуулаңыз.

# 1 Ислам Этикасына Ылайык Көрүлгөн Жүрүм-Турумдар

Ислам адеп–ахлагы тарабынан сунушталган жана мактоого ылайык көрүлгөн жүрүм-турумдарга ээ болуу, дал ушул жүрүм-турумдардын жардамы менен адамгерчиликтүү инсан болууга умтулуу дегендикти билдирет. Адеп-ахлак өзүнчө жашоо образы болгондуктан, андагы баалуулуктар адам баласы үчүн адатка жана жүрүм-турумга айланышы зарыл.

## Жакшылык жана Акыйкат

Исламда адеп-ахлактык "жакшылык" деген аныктаманы түшүндүргөн бир канча сөз бар. Мисалы "салах", "бирр", "маруф", "хасен", "таййиб" жана "ихсан" деген терминдер колдонушуна жараша "жакшылык" деп которулат. Бул терминдер, чыныгы ыймандын негизинде пайда болушу жана чыныгы ыйманга шайкеш кыймыл-аракеттерди түшүндүрүү жагынан орток мааниге ээ болушат.

**Ой Жүгүртүү**

Бул дүйнөдө адамдардын өз ара карым-катнашында жакшы мамиледе болуусу ал тургай акыретте жогорку даражага жетүүсү – жакшылык кылуу менен гана ишке ашат.

Акылдуу инсан, пайдалуу нерсенин жакшылык менен, ал эми зыяндуу нерсенин жамандык менен бирге болоорун билет. Ошондуктан ар бир адам мүмкүн болушунча жана колунан келишинче адеп-ахлагын жакшыртууга аракет кылуусу шарт. Маалым болгондой, жасалган жакшылыктан улам пайда болгон жыргалчылыктын бул дүйнөдө теңдеши жок, ал эми жакшылык кылуу учурундагы кубаныч, жакшылыктын мөмөсүн алуу учурундагы кубанычтан он эсе көбүрөөк.

Куран Керимде Аллах Таала: "... Чындыгында Алла Таала жакшылык кылуучуларды жакшы көрөт" (Бакара 2/195) жана "Акыйкатта, жакшы адамдар Бейиште болушат" (Инфитар 82/13) – деген буйруткары менен жакшылык кылгандын албетте сыйлыкка татый турганын билдирген.

**Ой Жүгүртүү**

- Ислам динindеги адеп-ахлактын өзөгү болуп саналган акыйкаттык, адамдардын - сүйлөгөн сөзү менен кылган иш-аракетинин дал келишин түшүндүрөт.
- Акыйкаттык, адамзатынын сөзү менен жүрүм-турумунун айкалышын билдирет.
- Акыйкаттык, жакшы адеп-ахлактын ээси болгон адамды башкалардан айырмалап турган өзгөчөлүк болуп саналат.

Куран-ы Каримде акыйкат сөзү “сыдк” жана “хакк” деген түшүнүк менен берилет. Бул тууралуу Мевлана – “кандай болсоң өзүңдү ошондой алып жүр, өзүңдү кандай алып жүрсөң, ошондой көрүн” деген сөздөрү менен адамдагы акыйкаттыкты сүрөттөп берген. Аалымдар акыйкаттыктын, кулк мүнөздүн жогоркусу, асылдыктын негизи, пайдалуу жана жарашыктуу кыял-жоорук экенин айтышкан.

Акыйкаттык, адам болуунун даражасы жана чыныгы адамзаттын жашоо образы болуп саналат.. Ошондуктан адам баласы, кандайдыр бир мансапка жетүү үчүн эмес, жөн гана Алла Тааланын ыраазычылыг алуу үчүн чынчыл, акыйкатчыл болушу керек. Себеби, акыйкаттык жакшылыктай эле, адамзаттын бул дүйнөдө жана акыретте жоопкерчиликтерин жеңилдетип, адамдардын арасында кадыр-баркка жетүүсүн камсыз кылган изгилик болуп саналат..



Аллах айтты: “Бул чынчылдарга чындыкты айтуулары пайда алып келүүчү күн. Алар үчүн ал жерде түбөлүк жашай турган, астынан дарыялар аккан бейиштер бар. Аллах алардан ыраазы болду, алар да Андан ыраазы болушту. Улуу кутулуу жана бакыт – мына ушул” (Маида 5/119)

**Ой Жүгүртүү**

Ар кандай изгилик сыңары, акыйкаттык адамдардын өз ара тыгыз мамилеси учурунда көрүнөт. Жашоодо чындыктан узак болгондор, жалганчы, жасалма жана эки жүздүү деген сыпаттарга татыйт. Анын үстүнө анткор адам, ишенбесе да ыйман кылгандыгын башкаларга көрсөтүүгө аракет кылган адам болуп саналат.. Мындай адамдар акыйкат иштен узак, эки жүздүү болушат.

## Башкаларга Материалдык Жактан Жардам Көрсөтүү (Инфак)

**Ой Жүгүртүү**

Ислам адеп-ахлагы башкаларга дайыма материалдык жактан колдоо көрсөтүүнү (инфакты) сунуш кылат. Инфактын мааниси: адамдын зекет жана садага берүүдөн сырткары Аллах Тааланын сообун табуу үчүн, тууган-дарына, кедей-кембагалдарга, муктаж адамдарга жардам берүүсү жана кайыр-садага топтогон жерлерге салымын кошуусу дегенди түшүндүрөт.

Инфак, социалдык теңдикти түзүүчү фактор болгондуктан мындай ишти акыл-эстүү адамдар гана жасай алышат. Чындыгында адамзаттын колундагы мал-мүлк Аллах насип кылган белек жана адамдын өз ыктыярына жараша жыргалчылыгы үчүн колдонушу керек болгон ырыскы болуп саналат. Ошондуктан мал-мүлктүн ээси Аллах Таала болуп саналат.. Адам баласы мал-мүлктү жумшап жатканда Аллах Тааланын буйруктарына көңүл буруусу керек.

Жакын туугандарыңарга, кедейлерге, жолоочуларга өз акысын бергиле, бирок ысырап кылбагыла. Чындыгында ысырапкорлор шайтандын достору, шайтан болсо өз Эгесине каапырдык кылган (Исра 17/26-27).

Башкаларга жардам көрсөтүү - башкалардын муктаждыктарын камсыздоо менен эле чектелбестен, жардам берүү бара-бара адамдык сапатка айланышы керек. Тагыраак айтканда бир инсан, башка бирөөгө кандайдыр себептен улам эмес, өзүнүн жеке милдети болгон үчүн жана өз каалоосуна ылайык жардам кылышы керек. Ошондуктан колунда болбогон адамдардын жардамга муктаж экенин билүүдөн мурда, колунда барлардын жардам кылууга муктаждыгы бар экенин билүү керек. Мына ушул идеология, коомдогу теңсиздикти жоюунун жана адамдардын биргелешип жашоосунун жолу болуп саналат.

## Намысты Сактоо (Пакизалык – Иффат)

Пакизалык адеп-ахлактын нормасы болгондой эле, бул дүйнөдө кадыр баркка жана бейпил жашоого жетүүнүн жолу болсо, акыретте Аллах Таалага жаккан бактылуу адамдын образы болуп саналат..

Пакизалык – адамдын ички дүйнөсүнүн, рухунун тазалыгы жана күнөө менен кыянатчылыкка жакындашпагандыктын белгиси болуп эсептелинет. Мындан сырткары пакизалык, башка бирөөнүн мал-мүлкүнө көз артпай, жан дүйнөсүн ток алып жүрүүнү түшүндүрөт. Башкача айтканда мыйзам-ченемдүү жана адал нерсеге ыраазы болуп жашаган адам пакиза болуп саналат.. Бирок адабий тилде пакизалыктын – намыскөйлүк жана намысын коргоо деген мааниде колдонуларын да айта кетели. Ошондуктан ар-намысын коргоо принцибинин негизинде пакизалык - башкалардын ар намысына шек келтирбөө деген мааниде да колдонулат.

Жан дүйнөнүн ырахат алуусу (шехвет) албетте адамдын табигый муктаждыктарынын арасында бар. Ошондой эле шехвет деген сөздү, аял менен эркектин ортосундагы жылуу мамиле десек болот. динибизде бул жагдайда, аша чаап арсыз болуп кетүүгө же болбосо тескерисинче биротоло жыныстык мамилени токтотуп коюуга уруксат берилбейт. Адамдын бул сезимин мыйзам-ченемдүү жол менен контролго алуусу, чыныгы пакизалык болуп саналат.. Натыйжада диндар болуунун пайдубалын түзгөн пакизалык, адамды күнөөгө батып ырахат алуудан сактап сабырдуулугун чыңдайт.

"(Эй, Мухаммед!) Момундарга айткын: "(Ар кайсыл айалдарды карай берүүдөн) көздөрүн сакташсын жана уяттуу жерлерин (айагы сүйүктук кылуудан) сактасын. Бул – алардын өздөрү үчүн абдан жакшы. Чындыгында, Аллах эмне жасагандарынан Кабардар! Момун айалдарга айт: "(Ар кайсыл эркекти кароодон) көздөрүн сакташсын жана уяттуу жерлерин (айагы сүйүктук кылуудан) сакташсын ..." (Нур 24/30-31).

Намыстуулуктун негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири "уят" сезими экени баарыбызга маалым. Бул сезим, адамды жамандыктан ошондой эле күнөөгө алып баруучу сөз жана кыймыл аракеттен сактайт. Эгерде уят жоголсо, коомчулукта жамандыктын жайылышы жана адеп-ахлактын бузулушу мүмкүн. Ошондуктан Аз. Пайгамбарыбыз уяттын, ыймандуулуктун бир бөлүгү экенин айткан жана динге ишеним көрсөткөн пенденин уяттуу жана ар-намыстуу болушу керектигин айтып өткөн. Мындан сыртка-ры Пайгамбарыбыз, уят-сыйытты билген жана намыстуу адамдардын Аллах Тааланын сүймөнчүгү боло алаарын кабарлаган.



## Аманатка Кыянаттык Кылбоо

Аманат деген сөз адамзаттын табиятында бар жана бул сөз кеңири маанини түшүн-дүрөт. Аманат - бир адамга тиешелүү болгон жана анын жеке менчиги деп эсептелген нерсе. Ошондуктан ал нерсени, ээси сураган учурда кайтарып берүү керек. Бирок аманат деген термин, өлчөмү кандай болбосун инсандын жалпы милдеттерин жана анын жашоо-турмушундагы бардык жоопкерчилигин камтып турат.

Ден-соолукка кам көрүү, сыр сөзгө бекем болуу, жубайлардын купуя кептери, буюм-тайымдын туура колдонулушу, соода ишин туура жүргүзүү жана башка түшүнүк-төр аманат деген сөзгө мисал боло алат.

Аманатка кыянат кылбоо – ишенимдүү адамдын өзгөчөлүгү болгон үчүн, Ислам дини, адеп-ахлактык жактан ишенимдүү пендени тарбиялап өстүрүүнү максат кылган. Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын: "Мусулман адам, колу жана тили менен башкаларга зыяны тийбеген адам" (Тирмизий, Иман, 12) -, деп айтканы белгилүү. Бул хадисте айтылган "колу жана тили менен башкаларга зыян келтирбеген" деген түшүнүк, билимдүү жана ишенимдүү адамдан кабар берүүдө.

Билими менен кыймыл-аракетинде уйкаштык болбогон адам тууралуу Куран Карим мындай дейт: "Эй момундар! Силер эмнеге өзүңөр кылбаган нерсени айтасыңар? Силердин өзүңөр кылбай турган ишти (кылабыз деп) айтууңар - Аллах Тааланын алдында өтө жаман көрүлгөн (иш)" (Саф 61/2-3).

**Ой Жүгүртүү**

Пайгамбарыбыз бир хадисинде: “Бизге жалган айткан биздин арабызда болбосун” (Муслим, Иман, 164) -, деп айткан жана аманатка кыянат кылбоонун, үлгүлүү жана адмгерчиликтүү адамга жарашкан сапат экенине басым жасаган

## Адилеттүүлүк

Адилеттүүлүк – так, калыс, ачык-айкын деген маанилер менен катар бардык нерсенин өз акысын берүү, бирөөнүн акысын жеп коюдан сактануу, бир нерсени өз жайына коюу жана нысаптуу болуу, укукту сактоо жана эч кимге, эч нерсеге кордук көрсөтпөө дегенди туюнтат.

Адилеттүүлүктүн карама-каршысы болсо зордук, заалымдык болуп саналат.. Коомчулукта тең салмактуулук менен туруктуулуктун сакталышы адилеттүүлүктүн болуп-болбошуна байланыштуу.

Адилеттүүлүк – адам баласынын, адеп-ахлак сунуштаган жашоо образына айланышы керек жана ал ар бир ишинде адилеттүү болуп кылган ишин татыктуу жасашы керек. Ошондуктан адилеттүүлүктүн дагы бир мааниси, ишин так жана толук аткаруу дегенди түшүндүрөт.

“Чындыгында, Аллах Таала – адилеттүүлүктү, жакшылыкты жана тууган урукка кайрымдуу болууну буйрук кылып, уятсыздыктан сактайт. Аллах силерге (ушундай) насыят берет. Балким түшүнөрсүңөр” (Нахл 16/90).

Адилеттүүлүк, адамдардын өз ара мамилесинде орнотулушу керек жана тең салмактуулуктун укуктук жактан сакталышына көңүл бөлүнүшү керек. Бул – адамдык жеке жана коомдук муктаждыгы болуп да саналат. Себеби, адилетсиздик өкүм сүргөн жерде акыйкат, укук, ынсаптуулук жана теңсалмактуулук тууралуу кеп кылуу мүмкүн эмес. Мындай жерде жемкордук, зулумдук жана анархия көбөйөт. Ошондуктан бул тууралуу мындай хадис бар: “Эгер жумуштун баары, ишин кылдаттык менен аткарбаган адамдардын колуна тийген болсо, кыямат жакындап калыптыр деп билгиле” (Бухарий, Илим, 2).

Эгерде бир кызматка колунан эч нерсе келбеген адам келип калса, укук бузуу көбөйүшү мүмкүн. Мындай башкаруучулар болгон коомдо, укук тепсегендик, бирөөнүн акысын жегендик кеңири учурагандыктан, инсандардын арасында ишенимдин жоголушу ыктымал. Мунун кесепетинен коомчулуктагы бейпил, тынч жана туруктуу жашоо бузулат. Демек, коомдо тынчылыктын өкүм сүрүшү адилеттүү жумуш алып барууга байланыштуу. Андыктан бийликтеги адамдар так, калыс жана ачык-айкын кызмат кылууга тийиш. “Адилеттүүлүк – мал-мүлктүн пайдубалы” – деген сөз айрыкча башкаруучулар менен бийликтеги адамдарга тиешелүү экени бекеринен эмес.

**Текстти Окуу**

Пайгамбарыбыздын доорунда бир аял, уурулук менен кармалып калат. Ал аял кадыр-барктуу үй-бүлөнүн мүчөсү болгондуктан, тууган-туушкандары чогулуп Пайгамбарыбызга “бул аялды жазалабай эле коёлу” -, деген чечим менен кайрылгысы келет. Бул кайрылууну Пайгамбарыбызга жеткирүү үчүн, ал жакшы көргөн сахабаларынан Усама ибн Зайдды жөнөтүшөт. Болгон окуяны угуп бүткөндөн кийин Пайгамбарыбыз, адамдарга маалым болуп келген түрүнөн жазбай туруп мындай дейт: “Буга чейинки мамлекеттер адилеттүүлүктүн жоктугунан улам жоголуп кеткен. Анткени таанымал, бай жана кадыр-баркка ээ болгон үй-бүлөдөн келген адамдардын кылган кылмыштарына көз жумулуп, жазаланган эмес. А бирок ошол эле коомдо, кедей-кембагал, колунда жок бирөө кылмыш кылса, алар жасасыз калтырылган эмес. Бул албетте калыстык же адилеттүүлүккө жатпайт. Ошондуктан Аллах Тааланын алдында ант ичип айтам, уурулук кылган аял, кызым Фатма болсо да, анын жазасын берүүдөн баш тартпайт элем!”. Бул окуядан адилеттүү болуунун канчалык маанилүү экендигин түшүнсө болот.

## Тууганчылык Мамилеси

Адамзаттын жашоосунда тууганчылык карым-катнашы өзгөчө мааниге ээ. Куран-ы Карим тууганчылыктын жалгыз эле инсандарга тиешелүү болбогондугун, анын “ыймандын толукталышына” да зор таасири бар экенин такай эскертип турат. Куранда бул тема мындайча талкууланат: “Чындыгында ыймандуулар – бир тууган. Ошондуктан бири-бириңердин ортоңорду (өз ара мамилеңерди) түздөгүлө! Аллахтын мээримине жетүү болуу үчүн Андан корккула (такыбаа болгула)!” (Хужурат 49/10).

Бул аятта тууганчылыктын “кан жактан жакындык” жана “сүт жактан байланыш” менен эле чектелип калбастан, динге ишенүүгө да кандайдыр бир деңгээлде түрткү берээри айтылып жатат. Аяттын мазмунунда, адамдардын бул дүйнөдө да акыретте да бир-тууганды мамиледе болушу керектиги түшүндүрүлүп жатат. Түбөлүктүү бир тууганды ктан улам пайда болгон адамдардын бири-бирине болгон сүйүүсү, ичи тардыкты, жеке кызыкчылыкты биринчи орунга коюуну жана арам ойлорду жок кылат. Мына ошондо Ислам айткан жана адамдарды бири-бирине жакындаштырган ыйман пайда болот.

**Ой Жүгүртүү**

Ислам мининде айтылгандай, адамдардын ыймандык жактан тууган болушу, көңүлдүн жана жан дүйнөнүн жакын болушун кубаттайт. Мындай жакын мамиленин аягында эбегейсиз жана чексиз сүйүүнүн пайда болоору шексиз. Ошондуктан Ислам динидеги тууганчылык, ыймандын негизинде пайда болгон сүйүү менен түшүндүрүлөт. Юнус Эмре: “Жанжаныбардын баарын Жаратканды сүйгөнүм үчүн сүйөмүн” – деп бекеринен айтпаган.

Тууганчылык мамилеси, биримдиктин өзөгүн түзгөндүктөн момундар жеке жашоосун улантуу менен бирге коомчулукта башка адамдар менен болгон тыгыз байланышын, пайдубалы бекем имарат сыңары түптөй алышат. Мына ошондо бир адамдын кайгы-муңу, азабы башкаларды да түйшөлтөт, бул учурда биримдиктен пайда болгон жылуу сезимдер идеалдуулуктун символуна айланат. Болгону бул идеалдуу жашоо өрнөгүн токтотпостон, улам жаңылап туруу керек. Аз. Пайгамбардын: "Эч ким өзүнө каалаган жакшылыкты, мусулман бир тууганы үчүн да суранбаса, чын дилден ыйман келтирген момун боло албайт" (Бухарий, Иман, 7) -, деп айтканы, бир-туугандыктын кандай болушу керектигин сүрөттөп турат. Эгер момун чын ыкласы менен ыйман келтирген инсан болууну кааласа, жогоруда айтылган хадиске көңүл буруусу керек. Баарыбыз билгендей, адамдар бири-бирине жакшылык каалап чын жүрөктөн тилектерин айтуу менен гана ынтымактыкка, ырашкердикке жана биримдикке жетише алышат.

**Ой Жүгүртүү**

Тууганчылык мамилеси өнүкпөгөн жерде сүйүү жана сый-урмат болбойт, сүйүү жана сый-урмат болбогон жерде, биримдиктин жана бир-туугандыктын болушу мүмкүн эмес.

Аллах Таала билдирген "тууганчылык", адамдардын бири-бирине колдоо көрсөтүүсүнүн натыйжасында гана пайда болот. Ошондуктан бир адамдын, башка бирөөнү мансапка жетүү үчүн жарым жолдо таштап кетиши, жылуу сезимдердин жана сүйүнүн жоголушуна алып келет. Жакын мамилеге таянган достук жана бир туугандыктын укуктун жактан бузулуусу, биримдиктин кулашына алып келет.

Аз. Пайгамбар өмүрүнүн акырына чейин, бир-туугандык мамилелеринин канчалык даражада маанилүү экенин түшүндүргөнгө аракет кылган. Пайгамбарыбыз, бир тууган деп эсептеген мусулмандар менен жумуш кылса да, башка өлкөгө көчсө да дайыма чогуу болгон. Ал тургай Бадир, Ухуд жана Хендек деген согушта бир туугандары менен бир катарда туруп, кубанычын да кайгысын да тең бөлүшкөн.

Биримдиктин негизин түзгөн "тууганчылык" мамилеси бузулбашы керек. Тууганчылыкка залакасы тийе турган шек, күмөн, ушак-айың жана мансапка умтулууну алгачкы орунга коюу сыяктуу жаман сапаттардан узак болуу зарыл. Анткени мындай жамандыктын зыяны бир эле адамга эмес, жалпы эле коомго тийиши мүмкүн.

## Ак Пейилдүүлүк жана Кечиримдүүлүк

Жогорку адеп-ахлактын негиздеринин арасында ак пейилдүүлүк бар. Бул сезим, түшүнүктүүлүк менен кабыл алуу деген нерсени түшүндүрөт, ошондой эле, "чыдамдуулук" менен "толеранттуулук" деген сапаттардын, жогорку деңгээли болуп да саналат.

Ак пейилдүүлүктү, адам баласы жаратылгандан тарта эле ээрчише келген жогорку сапат жана көркөм баалуулук деп түшүнсө болот. Адам баласы дүйнөгө келээри менен белгилүү "укуктарга" ээ болушу, ак пейилдүүлүктүн белгисинен кабар берет.

Мына ушул себептен улам, ак пейилдүүлүк адамзаттын жашоосу үчүн шарт түзүп берүү деген мааниде да колдонулат. Бул маани, Батышта колдонулган “жашоо үчүн күрөш” же болбосо “адам адамдын карышкыры” сыяктуу кээ бир стереотиптерди чагылдырган түшүнүктөргө терс келүү менен бирге адамдарды, биргелешип, чогуу жашоого жана бири-бирине тунук сүйүү тартуулоого чакырат. Ар бир личносттун өзгөчө, башкалардан айырмаланган мүнөзү бар экени маалым, мына ушул айырмачылыктардын ширешүүсүн, адилеттүүлүк жана чын ыкластыктан келип чыккан ак пейилдүүлүктүн жардамы менен гана ишке ашырууга мүмкүн.

Ак пейилдүү жана кичи пейилдүү болуунун жобосу деп билинген адилеттүүлүк, ар бир жан-жаныбардын акысын берип, алардын табиятына жараша, татыктуу мамиле кылуу деген маанини түшүндүрөт. Бул аныктама, адилеттүүлүктүн адамга жөн гана берилген сыйлык эмес, татыктуу жандык болуунун бирден бир өзгөчөлүгү экендигин билдирүүдө. Ак пейилдүүлүктүн кошумча булагы болуп “чын-ыкластык” эсептелет. “Чын-ыкластык” же “ак көңүлдүүлүк”, Аллах Таалага адаштырбай алып барган, мээримдүүлүктүн, ырайымдуулуктун, бейпилдиктин жана сый урматтын жолу. Адамдын бул жакшы жагы Аллахтын белеги болгондуктан, ар бир адам башка адамдарды мына ушул жакшы жагы менен тааныганга аракет кылса, ак пейилдүүлүк максатына жеткен болот.

“Эй момундар! Силердин аялдарыңар менен балдарыңардын арасында өзүңөргө душман болуп чыгуучулар бар, алардан этият болгула! Бирок жумшактык кылып, байкамаксан болуп, аларды кечирсеңер, акыйкатта Аллах да Кечиримдүүлүгүн, Боорукердигин көргөзөт” (Тагаабун 64/14).



Чындыгында инсан ак пейилдүүлүгү б.а. башкалардын жашоосуна шарт түзүү аркылуу өзүнүн да бейпилдигин жана бактылуулугун камсыз кылган болот. Андыктан ак пейилдүүлүк сыйлык эмес, жоопкерчилик катары көрүлсө дагы да жакшыраак. Адамдын жаратылышынын түпкү тамырында жаткан милдет болгон үчүн, ак пейилдүүлүктөн баш тартууга акысы жок.

## Кыйынчылыктарды Жеңебилүү (Сабыр)

Жашоодо дайыма эле жыргалчылык болот деген түшүнүк жок экенин баарыбыз билебиз. Жашоонун ар бир стадиясында кыйынчылыктардын жана көйгөйлөрдүн пайда болушу ачуу болсо да чындык. Эгер жашоонун маани-маңызы толугу менен түшүнүктүү болсо, андагы кыйынчылыктар менен көйгөйлөр адамдын дагы да күчтүү болуп жетилүүсүнүн гаранты экенин көрүүгө болот. Адам баласынын жашоодогу кыйынчылык менен көйгөйлөргө каршы туруштук берүүсү сабыр деп аталат. Инсан ыйман келтиргенден кийин, ыймандын шарттарына ылайык жашай алуусу үчүн сабырдуу болуусу шарт. Ислам аалымдары белгилегендей сабырдын эки түрү бар. Биринчиси, башка түшкөн кыйынчылыктарды чыдамкайлык менен жеңип жыргалчылыкка жеткирүүчү “сабыр”. Экинчиси болсо, күнөгө жетелеген кыймыл-аракеттерден узак туруусун камсыз кылган “сабыр”.

**Ой Жүгүртүү**

Сабыр деген түшүнүк, жалпысынан алганда жашоодогу кыйынчылыктарды чыдамкайлык менен жеңип чыгуу жана арамдан коргонуу ошондой эле диний буйруктарды чечкиндүүлүк менен аткаруу болуп саналат..

Адам баласынын жашоосундагы кыйынчылык менен катаалдыктар, Ислам аалымдарынын пикири боюнча, адамдарга жол көрсөткөн жобо болуп саналат.. Себеби бул дүйнөдө эч кайсы иш, түйшүксүз жана азапсыз орундалбайт. Туш келген кыйынчылыктарды жеңүүдө адамдын жалгыз куралы "сабыр" экени белгилүү. Сабырдын түбү сары алтын деп айтылгандай, сабырдуулук жашоодогу маселелердин чечими болуп саналат. жана оор иштин аягына чыга алган эрктүү адамдарга жарашкан сапат болуп эсептелет. Ар бир иштин белгилүү себептери, натыйжалары болгондуктан, адамдын сабырдуу болуусу, спортсмендин мелдеште жеңишке жетээрине көзү жеткен учурду түшүндүрөт.

"Ант болсун, биз силерди бираз коркуу, ачкалык жана мал-мүлк, жан жана түшүмдөрдүм бир бөлүгүн азайтуу менен сынайбыз. Сабыр кылгандарды сүйүнчүлө" (Бакара 2/155).

Жаман көрүнүштөрдү жана кыйынчылыкты сабырдуулук менен жеңе билген адамга мындай кыйынчылыктар аз учурайт. Ыйман келтирген жана адеп-ахлагын оңдоого аракет кылган адам, бул дүйнөнүн жыргалчылыгын да оор азаптарын да Аллах Таала тарабынан жиберилген сынак деп түшүнөт. Ошондуктан жашоосундагы жакшылыктарга шүгүр кылууну, кыйынчылыктарды жеңүүдө болсо сабырдуу болууну албетте үйрөнөт. Бул нерсе адамдын күчүнө күч кошкон, токтоолугун бекемден ошондой эле жакшы нерселерге жеткирген абалы болуп саналат.. Аз. Пайгамбарыбыз бул жөнүндө мындай дейт: "Момундун жашоосу таң калыштуу. Анткени анын ар бир иши өзүнө жакшылык болуп кайтат. Эгер жашоосу кеңирчилик, жыргалчылык менен коздолсо, бул жакшылыктардын Аллах Тааладан келгенин билип шүгүр кылат жана дагы да көп жакшылыкка жетишет. Эгерде жашоо турмушунда кыйынчылыкка, азапка жолукса бул жагдайдын да Аллах Тааладан экенин билет жана ал кыйынчылыктарды чыдамкайлык менен жеңип чыгып дагы да жакшылыкка жетишет" (Муслим, Зухд, 64).

## Кичи Пейилдик (Тавазу)

Кичи пейилдүүлүктү түшүндүргөн "тавазу" деген сөз адамды, эл арасында сый-урматка жеткирген адеп-ахлактык сын-сыпат болуп саналат.. Бул сапат, Ыйык Аллах Тааланын улуулугун таанып билүү менен бирге адамдын Аллахка таазим кылуусунун символу десек болот. Тавазу – жогорку нарктын жана мартабанын баскычы болгондуктан, бой көтөрүүнүн антоними болуп саналат.. Пайгамбарыбыз тавазунун ибадатка тиешелүү көрүнүш экенин жана анын адамдын кыймыл-аракетинде маанилүү орду болгонун айтып өткөн.

Тавазунун мааниси Аллах Тааланын ыразычылыгы үчүн ошону менен бирге чын көңүлдөн аткарылганда гана билинет. Эгоизм жана бой көтөргөндүк, тавазуга терс

көрүнүш болуп саналат.. Тилекке каршы, ак пейилдүү болуп көрүнгөнгө аракет кылган бирок дили өзүмчүлдүк менен чырмалган адамдар арабызда бар. Токтоолук жана



оор басырыктуулук деген түшүнүктөрдө колдонулган тавазу, кошоматчылык же жасакерденүү дегендик эмес. Болгону адам кандай мансапка, даражага ээ болбосун, Аллахтын катардагы бир кулу экенин жана башка адамдардай эле тең укукка ээ экендигин унутпашы керек. Байлык, мал-мүлк эч качан жеке менчик катары көрүлбөшү керек, кайра бул мүмкүнчүлүктөрдү Жараткандын буюрганы экенин, Ал кааласа кайра тартып алаарын эстен чыгарбоо абзел. Анткени чыныгы ак пейилдүү адамдар, айлана-чөйрөсүндөгү адамдардын бакубат жашоосуна кепил болушат.

Бышып жеткен буудай башын жерге ийген сыяктуу, мүмкүнчүлүгү болгон адам ак пейилдүүлүктөн узактабаганга аракет кылышы керек.

“Мээримдүү Заттын пенделери жер үстүндө тынч абалда жүрүшөт жана аларга наадандар тил тийгизсе: “Тынчтык (каалайм)!” – дешет” (Фуркан 25/63)

## Убадага Бек Туруу

Адеп-ахлак эрежелеринин арасында убадага бек туруу керектигине өзгөчө маани берилген. Анткени бул сапат адамдын, чынчыл жана адилеттен тайбаган инсан экендигинен кабар берет. Берилген сөздүн аткарылышы, адамдын өзүнө эле эмес, жалпы журтчулукка керек болгон нерсе. Күнүмдүк жашоодогу жөнөкөй эле жумуш аткаруудан баштап, мамлекеттик иште, соода ишинде, үй-бүлөдө болсун “сөзүмдө турам” деген сөз көп колдонулат эмеспи. Мына ушул учурда, убадасын аткарып аткарбаганына карата адамдын адеп-ахлагы кандай экенин билип коюуга болот. Пенде Аллах Таала, башка адамдар жана айлана-чөйрөсү менен түзгөн мамилесин, чынчылдык жана убадасын аткаруу деген жакшы сапаттар менен коздоштурушу керек.

“Ант ичкен болсоңор, Аллахка берген убадаңарды (сөзсүз) аткаргыла...” (Нахл 16/91). “Алар убадаларын аткарышып, жамандыгы жайылган күндөн коркушат” (Инсан 76/7).

**Ой Жүгүртүү**

Берилген убаданын аткарылышы, адеп-ахлактын жана инсан болуунун белгиси. Ошондуктан бир адам сөз берген болсо, карыз мойнуна алган болот. Эгер сөзүн аткарбаса жакын адамдары менен мамилеси бузулуп, коомго да залакасын тийгизет. Айткан убадасын аткара албаса анда адам сөз берүүгө мажбур эмес.

Пайгамбарыбыз да айтып өткөндөй берген убадасын аткарбай коюу, эки жүздүүлүктүн жана анткорлуктун (мунафык) белгиси болуп саналат..

Анткор адамдын үч белгиси бар. Алар: жалган сүйлөө, убадасын аткарбоо жана аманатка кыянат кылуу. ***(Муслим, Иман, 107)***

## Кичи Пейилдик

Бактылуу жашоо шартын түзүүдө, адеп-ахлактын негиздеринен бири болгон кичи пейилдүүлүктүн орду чоң. Кичи пейилдиктин негизги максаты, адамдардын өз ара карым-катнашында маданияттын чегинде мамиле кылуусун, бейпил жана тынч жашоосун орнотуу. Адамдар кичи пейил боло алышса, күнүмдүк иш тартибинде эч кандай тоскоолдук жана кыйынчылык туулбайт.

Ак пейилдүүлүктүн жол-жобосу ар бир өлкөнүн, ишенич, экономикалык абалы, технологиялык жактан жетишкендиги, үрп-адаттарына жараша ар кандай болушу ыктымал. Бирок ак пейилдүүлүктүн борборунда, маданияттуулук жана жогорку билимдүүлүк турат. Мына ушул жакшы сапаттар, биздин иш-аракеттерибизге баалуулук жана коздук кошот. Сый-урмат кичи пейилдүүлүк менен бир бүтүн болгондуктан, кичи пейилдүү адамдар башкаларга жардам кылгандан баш тартышпайт.

Көчөдө түкүрүнүп-какырынуу, таштанды менен булгоо, басып жүргөндөргө тоскоол болуу жана элдин көзүнчө жийиркеничтүү нерсе кылуу – адепсиздик болуп эсептелет. Ошондой эле коомдук транспортко түшөөрдө адамдарды түрткүлөп өтүү, кезек күтүп тургандарды көзгө илбестен, уруш-жаңжал чыгаруу адамга жарашпаган нерселер. Адептүүлүк болсо, майрамдарда же белгилүү күндөрдө жайдары мүнөз менен жылмаюу тартуулоо жана адамдардын көңүлүн көтөрүүгө аракет кылуу болуп саналат.. Муну менен катар, жакындардын ал абалынан кабар алуу, бирөө менен көрүшкөндө салам берүү, туугандардын кайгысын да кубанычын да тең бөлүшүү, аларга дайыма жардам берүү жана алардын каалоо тилектерин орундатууга аракет кылуу да адептүүлүктүн белгиси болуп саналат.. Эң негизгиси болсо, кыймыл аракет менен да сөз менен да көңүл калтырбоо болуп эсептелет.

“Качан силерге салам берилсе, силер алардын саламынан жакшыраак алик алып саламдашкыла же анын өзүн эле кайтаргыла. Акыйкатта, Аллах ар бир ишти Эсептөөчү” (Ниса 4/86).

## Адамдарга Сылык Мамиле Кылуу жана Жакшы Сөз Сүйлөө

Адамдарга сылык мамиле жасоо жана дайыма жылуу сөз айтуу, Ислам дининдеги адептүүлүктүн принциптеринен болуп саналат.. Жакшы сөз айтууну адамдар көбүнчө башкаларга көшөрлөнтүп мактоо айтуу, кубанычын, сүйүнүчүн алар менен бөлүшүү же колдоо көрсөтчү тилек айтуу деп түшүнүшөт. Бирок жакшы сөз айту мунун менен эле чектелип калбайт.

Жылуу сөз, жүрөктү оорутпаган, адамдын шагын сындырбаган, чын жана туура сөз болуп саналат.. Так ушул акыйкат сөз адамдардын арасындагы сүйүүнү, чынчылдыкты күчөтүп, душмандык менен жек көрүүнү жок кылат. Жакшы сөздөрдүн эң улуусу Аллах Таала деген сөз экенинде шек жок. Ошондуктан чыныгы жакшы сөз, адамдарды Аллах Тааланын жолуна үгүттөгөн жана адептүү болууга чакырган сөз болушу керек.

Аз. Пайгамбарыбыз (с.а.в) хадистеринин көпчүлүгүндө, инсандардын бири-бирине жакшы сөз айтуусун буйрук кылып эле койбостон, өзү да дайыма башкаларга жакшы, сылык, жылуу сөз айтып, коподдукту жоюуга аракет кылган. Пайгамбарыбыз: “жакшы сөз, берилген садага сыяктуу” (Бухарий, Сулх, 11; Муслим, Закат, 56) жана “момун адам керексиз, каргыш, начар жана жаман сөз айтпат” (Тирмизий, Бирр, 48) – деген хадистери менен, жакшы сөз айтуунун адамдарга жардам кылууга окшогон жогорку сапаттагы иштерден экенин эскертип өткөн. Жылуу сөз айтуу хадис менен чектелип калбастан Куранда да эскерилет.



“Жакшылык менен жамандык тең эмес. Жамандыкты жакшылык аркылуу жойгун. Ошентсең сени менен анын ортосунда душмандык болгон адам да өтө жакын достой болуп кетет” (Фуссилат 41/34).

## Жардамдашуу

Бир мамлекеттин стабилдүүлүгүнүн сакталышындагы негизги адеп-ахлак эрежеси, жардам көрсөтүү болуп эсептелет. Жардамдашуунун материалдык жана руханий жагы бар. Метариалдык жактан колдоо көрсөтүү, адамдын Аллах Тааланын ыраазычылыгына ээ болуу мүмкүнчүлү болуп саналат..

“Мал-мүлктөрүн күнү-түнү жашыруун да, ачык да сарптагандардын сооптору (алардын) – Эгелеринин алдында. Аларга (эч кандай) коркунуч жок, алар кайгырышпайт” (Бакара 2/274).

Ислам дининде материалдык жактан жардамдашуу, буйрук болгондой эле инсандык өзгөчөлүк болуп эсептелет. Зекет, садака, инфак, ихсан деген терминдер менен жардамдашуунун Исламда бир ибадат экенин көрсөк болот. Бир өлкөнүн, өсүп-өнүгүшү адамдардын бири-бирине материалдык жактан колдоо көрсөтүп ар убак жардам кылышына байланыштуу.

“Аллах менен Анын элчисине ишенгиле жана силерге берилген байлыкты (садакага) жумшагыла. Араңардагы ишенгендерге (момун) жана (Аллах жолунда) байлыгын сарптагандарга чоң сыйлык (бар)” (Хадиид 57/7).

Жардамдашуунун руханий жагы адеп-ахлактын өзөгүн түзөт десек болот. Бул жаатта адамдар бири-бирин туура маалыматтандыруу, туура билим берүү, акыл-насаат айтуу жана керексиз же пайдасыз билимге убакыт бөлбөө керектигин утуру эскертип турушу керек. Коомдогу өнүгүү жана тынч жашоо, адамдардын ушундай жардам кылуусунан көз каранды.

“... жакшылыкта, такыбалыкта бири-бириңерге көмөктөшкүлө. Ал эми жамандыкта жана душмандыкта көмөктөшпөгүлө! Аллахтан корккула, чындыгында, Аллах – катуу азаптоочу!” (Маида 5/2).

# 2 Ислам Этикасына Сыйбаган Жүрүм-Турумдар

Ислам дини адам баласына, жакшы кулк-мүнөзгө ээ болуусун такай эскертип турат. Анын адеп-ахлагына зыяны, залакасы тийген, жаман адат-жоруктарга жакын жолобошу керектигин айтат.

## Сараңдык

Сараңдык, динибизде жаман деп эсептелген сапаттардын алгачкысы болуп саналат.. Берешендиктин жана марттыктын антоними деп билинген сараңдык, адамгерчиликтүү болууда адамга тоскоол болот. Бул тоскоолдук, бир инсандын же кедей болуп калам деп корконунан, же акчага көзү тойбогондуктан же болбосо өзүмчүлдүктүн айынан башка адамдарды көзгө илбей коюуга түрткү болушу мүмкүн. Кембагалчылык келет деп сараңдык кылган адамдардын ачкөз экенин жана алардын насип буюрган Аллахтан шектенип наадандыкка барарын Ислам аалымдары көп айтышат.

“Аллахтын берешендигинен өздөрүнө берилген нерселерге сараңдык кылгандарды – алар үчүн жакшы деп ойлобогула! Жок, бул – аларга (абдан) жаман! Кыямат Күнү алар эмнеге сараңдык кылышкан болсо, ошол нерсеси алардын мойнуна (от болуп) оролот. Андыктан, асман жана жердин (бардык) мурастары Аллахка таандык! Аллах – жасаган иштериңерден Кабардар!” (Аали-Имран 3/180).

Сараң адам өзүнө да башкаларга да ишенбей калат. Жашоосуна багыт берген нерсенин жалгыз гана акча менен байлык экенине көнүп алат. Канчалык акчасы көп болсо ошончо жакшы, ишеничтүү жашоосу болоорун идеологияга айландырып алат. Ошондуктан сараң адамдын досу, эл арасында болсо сый-урматы, кадыр-баркы жок болот. Мындай абал, адамды Аллах Тааладан узакташтырат жана ыймандын солгундап кетишине себепкер болот. Сараңдыктын адамдын өзүнө болгондой эле, коомчулукка да зыяны бар.

Аз. Пайгамбарыбыз бир хадисинде мындай дейт: “Сараң болбогула, анткени сараңдык силерден мурдагы коомдун кулашына жана алардын арам нерсени адал деп эсептеп, бири-бирин өлтүрүшүнө себеп болгон...” (Муслим, Бирр, 56). Куранда сараңдыктан кутулуунун жолу катары мындай буйрук айтылат: “Алар каражаттарын жумшоодо ысырапкерчилик да сараңдык да кылышпайт. Алар орто жолду тандашат жана ошого жараша сарпташат” (Фуркан 25/67).

## Жалаа Жабуу

Жалаа жабуу, бир адамга кылбаган нерсесин кылды деп мойнуна коюуга аракет кылуу - деген нерсени түшүндүрөт. Ислам дини мындай жагымсыз абалды кабыл албайт. Анын үстүнө акылга сыйбаган иш, себеби жалаа жабуу жаман болуп эле калбастан кылмыш катары билинет. Эптемей сөздөр менен куралган жалаа, үй-бүлөнүн жана достук мамилесинин бузулушунун бирден бир себеби. Ошондуктан жалаа жабуу жалгыз эле адамга эмес, аны курчап турган чөйрөгө да жамандык кылуу болуп саналат..



**Ой Жүгүртүү**

Башка бирөөгө жалаа жаптым деп ойлогону менен адам өзүнө душмандык кылган болот. Акыры келип анын жалган айтканы билинчү болсо, коомчулук аны бөлүп коюшу мүмкүн.

Көбүнчө намыстуу, адеп-ахлактуу адамдарга, зинага барды, никесин бузду деген жалаа жабылат.

“Акыйкатта, абийирдүү, ак ниеттүү момун айалдарга жалаа жапкандар – бул дүйнөдө да, акыретте да, каргышка  калышат. Албетте, алар үчүн чоң азап бар. Кыйамат Күнү аларга тилдери, колдору, буттары эмне иш кылгандарына күбө болушат” (Нур 24/23-24).

Ислам992 дининде бул нерсе оор күнөө жана кылмыш категориясында. Акылдуу адамдар Аллах Таалага жана акыретке ыйман келтиргендиктен, башкасына жалаа жаап, алардын турмушун бузбайт жана алардын жүзүн жер каратып, уятка калтырбайт.

## Кылган Жакшылыгын Милдет Кылуу

Бир адамдын кылган жакшылыгын милдетт кылуусу, динибизде жагымсыз сапат болуп саналат.. Мындай нерсени акыл-эси тайкы же адеби жоголуп бараткан адам

гана кыла алат. Ал адам кимге жакшылык кылган болсо аны улам эле айтып же кый-мыл-аракети менен билдирип, бей бечаранын жүзүн жер каратып кайра ал кишинин мойнуна жүк жүктөп салат.

"Мал-мүлкүн Аллах жолунда сарптагандарын кийин колко (милдет) кылууну, жагымсыздыкты эрчитпегендердин сооптору Эгелеринин алдында. Аларга коркунуч да, кайгы да жок" (Бакара 2/262).

Мартабалуу адам, жогоруда айтылгандай жардам же жакшылык көрүп мойнуна жүк илингенден көрө кыйналып жашаганым жакшы деп эсептейт. Ошондуктан мүнөзү жакшы адамдар, ар бир ишин колколоп, милдет кылган адамдардан жардам сурашпайт.

## Башкаларды Ушактоо, Аркасынан Жамандоо (Гыйбат)

Бирөөлөрдүн артынан ушак таркатып, жаман сөз айтуу адеп-ахлакка сыйбаган иш. Бул көрүнүш диний адабиятта "гыйбат" деп айтылат

**Ой Жүгүртүү**

Гыйбат – бир адамдын аркасынан ал жактырбаган сөздөрдү ушак кылып таркатуу деген нерсе. Ал адам жөнүндө туура нерсе айтылган чакта да, аркасынан ушактаган туура эмес. Эгер жалган нерселерди айтып ушак-айың кеп таркаткан болсо, күнөөкөр болот.

Гыйбат адамдардын бири-бирине болгон ишеничин бузгандыктан, бул бара-бара коомго да терс таасир эте баштайт. Мунун айынан болсо, бир туугандык жана жардам берүү деген жылуу мамилелер жоголот.

"Эй, ыймандуулар! Шектенүүлөрдүн көпчүлүгүнөн арылгыла. Анткени, айрым шек саноолор – күнөө. Бири-бириңерди аңдыбагыла жана бири бириңерди артыңардан жамандабагыла (тилдебегиле). Силердин араңардан ким эле өлгөн бир тууганынын этин жегенди жакшы көрсүн?! Албетте мынай кылгандан жийиркенесиңер! Аллахка каршы чыгуудан корккула. Чындыгында Аллах – тооболорду Кабыл Кылуучу, Боорукер Зат" (Хужурат 49/12).

Жогорудагы аяттын мазмуну, бизге бирөөнүн аркасынан ушак таратууну, ошол эле адамдын канын ичкенге жана этин жегенге салыштырып, бул нерсенин жийиркеничтүү экенин түшүндүрүп жатат. Ошондуктан ушак-айыңды токтотуу ар бир адамдын жана коомчулуктун милдети.

Адамдын ар намысына шек келтирген, таарынычка жана кастыкка себепкер болгон гыйбаттан узак болуу керек. Анткени гыйбат, достукту өлтүргөн канжар; сүйүүнү солгундаткан түтүн, биримдикти бузган фитна жана күнөөнүн очогу болуп саналат..

Текебердик (Кибир)

Текебердик да Ислам дининин этикасына туура келбеген жаман сапат катары эсептелген нерсе. Анын мааниси – адамдын өзүн мал-мүлк, мартаба, мансап жана ийгилик жагынан башкалардан бийик көрүүсү деп түшүндүрүлөт.

“Адамдарга кекирейбе жана жер үстүндө текеберленип баспа. Акыйкатта, Аллах бардык мактанчаактар менен кекирейгендерди сүйбөйт” (Лукман 31/18).

Текебердик – Ислам дининин этикасына жана Куранга эмне үчүн туура келбей? Бул суроонун жообу: адам баласыны, Аллах Таала берген мүмкүнчүлүктөрүн өзүнүн жетишкендиги деп түшүнүп, динге каршы чыгып, Аллахтан баш тартышы мүмкүн деген сүйлөмдө жатат. Текебердик адамды адашууга алып баргандыктан, Аллах Таала да текеберлерди жактырбайт. Себеби Ислам дининин өзөгүн түзгөн “Аллахтын Жалгыз Экенине Ишенүү” (тавхид) системасына ылайык бардык нерсенин ээси жалгыз Аллах Таала болуп саналат.. Бийиктик жана ызааттуулук жалгыз гана Аллахка таандык болгондуктан, адамда текеберлик болбошу керек. Бул чындыкты билген адам – өзүн, текебердиктен сактайт.

“Жүрөгүндө кыпындай ыйманы болгон адам тозокко түшпөйт. Ошондой эле жүрөгүндө, дилинде кичине эле текебердиги бар адам бейишке кире албайт” (Муслим, Иман, 39).



## Бузукулук (Ифсат)

Жер жүзүнө Аллах Таала тарабынан орнотулган тартипти, жаратылыш түзүлүшүн, айлана-чөйрөнүн ыраатуулугун бузуп талкалоо “ифсат” болуп эсептелет. Ал эмес бир мамлекетке, динге, мал-мүлккө, адамдын жашоосуна, акыл-эси менен намысына, укуктарына жана көз карандысыздыгына, кылган ишине, соода сатык иштерине, биримдигине жана коомдогу тынч жашоосуна зыян тийгизип бузукулук кылуу да “ифсат” деп эсептелет. Ифсаттын терминологиялык мааниси – тең салмактуулуктун бузулушу деген мааниде колдонулат. Эгер адам ден соолугун, жан дүйнөсүн ошондой эле айлана-чөйрөсүндөгү тең салмактуулукту бузса, ифсат кылган болот.

Фасаттын пайда болушу, адамдын адеп-ахлак жана табигый баалуулуктарын өз кызыкчылыгы үчүн колдонуп, ошондо да көзү тойбой аша чаап кеткендигине байланыштуу болот. Адамдын бузукулугу бүтүндөй ааламда хаостун жаралышына себеп болушу мүмкүн. Эң чоң фасат иш, бул, Аллах Тааланын күч кудуретин жана өзгөчөлүктөрүн башка нерселерге жараштырып, Аллахка шерик кошуу болуп эсептелет.

“Адамдардын өз колу менен жасаган жамандыктан улам деңизде да, жерде да бузукулук көбөйдү, туура багыт бузулду. Бул балким (жаман жолдон) кайтар деп Аллах аларга жаман натыйжа берди” (Рум 30/41).

**Ой Жүгүртүү**

İИсламдагы адеп-ахлак эрежелери, бузукулук чыгарган адамдарга каршы чыгып, тынчтыкты орнотуу үчүн атайын жол-жоболорду ойлоп табууну буйрук кылат.

## Көрө Албастык (Хасет)

Хасет деген түшүнүк – бирөөнүн жетишкен ийгиликтерине көзү күйүп, көрө албастыгынан улам ошол адамдын ырыскысы курусун деп тилек кылууну түшүндүрөт. Тагыраак айтканда бир адамдын өзүндө болбогон мүмкүнчүлүккө ээ болгон адамдарды кызгануусу. Сабатсыздык жана ач көздүк, көрө албастын жакын туугандары болуп саналат..

Бул дүйнөдөгү сансыз жакшылык менен коэздуктардын баары бир адамдын табиятында топтолушунун мүмкүнчүлүгү жок. Башка адамдарды кызганган адам, ичи тардык кылып ар кандай жамандыкка барышы мүмкүн. Кызгангандын ордуна башка адамдын ийгилигине жетишүүгө аракет кылуу болсо “суктануу” деп аталат. Бул сапат ахлакты толуктайт, көрө албастык болсо адеп-ахлакты бузуп, адамдын даражасын төмөндөткөн сапат болгондуктан, Куран Каримде, көрө албастардын кызганычынан коргонуу үчүн атайын дуба айтылган:

“Айткын: (Ал) жараткан нерселеринин жамандыгынан, Караңгылык каптаган кезде, анын жамандыгынан, түйүндөргө дем салуучулардын жамандыгынан жана да көрө албастардын көрө албай кызганган жамандыгынан, таңдын Жаратуучу Раббиңе баш калкалайм” (Фалак 113/1-5).

Ислам дини, пенделерге бир тууганчылык, сүйүү жана сый урмат кеңири тараган бир коом сунганы үчүн, биримдикти бузган көрө албастыкка тыюу салат.

Бул тууралуу Пайгамбарыбыз өзүнүн төмөнкү хадиси менен адамдарга эскертүү берет:

“Өз ара ачуулукка берилип, бири-бириңерге көрө албастык кылып кызганбагыла. Боордошторуңарга аркаңарды салып койбогула. Эй Аллахтын кулдары бир-туугандай болгула. Мусулман адамдын, өзүнүн тууганына үч күндөн ашык таарынып капалануусу адал нерсе болбойт” (Бухарий, Адабул-муфрад, I, 491). “Кургак жыгачтын баарын бир эле жалын өрттөп салганы сыңарындай, көрө албастык да жакшылыктардын баарын күлгө айландырып салат” (Абу Давуд, Адаб, 44).

Кызганычтын даарысы Аллах Таалага чын ыклас менен дуба кылуу болуп саналат.. “Эмне үчүн аларда болгон нерсе менде жок!” – дегендин ордуна, “Аларга насип кылган Аллах, мага да бир күн буюрат” деп ишенүү керек.

## Себепсиз Адам Өлтүрүү

Ислам growing динінде жөнү жок эле адам өлтүрүү, Аллах Таалага ширк (шерик) кошкондон кийинки чоң күнөө жана кылмыш болуп эсептелет. Күнөөсүз адамдардын жанын кыйуу, адамзатка жана коомчулукка зыян келтирет, ошондой эле материалдык жана руханий жактан адамдарга залакасы тийген кыймыл-аракет б.э. Аллах Таала, атайлап себепсиз эле адам өлтүрүүгө уруксат берген эмес, жөнү жок эле бир адамды өлтүрүү бүтүндөй адамзатты өлтүргөнгө барабар экенин айткан.

“Ким себепсиз эле бир адам өлтүрүп же жер жүзүнө бузукулук таратса анда ал бардык адамдарды өлтүргөнгө тете” (Маида 5/32).

“А эгер ким бир мусулманды атайлап өлтүрсө, анын жазасы тозок. Ал жакта түбөлүк калат. Ага Аллахты ачуусу келип, Анын каргышына калат. Ага улуу азап даярдап коёт” (Ниса 4/93).

Ой Жүгүртүү

Жашоо, Аллах Тааланын адамдарга буюрган эң жогорку насиби болгондуктан, адамды бул укугунан ажыратууга эч кимдин акысы жок. Адамдын өмүрүн жалгыз гана Аллах Таала алууга укуктуу, ошондуктан адамдын жашоо акысы, ыйык нерсе. Ал эле эмес адамга зыян келтирүү, кордук көрсөтүү Аллах Таалага каршы чыккан менен барабар.



Адамдын жашоо укугу тепселсе, башка укуктары көзгө илинбей калат деген турган кеп. Эгер бул кылмыш токтотулбаса, дүйнөдө хаос жаралат. Ыйык Куран бул кылмышты алдын алуу боюнча, төмөнкүдөй жол-жобо көрсөтүлөт: “Аллахка ыйман келтирген, жакшылыкка үндөгөн, жамандыктан тыйган, (жалпы) адамзат үчүн жиберилген жакшы коом болдуңар!” (Аали Имран 3/110).

## Жалган Айтуу

Жалган айтуу жалпысынан, чындыкты жаап-жашыруу, болгон окуяны болбогондой, болбогон окуяны болсо болгондой кылып айтуу деген маанини түшүндүрөт. Жалгандын түрү суук болот жана жалган айтуу, адамдын баркын түшүрүп, кылдаттыгын жоготот. Мындай болоорун жалган сөздү токуп айтып чыккан адам да билет, анткени ал адам да өзүнө “жалганчы” деген лакаптын жабышып калышын каалабайт.

Жалган айтуу менен адам аброюн жоготот, эч ким ага ишенбей калат. Жалганчылар көбүнчө көрө албас, ичи тар адамдар болушат. Ошондуктан мындай сапаттагы адамдар ишеничтен чыгып калат. Чынчыл болуу адеп-ахлактын жогорку даражасы болсо, жалган айтуу адеп-ахлакка сыйбаган эң төмөн сапат болуп саналат.. Анткени жалган сөз, адамдардын мамилесин бузуу менен эле чектелип калбастан, кээ бир адамдардын укугун тебелөөгө, а кээ бир адамдардын болсо оңойчулук менен көтөрүлүп акысы болбогон ишке орношуп алуусуна себепчи болот. Адам баласынын тунук жана чын дилден курулган мамилесин бузган жалган айтууга, Ислам désinде ачык-айкын тыюу салынган.

"... Ошондой эле жалган сөздөрдөн сактангыла!" (Хаж 22/30).

"Акыйкатта, Аллахтын аяттарына ишенбегендер орунсуз жалгандарды ойлоп чыгарышат. Мына ошолор – жалганчылар" (Нахл 16/105).

Жалган сүйлөө, чоң күнөөлөрдөн бири экендигин эскерткен Пайгамбарыбыз, жалганчынын мунафык экенин айтып өткөн. Жалган, адамдын жеке жашоо-турмушуна зыян алып келгендиктен, башкалар менен болгон мамилеси бузулат жана айлана-чөйрөсүндөгү ишенген адамдар азайат. Ошол үчүн тамаша иретинде болсо да жалган айткан туура эмес. Жалганчылык, адилеттүүлүктү жок кылган өзгөчөлүктө болгондуктан, жалган сүйлөп күбөлүк кылууга тыюу салынган.

Ысырапкерчилик

Кандай гана нерсени болбосун ашыкча чачып, ысырап кылуу адамдын өзүнө да коомго да зыяндуу болгондуктан, Ислам дини мындай сапатты четке кагат. Ысырапкерчилик жалгыз эле мал-мүлктү, байлыкты сапырып чачуу деген мааниге келбейт. Адамдын сөзүн, күч-кубатын, убактысын да арам жолдо үнөмсүз колдонуусу да ысырапкерчилик деп айтылат. Ысырапкор адамга "мусриф" деген термин колдонулат. Ысырапкелчилик тууралуу Куран Каримде мындайча айтылат:

" ... Жегиле, ичкиле, бирок ысырапкорлук кылбагыла! Анткени Аллах ысырапкорлорду жакшы көрбөйт" (Арааф 7/31).

Адам молчулукта жашайм десе анда ак эмгеги менен байлыкка жетишүүсү жана колундагы мал-мүлкүн сарамжалдуу колдонушу керек. Бул мыйзам-ченемдүүлүктүн бирөөсү эле бузулса, анда адамдын жашоосунда тең салмактуулук бузулат жана жокчулук, кыйынчылык көп өтпөй келет. Ошондуктан колунда болгон байлыгын баалай билүү жана керектүү өлчөмдө колдонуусу керек.

Жамандык менен жакшылыктын орто жолун тандап жашоо принцибиндей эле, адамзат байлыгын сарптоодо үнөмдүү болууга аракет кылышы керек. Бир адамдын каражаттарын керексиз эле ашыкча сарптоосу, башка адамдын мүмкүнчүлүктөрүн азайтып салгандыктан, ысырапкерчилик тең салмактуулукту бузат. Улуу Аллах да ар бир нерсени өз өлчөмүндө жараткандыктан, адамзат сарамжал болбосо, өзүнө эле кыйын болот. Тең салмактуулуктун сакталышы адамдын колунда.

"Алар каражаттарды сарп кылаарда ысырапкерчилик да сараңдык да кылышпайт, орто жолду тандап үнөмдүү колдонушат" (Фуркан 25/67).

## Уурулук

Уурулук, бир адамдын башка адамга тиешелүү менчигин жашыруун өз менчигине өткөрүп алышын түшүндүрөт. Башка адамдарга кыйынчылык, жокчулук алып келгендиктен, эмгектенүүдөн баш тартып башка бирөөнүн менчигин уурдап алуу Ислам дининде тыюу салынган. Мындай туура эмес кыймыл-аракетке каршы күрөшүү жалпы адамзаттын милдети болуп саналат.. Ислам дини туура, таза жана жакшы нерселердин көбөйүшүнө салым кошкон, ал эми жамандык, жагымсыз жагдайлардын көбөйүшүнө тоскоол болгон дин. Адал жол менен эмгек акысын табууну буйрук кылган. Ислам динибиз, уурулуктун алдын алуу жана адамдардын коомдо жардамдашуусу, социалдык жактан бири-бирине көмөк көрсөтүүсү үчүн, зекет, садака, карыз сыяктуу түшүнүктөрдү алып келген. Ошону менен бирге акчалай жактан жардамдашууну, ыйман менен толуктап, адамдарга жардамдашуунун жакшы жолдорун көрсөткөн.

“Эй ыйман келтиргендер! Бир-бириңердин мал-мүлкүңөрдү арам жолдор менен жеп койбогула! Бирок, бул өзүңөрдүн ыраазычылыгыңар менен болгон соода жолу менен болсо, анда мүмкүн. Өзүңөргө өзүңөр кастык кылбагыла! Акыйкатта, Аллах силерге Мээримдүү” (Ниса 4/29).

## Адамдарды Шылдыңдоо

Адамдарды мазактоо, аларга акарат кылуу жаман ахлак болуп саналат.. Башка адамдардын арасында жашаган инсан, кааласа да каалабаса да тегерегиндеги адамдар менен мамиле түзүшү керек болот. Көрүнгөндү маскара кылып, акарат кыла берген адамдын башкалар менен мамиле түзүшү мүмкүн эмес.

Бир адамдын башка бирөөнү мазакка алуусу, өзүн андан бийик көрүп, текебердик кылган учурдан башталат. Мындай адам мазактаган адамдын көңүлүн оорутат жана анын абройуна шек келтирет. Текебердик арам нерсе болгондуктан бир адамдын мусулман бир тууганынын көңүлүн ооруткaны да арам деп эсептелинет. Маскаралоо биримдикти жок кылуу менен бирге, жек көрүүнү арттырат.

Динибиз ар бир адамдын кадыр баркы, аброю кол тийбес экендигин эскертип келет. Ошондуктан адамдын жашоосунун мазмуунун түзгөн, (ar-)намысына, аброюна жана кадыр-баркына шек келтирип мазактоого жана маскаралоого болбойт. Момундардын жашоосу ар тараптуу динибиз тарабынан коргоого алынган жана мунун гаранты Куран Карим болуп саналат..

“Эй, ыймандуулар! Бир эл экинчи (башка) бир элди шылдыңдабасын: (Анткени) балким, алар силерден мыкты сапатка ээ. Ошондой эле аялдар да башка аялдарды шылдың кылышпасын: мүмкүн алар өздөрүнөн дурус чыгаар. Бири-бириңерди жемелебегиле! Бири бириңерге ылакап такпагыла! Ыйманга келгенден кийинки бузукулук – кандай ыплас нерсе! Кимде-ким тообо кылбаса, демек, алар – заалымдардын катарында” (Хужурат 49/11).

## Ой Жүгүртүү

Бир коомдогу адамдардын мамилеси, чын ыклас аркылуу куралат. Чын ыкластын борбору болсо жүрөк болуп саналат..

Адамдар бирөөнүн сырткы көрүнүшүн көргөнү менен алардын ички дүйнөсүн билишпейт. Аллах Тааланын назарында болсо ички дүйнө (жүрөктөгү сезимдер) мааниге ээ. Адамзаттын акылы бул нерсени аңдап түшүнүүгө күчү жетпейт, ошон үчүн көрүнгөн эле адамды кордоого, маскаралап көңүлүн орутууга болбойт.

### Көйрөңдүк (Рийа)

Эгер адам башкаларга жагынгысы келсе же жагыныш үчүн сөз сүйлөсө, көйрөңдүгүнүн айынан Аллах Тааланын ыраазычылыгына жетүүдөн куру калат. Эки жүздүүлүктүн башкача формасы болгон көйрөңдүүлүк, атак-даңкка жеткиси келген жана материалдык кызыкчылык көздөгөн адамдарда болот. Мындай адамдар “рийакар” жана “мурайи” деп аталышат. Дүйнөдө жыргалчылыкка жетүү үчүн өз кызыкчылыгын бийик коюу, ыйык деп саналган баалуулуктарга болгон сый-урматтын жоголушу, рийа(я)нын эң жаман түрү болуп саналат.. Бул адат-жоруктар, жалганчылык, кыйтырлык менен коштолгондуктан адамзаттын аброюна жана кадыр-баркына акарат кылуу болуп эсептелет.

Көйрөң адамдардын максаты тез эле билинип калгандыктан, башка адамдардын ишенимине кириши кыйын. Рийанын бардык түрү ахлаксыздыкка кирет, эң жаманы болсо ибадатка кыйтырчылыкты аралаштыруу болуп саналат.. Ибадат жалгыз гана Аллах Тааланын ыраазычылыгы үчүн аткарылышы керек. Аллах Тааланын ыраазычылыгына ылайык болбогон, (сana) адамдарга жагынуу максатында аткарылган ибадат кабыл болбойт. Ошондой эле бирөөнүн көзүнө көрүнөйүн деп Куран окуу, намаз кылуу, орозо кармоо, ажылык сапарына чыгуу, зекет жана садака берүү Исламий ибадатка сыйбаган иш.

“Эй, ыйман келтиргендер! Мал-мүлкүн элдер көрсүн деп сарптаган, Аллах менен Акырет күнүнө ишенбеген (адамга) окшоп, садакаңарды колко кылып, же ыза менен бузуп албагыла. Ал – үстүндө топурагы бар жылма ташка окшош. Ага катуу жамгыр жááса, аны (түшүмүн жууп кетип) таш боюнча калтырат. Алар өздөрү кылган иштин эч бирине ээ боло алышпайт. Аллах – каапыр элдерди туура жолго салбайт” (Бакара 2/264).

Демек, башкалар “такыба” дешсин деп ибадат кылуу, билимдүү болуп көрүнөйүн деп илим жолуна түшүү, колу ачык, берешен экен дешсин деп зекет, садака берүү сыяктуу, Аллах Тааланын буйругуна жана ыраазычылыгына туура келбеген рийа ишин жасоо момун адамдын иши эмес. Анткени рийа, калп эле такыба же акыйкаттуу адам катары көрүнүү менен эл арасында атак-даңкка жетүү, көкүрөк кагып мактанууга окшогон жагымсыз кыймыл-аракеттерге алып барат.

## Зына Кылуу жана Сойкулук

Зына кылуу – никеси жок болгондордун жыныстык катнашка баруусу болуп саналат.. Мындай көрүнүш адамдардын ички дүйнөсүн кирдентип, коомго залакасын тийгизгендиктен Ислам growthинде арам болуп эсептелет.

Анткени Куран Каримде: "Зынага жакындабагыла, анткени ал эң ыплас, жаман жол" (Исра 17/37) деген эскертүү берилет. Акыл-эси жайында болгон адам, мындай жолго барбайт, башка бирөөнүн зынага баруусуна тоскоол болот. Никесиз жыныстык катнаш, бир адамдын намысын кирдетүү эле болуп калбастан, социалдык жашоонун нугун бузган жат көрүнүш.

Зына менен сойкулук, үй-бүлөнү талкалап, жаш муунду булгайт. Ал тургай адамдын ден-соолугуна зыян алып келип, көбүнесе аял затынын кор болушуна алып келет. Ошондуктан зина, Ислам growthинде катуу тыюу салынган чоң күнөөлөрдүн бири. Динге ишенген адамдын руханий дүйнөсүнө коркунуч туудургандыктан, зина деген түшүнүк ыймандуу адамдарда болбошу керек. Коомдогу руханий тартипти бузган жана уят-сыйдын жоголушуна себеп болгон зына, бекем үй-бүлөнүн жоголушуна, жаш балдардын кароосуз калышына түрткү берет.

Мындай адепсиздик адам баласын сүйүү жана мээримдүүлүктөн ажыратат. Зына менен сойкулук кеңири тараган өлкөнүн көпкө сакталып калышы күмөн. Медицина тармагы зына кылуунун ден-соолукка терс таасирин тийгизгенин жана даарыланышы мүмкүн болбогон бир канча оорунун башаты болгонун далилдеп берди. Укуктук жаткан алып караганда, бул балит иштер, жаш муундун тагдырына коркунуч алып келүүчү нерсе болуп эсептелет.



Бул адаттын жайылышына коом жапа тырмак күрөшүшү керек. Ар бир адам дагы өзүн карманып, жыныстык калоосун контролго алышы керек. Мына ошондо гана Аллах Таала ыраазы болгон жана бейишине ылайыктуу адам боло алат. Куран Каримде: "Ырайымдуу Заттын ыймандуу кулдары, Аллахка шерик кылып башка нерселерге табынышпайт, Аллах өлтүрүүгө тыюу салган жандыктарды акысыз, укуксуз өлтүрүшпөйт жана зына кылышпайт. Кимде-ким бул иштерди аткарса, ал жазага тартылат" (Фуркан 25/68) – деп бекеринен айтылган эмес. Аз. Пайгамбарыбыз болсо: "Ким мага, тилимди жана адеп жерлеримди (жыныс мүчөлөрүн) жамандыктан сактайм деген сөз берсе, мен ал кишинин бейишке киришине кепил болом" (Бухарий, Рикак, 23) -, деген жана үммөтүн ыпластыктан узак болуусун буйрук кылган.

**Ой Жүгүртүү**

Чыныгы мусулман, Аллахка чын ыкласы менен ибадат кылат. Адамдар мактасын, жаман көрүп калышпасын же мен тууралуу жакшы ойлошсун деп дүйнөлүк кызыкчылыктарга байланып калбайт.

## Араккордук жана Кумар Ойноо

Ислам growinde, адам баласынын акыл-эси, өмүрү, кийинки мууну, мал-мүлкү жана ишеними өз-өзүнчө баалуулук катары көрүлгөндүктөн арасынан бирөөсүнө болсо да зыян алып келүүчү иштен узак туруусун буйрук кылат. Бул дүйнөдө жана акыретте бактылуулукка жетүүгө бут тоскон, личносттук, үй-бүлөлүк жана коомдук бейпил жашоону бузган ичкиликтин баардык түрү менен кумар ойноо, Исламда тыюу салынган күнөө болуп саналат..



Ой Жүгүртүү

Адам баласынын тарыхында, араккордук жана кумар, дайыма чоң проблемалардын өзөгүн түзүп келген. Бир канча адамды азапка салган, үй-бүлөлөрдүн кыйрашына себеп болгон, ар кандай илдет менен оруулардын жайылышына түрткү берген ичкилик менен кумар, социалдык, психологиялык жана экономикалык проблемалардын очогу болуп саналат..

Бул эки адат, адамдын эң чоң душманы, анткени адамдын ден-соолугуна (дене-боюна) жана ички дүйнөсүнө (руханиятына) түздөн-түз терс таасирин тийгизет. Ичкилик менен кумарга берилген адамдар, тапкан-тутканын ушул эки нерсеге жумшагандыктан, бала-чакасынын ач калышына себеп болушат. Бул эле эмес, жубайына, балдарына кол көтөрүшү мүмкүн, аларга зордук зомбулук көрсөтүшү мүмкүн. Акыр аягы кылмышка барышы мүмкүн. Ичкилик менен кумар, адамдардын арасына бүлүк салып, душмандыкты, таарынычты жайылтып, жаман нерселердин уюткусу болуп калат.

Ошондуктан Куран Каримде буларга тыюу салган аяттар бар:

“Эй, момундар! Арак, кумар, (сыйынуу үчүн) кадалган таштар жана жаанын огу менен төлгө тартуу – шайтандын ыплас иштери. Андан сактангыла! Мүмкүн кутулаарсыңар. Чындыгында, шайтан арактын, кумардын жардамы менен араңарга душмандык же кек сактоону салып, Алланы эскерүүдөн жана намаздан баш тартууңарды каалайт. Ошондой экен, анда тыйылбайсыңарбы?!” (Мааида 5/90-91).

Кумар – адилетсиз, туура эмес жана ноокас жол менен табылган байлык болгондуктан, адамдарды кыйтырлыкка үндөп, башкаларды алдап оңой жол менен акча табууга үндөйт. Бул адатка көнгөн адам, туура киреше табуудан узактайт жана улам улам акча табууга аракет кылып психикалык жактан оруугa чалдыгат. Кумар ойногондор бири-биринин душманына айланат. Араларында достук, бир-туугандык мамилеси токтойт. Мындай зыян, адепсиз адат-жооруктар, кээ бир учурда башка адамдын статусуна жетишем дегенден, же бузулган чөйрөдөн таасирленип пайда болот, кээ бир учурда болсо кызыгуунун айынан башталат. Ичкиликке же кумарга берилген адамдар да, жаш кезинде кызыгышкан же алгачкы кадамдарын ушул жолдо таштаган. Ошондуктан үй-бүлөдө жана окуу жайларда жаштар туура таалим-тарбия алышы керек. Ата-энелер, балдары кайда барганын, кимдер менен достошконунан кабардар болуулары керек. Алар жаш муунга, ыйманын күчөткөн, адеп-ахлагын оңдогон жакшы мисалдарды айтышып, алдыга койгон максаттарынын бийик болушуна шарт түзүүлөрү керек.



## Сыйкырчылык жана Төлгө Ачтыруу

Сыйкырчылык – кайып күчтөр менен мамиле куруу же ошондой күчү бар экенине ишенип кээ бир буюм-тайымдарды колдонуу болуп саналат.. Өзүнүн кызыкчылыгын жана жыргалчылыгын көздөгөндүктөн, сыйкырчылык менен алектенүү адепке сыйбаган нерсе. Анткени сыйкырдын жардамы менен сыйкырчылар, адамдарды алдап мал-мүлкүн тартып алууга аракет кылышат.

Сыйкырчылыкта, Ислам динине туура келбеген адат-жооруктар бар. Мисал катары, жалган айтуу, алдап кетүү, көз бойоочулук, кайыптан кабар берген Аллахтан башка нерселердин бар экенине ишенүү жана адамдардын психикасы менен ойноо ж.б.у.с жаман көрүнүштөрдү айтса болот. Чын ыкластуу мусулман адам, мындай жалганчыларга ишенбей, алардын ишинин өсүп-өркүндөшүнө жол бербеши керек.

Адам баласы жаралган күндөн баштап сыйкыр менен төлгөнүн ар кандай формасы улантылып келет. Ислам дини буларды чоң күнөө деп эсептейт жана буларга ишенүүгө тыюу салат. Тыюу салынып чоң күнөө экени айтылганына карабастан, кээ бир адамдардын сыйкырга ишенүүсү, сыйкырчылыктын толугу менен изилденип бүтпөгөнүнөн улам болуп жатат. Тилекке каршы, сыйкырчылык же төлгө ачтыруу, өзүнчө соода сатык ишине айланып, базар экономикасынын бир бөлүгү болуп калган. Бул болсо, мындай иштен акча тапкан адамдардын дагы да кубандырып жатат.

Чындыгында динибиз, сыйкырчылык, пал ачтыруу, төлгө салуу сыяктуу иштерге тыюу салган. Куран Каримде: "...төлгө менен бөлүнгөн ырыскы (мал) арам кылынды ..." (Мааида 5/3), " ... түйүндөп сыйкырлаган адамдардан .... Таңдын Эгесине баш калкалайм" (Фалак 113/5) – деген аяттар, бул иштерге тыюу салынганын көрсөтүп турат. Пайгамбарыбыз: "Кимде ким, сыйкырчылык кылса же төлгө ачса, ширкке кирген болот" (Насаий, Тахрим, 197, 11) – деген хадиси менен, сыйкырчылык жана төлгөнүн күнөө экенин айтып өткөн.

## Пара Алуу же Берүү (Паракорлук)

Паракорлук, бир ишти батыраак жана оңой жолдор менен бүтүрүү үчүн, бир адамдын башка адамдан мыйзамсыз түрдө акчалай салык алуусу болуп саналат.. Паракорлук, мамлекеттин стабилдүүлүгүн бузган, адамдардын арасындагы ишенимди, биримдикти жана бир туугандык сезимдерди жоготкон, балит жана ыплас нерсе.

Пара алуу же берүү, укук мыйзамынын тепселиши жана коомдук тартиптин бузулушуна алып келгендиктен, бул көрүнүш Ислам дининде арам жана чоң күнөө болуп саналат.. Паракорлор акыретте жазага тартылат жана азапка туш болушат. Улуу Аллах Таала биздин ачык-айкын же жашыруун кыймыл-аракетибизден кабардар экенин Куранда мынтип билдирет:

"Ал (Аллах) кулдары (өткөн учурда) кылган жана (келечекте) кыла турган иштеринен кабардар. (Эч кандай иш Анын кабары болбой туруп аткарылбайт)" (Бакара 2/255). "Ортоңордогу мал-мүлк, байлыкты өз ара арам жолдор менен жебегиле жана күнөө экенин билип туруп адамдардын байлыгынын бир бөлүгүн жешиңер үчүн акимдерге алып барбагыла (пара бербегиле)!" (Бакара 2/188). Пайгамбарыбыз бир хадисинде: "Пара жегендер (алган да берген да) Аллах Тааланын каргышына калат" -, деп айткан (Тирмизий, Ахкам, 9; Абу Давуд Акдиййа, 4).

Динге ишенбеген жана адеп-ахлаксыз адам, Аллах Тааланын азабынан коркпогону үчүн, башка адамдар мени көрбөйт деп ар кайсы жаман ишке барышы мүмкүн. Ыйманы бекем болгон адам болсо, ар бир кадамын Аллах Таала көрүп-билип тургандыгы үчүн жаман иш кылбайт. Мына ушул ишенимге ээ болгон коомчулуктун келечеги кең, адамдары бактылуу болот. Эгер бир мусулман, кылган иштерин Аллах Таала көрүп-билип турганына ишенгенине карабай паракорлукка аралашып калса, Аллах Тааланын туура жолунан чыныр калган болот.

Паракорлук, өлкөнүн материалдык жана руханий байлыктарын азайткандыктан, бул иштен мүмкүн болушунча узак туруу керек. Паракорлуктун жоюлушу үчүн мамлекеттик мекемелердин баары укук коргоо жана мыйзам ченемдүүлүк иштерин толук кандуу үйрөнүп чыгышы керек. Ошондой эле окуу жайлары адеп-ахлактын жактан кубатталып, паракорлукка каршы күрөшүүгө аракет кылышы керек.

## Бөлүмдү Жыйынтыктоо

Ислам адеп-ахлагы, үлгүлүү деп эсептеген адам, мактоого ылайык кыймыл-аракеттерди аткарат, жаман кыял-жорукка болсо жакын жолобойт. Үлгү катары билинген адамдын ыйманы менен кыймыл-аракеттери бир-бирине дал келет. Ал, инсандык сапатын жогору койгондугу үчүн, башкаларга жардам кылуудан качпайт, ар кандай күнөө иштерден узак туруп, намысын коргой билет. Өзүн ар тараптуу өстүргөн адам, милдеттерин, жоопкерчиличктерин аманат катары көргөндүктөн, аманатка кыянат кылудан баш тартат, ар бир ишти кылдаттык менен аткарып адилеттүүлүктөн качпайт, бир-туугандыкка чоң маани бергендиктен, кичи пейилдүү болуудан тажабайт. Мындай адам, турмушта туш болгон кыйынчылыктарды сабырдуулук менен жеңип, жөнөкөй бойдон калат. Убадасын аткаруу, адамдардын өз ара мамилесин бекемдээрин билген үлгүлүү адам, маданияттулугун жана билимин өркүндөткөндөн талыкпайт. Ар дайым башкаларга жардам берүү керектигин унутпаган үлгүлүү адам, адамдарга дайыма жылуу жумшак мамиле жасайт.

Ислам адеп-ахлагына татыктуу жана үлгүлүү адам, инсандын кадырына жана абройуна шек келтирген, сараңдыктан, жалган жалаа жабуудан, кылган жакшылыгын милдет кылуудан, ушак-айың тараткандан, текебердиктен, бузукулуктан, көрө албастыктан, ысырапкерчиликтен, уурулук кылуудан, маскаралоодон, зына жана сойкулук кылуудан, ичкилик ичүүдөн, кумар ойноодон, сыйкырчылыктан ошондой эле паракорлуктан дайыма узак болот.



## Бөлүмдү Анализдөө

1. Жакшылык кылуу жана чынчыл болуунун мааниси кандай?
2. Эмне үчүн намысты сактоо керек?
3. Эмне үчүн Ислам дининде бир-туугандык мамилер маанилүү болуп саналат.?
4. Жөнөкөйлук деген эмне жана эмне үчүн керектүү?
5. Адамдардын жашоосунда, жардамдашуу кандай мааниге ээ?
6. Жалган жалаанын зыяндарын айтып бериңиз?
7. Аллах Таала текебер адамды эмне үчүн жактырбайт?
8. Паракорлуктун зыяндарын санап бериңиз?

## Жыйынтыктоочу Суроолор

**1. Зекет жана садакадан сырткары, Аллах Тааланын ыраазычылыгын алуу үчүн адамдын, бир-туугандарына, кедей-кембагалдарга, атайын фонд-дорго материалдык жактан жардам берүүсү эмне деп аталат?**

А) Иффат (Намыс)

Б) Инфак (Жардам)

В) Таануу

Г) Чынчылдык

**2. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы, аманатка кыянат кылбоо деген түшүнүккө жакын эмес?**

А) Ден-Соолукка Кам Көрүү

Б) Жубайлардын Купуя-Сыр Сөзүн Башкаларга Айтуу

В) Кызмат Өтөө

Г) Адал Соода Кылуу

**3. Төмөнкү түшүнүктөрдүн кайсынысы, акпейил адамдын мүнөзү эмес?**

А) Адамдарга Бейпилдик жана Тынчылык Тартуулоо

Б) Өз Кызыкчылыгы Үчүн Башкаларга Жасакерленүү

В) Кадыр-Баркы Бийик Болуу

Г) Аллах Тааланын Ыраазычылыгына Ылайык Болуу

**4. Текебердик адепсиздик экенин түшүндүргөн сүйлөмдү табыңыз?**

А) Адамдардын Бири-Бирине Болгон Ишенимин Бузгандар

Б) Адамдардын Ачуусун Келтиргендер

В) Адамдарга Насип Кылынган Нерселерди Туура Эмес Түшүнгөндөр жана Бардык Нерсенин Ээси Адам Деп Билгендер

Г) Адамдардын Мамилесин Бузуп, Аларды Уруштуруп Жибергендер

**5. Төмөнкүлөрдүн ичинен кайсынысы, ичкиликке жана кумар ойноого жетелеген себеп болуп саналат.?**

А) Билимдин Тайкылыгы


Б) Туурамчылык

В) Адамдын Алсыз Жактары

Г) Көңүл Бөлбөгөндүк

# IV БӨЛҮМ

# адеп-ахлак



# ИСЛАМ ДИНИНДЕГИ НЕГИЗГИ УКУКТАР

1. Адамдын - Жашоо Укугу.
2. Адамдын - Ден-Соолугун Коргоо Укугу.
3. Адамдын - Билим Алуу Укугу.
4. Адамдын - Ишенүү жана Ибадат Кылуу Укугу.
5. Адамдын Жеке Жашоосуна Кол Тийбестиги Укугу.
6. Адамдын - Мал-Мүлккө Ээ Болуу Укугу.

## БӨЛҮМ ТУУРАЛУУ

Бул бөлүмдө Ислам дининин, адамдардын негизги укутарына берген мааниси тууралуу сөз болот. Адам баласынын – инсан болуп жашап өтүшу үчүн керек болгон бир канча негизги укуктары бар. Ар бир адамдын, жашоого, ден-соолугун коргоого, билим алууга, ишенүү жана ибадат кылууга, жеке жашоосунун кол тийбестигине жана экономикалык жактан ээн-эркин болууга укугу бар. Адамзаттын баалуулуктары да болуп эсептелген бул укуктар, адамды, адам катары таанып-билүүгө жардам берет. Тарыхтын барактарын карап көрсөк, кээ бир адамдардын ушул негизги укутарга ээ болуу үчүн күрөшкөнүн көрөбүз. Бүгүн да кээ бир адамдар, бул укуктарга ээ болуу үчүн күрөшүп келүүдө. Ислам дини болсо, 14 кылым мурда эле адамдардын негизги укуктарга ээ болуусу үчүн шарт түзгөн. “Адам Укуктарынын Жалпы Декларациясы” да адамдын негизги укуктарын коргоону көздөйт.

## ПЛАН

Бул бөлүмдүн соңунда;

1. Адамдардын негизги укуктарын үйрөнүүгө,
2. Ислам дининин – негизги укуктарга берген маанисин билүүгө,
3. Адамдын негизги укуктарынын өз ара байланышын билүүгө,
4. Исламдагы адеп-ахлактын негизинде, адамдын негизги укутарын кантип коргоо керектигин үйрөнүүгө жетишесиз.

## ОКУУ ЭРЕЖЕСИ

Бул бөлүмдү окуунун эрежеси;

1. План коюп окуу жана тиешелүү бөлүмдү анализдөө.
2. Бөлүмдө берилген тапшырмаларды аткаруу.
3. Китептин соңунда көрсөтүлгөн булактардан пайдалануу.

**Изилденип-Үйрөнгүлө**

Адам Бололу – деген сөзду кандай түшүнөсүңөр?

# 1 Адамдын - Жашоо Укугу

Инсандарга пайдалуу болгон нерселердин баары “анын укугу” болуп саналат.. Ислам булактарында болсо, адам дүйнөгө келээри менен ээ болгон жана кийинчерээк ээ болгон “укуктары” деген маанини түшүндүрөт. Юридикалык аталгылардын (терминдердин) ичиндеги “адам укуктары” деген термин, Куран менен Сүннөттө айтылган бир канча өкүмгө тиешелүү тема болуп саналат. адамдын негизги укуктарынын Ислам дининдеги мааниси, адамды – адам катары баалоо жана анын аброюн бардык учурда сактап-коргоо – деген түшүнүктү билдирет.

Адам баласынын укум-тукуму уланышы үчүн эң биринчи кезекте, анын “жашоо укугу” сакталышы жана жогорку оргaндар тарабынан коргоого алынышы керек. Ислам дини да, адамдын жашоо укугунун эң биринчи кезекте коргоого алынышы керек болгон баалуулук экенине басым жасайт. Анткени, эгерде адам баласынын жашоо укугу болбосо, анын башка укукка ээ болушу мүмкүн эмес. Эркиндигинен ажыратылган адам, башка милдет жана жоопкерчиликтерин аткарууга күчү жетпейт.

**Ой Жүгүртүү**

Инсан – жашоо укугуна, төрөлгөн күндөн тартып эле ээ болот. Анткени инсан, ааламдын прототиби жана жалпы адамзаттын үлгүсү болуп саналат.. Ошондуктан башка макулуктардын эң бийиги жана жогоркусу болуп, Аллах тарабынан жаратылган.

Куран Каримде, адамдын жашоо укугу, ыйык болуп саналат.. Жашоо укугу жалгыз эле адамга таандык эмес, өсүмдүктөр жана айбанаттар да жашоого укуктуу жандыктар. Ошондуктан жаныбарлардын баарын сыйлап-урматташыбыз керек. Алардын өмүрү, адеп-ахлактык, диний жана юридикалык жактан керек болгондо гана кыйылат. Адам баласы жашоого жана өмүрүн коргоого укуктуу. Ошондуктан эч бир адам, башка бирөөнүн өмүрүн жана өзүнүн өмүрүн жөнү жок эле кыюуга укугу жок. Жашоо укугу – адамга, коомчулукка жана мамлекетке кээ бир жоопкерчиликтерди жүктөгөн.

Куран Каримде, адамдын болсун башка жандыктардын болсун жөнү жок эле өлтүрүлүүсүн чоң күнөөлөрдөн бири катары эсептейт. Андан сырткары, адамды жана башка жаныбарларды себепсиз эле кырып жок кылган адамдын, каргышка калаарын жана тозокто азап чегээрин билдирген Куран, мындай күнөө кылган адамды Аллах Тааланын жазага тартаарын эскертет.

"Ырайымдуу Заттын чыныгы кулдары – Аллага кошуп, башка кудайларга жүгүнбөйт. Аллах өлтүрүүгө тыюу салган, ошондуктан алар тирүү жанды укуксуз өлтүрүшпөйт жана аягы суйуктук кылышпайт. Кимде-ким муну жасаса, ал жазага тартылат" (Фуркан 25/68).

Аяттагы "акысыз, укуксуз өлтүрбөө" деген түшүнүктө терең маани-маңыз жатат. Бул түшүнүк, адам баласы туулуп, өлгөнгө чейинки доорду ичине камтыган жана бул убакыт ичинде акысыз жана укуксуз Аллахтын мыйзамын бузганга болбойт. Ошондуктан эгер эненин өмүрүнө коркунучу жок болсо, аборт кылдыруу же ымыркайды алдыруу да укусуз өлтүрүү болуп саналат.. Жалпысынан айтканда адамдын жашоо укугун коргоп эле калбастан, анын материалдык жана руханий баалуулуктарын да коргоого алуу керек экендиги Куранда ачык-айрым буйрук кылынган.

Ислам дини бир гана Мусулмандардын жашоосуна зыян келтирилбесин деген эмес. Динибиз бүтүндөй адам баласынын жашоо укугунан ажыратылбашы керектигин буйрук кылган жана ар бир адам сый-урматка татыктуу деп айткан.



Эгер адам өлүм жазасына тартылган болсо анда ал ошого жараша оор күнөө кылган болушу керек. Мисалы коомдун биримдигин бузгандар жана фитна чыгаргандар, мыйзамсыз күч колдонуп адамдардын өмүрүн кыюуга чейин барышы мүмкүн. Аллах Таала айткандай, фитна чыгаруу, адам өлтүргөндөн да оор күнөө: "...Бузукулук (жалган айтып бүлгүн салуу, тополоң чыгаруу ) – адам өлтүрүүдөн да жаман..." (Бакара 2/191).

Ислам дининин негизги принциби, адамдардын ынтымактуу жашашын камсыз кылуу болуп саналат.. Бул принцип адамдын абройлуу, кадыр-барктуу жашап өтүшүнүн негизги жолу.

Ислам done динде адамдын ар бир кыймыл-аракети ыйман менен тиешелүү экени айтылган. Ошондой эле адамдардын, акыретте Аллах Тааланын алдында жооп бере турганын унутпашы керек. Билип туруп бузукулук кылган, адамдардын жашоосуна коркунуч алып келген адамдар бар экени, албетте бизди ойлондурушу керек.

## 2 Адамдын - Ден-Соолугун Коргоо Укугу

Адамдын жашоо укугунан кийинки негизги укугу, ден-соолугун коргоо укугу болуп саналат.. Ооруга чалдыккан адам, биз билгендей башка адамдарды ойлоно албайт. Анткени анын өзүнөн башка ойлой турган адам жок жана башка адамдарга пайда алып келе албайт.

**Ой Жүгүртүү**

- Ден-соолугу чың адам, денеси, руханий абалы жана ички дүйнөсү чың болгон жана башка адамдарга жардамы тийген адам.
- Ден-соолукту коргоо укугу, Ислам done динде, адамдын өзүнө кам көрүүсү деген түшүнүк менен бир мааниде.
- Эгер адамдын ден-соолугуна кам көрүү укугу корголбосо, анда башка укуктарынын корголушу кыйын.
- Ден-соолукту коргоо укугуна, ар бир адам, тил, дин жана улут айырмачылыгы болбой туруп туулган күндөн баштап укуктуу.

Ден-соолугу чың болгон адам, ар бир ишин ойлонуп кылат жана туура чечим кабыл алат. Ошондуктан Ислам дини, ден-соолукка кам көрүү керектигин эскертип, ден-соолукка зыяны тийген ар кандай нерседен узак болуу керектигине басым жасайт. Куран Каримде: “ ... Өзүңөрдү өз колуңар менен коркунучка таштабагыла...” –, деген аят бар (Бакара 2/195). Бул буйрук, Аллах Тааланын жолунда ак эмгек кылуу менен ден-соолугубузга зыян алып келчү адат-жоруктардан узак турушубуз керектигине далалат кылат. Аз. Пайгамбарыбыздын: “Ислам done динде бирөөгө зыян алып келүү жана зыян кылган адамга зыян кылуу менен жооп берүү жок” (Ибн Маажа, Сунан, Ахкам, 17) – деген хадиси бар. Бул хадисте бир адамдын өзүнө да башка адамдарга да зыян алып келүүчү иш менен алек болуусуна тыюу салынган.

Ислам дини буйрук кылгандай, ар бир адам ошондой эле мамлекет башындагы адамдар, эч кандай айырмачылык кылбастан бардык адамдардын ден-соолугуна кам

көрүшү керек. Бир мамлекет өзүнүн жараандарын (бай-кембагал дебестен) ар тараптан колдоого алып, медициналык жардамын аябоого тийиш.

Ден-соолугу чың адамдардан куралган мамлекетте сергек жашоо өкүм сүрүп, ар тараптан өнүгүү болот. Ал эми ар кандай ооруга чалдыккан адамдар, бир коомду курмак турсун өздөрүнө да көңүл бура албай калышы мүмкүн. Коркунучтуу дарт же оору менен күрөшүүдө адамдар топтолуп, социалдык жактан бири-бирине көмөк болушуп, ден-соолукту чыңдоого бардык күч аракетин жумшашы керек.

## 3 Адамдын - Билим Алуу Укугу

Адам баласы туулгандан кийин, укуктарын өнүктүрүү жана аларды таанып-билүү үчүн өмүрүнүн акырына чейин билим алууга тийиш. Билимдүү адам, өзүн эле ар тараптан тарбиялоо менен чектелбестен, башкаларды жакшылыкка үндөйт жана кооптуу иштерден узакташтырат. Ошондуктан билимдүү адамдын башкаларга жол көрсөтүүчү туура билимди жайуусу керек.



**Ой Жүгүртүү**

- Билим, адам баласынын бакытынын ачкычы болгондой эле, адамдын укугун туура таанып билүүсү жана эркиндикке жетишип татыктуу жашоосунун гаранты болуп саналат..
- Мындан сырткары адамдын өзүнүн, талантын, шыгын жана мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүргөн, келегечин кеңейткен, ошондой эле кайсыл маалыматты кантип колдоноорун көргөзгөн негизги булак болуп эсептелет.

Ислам growth динде, адамдын материалдык жана руханий дүйнөсүн байытып, дүйнө таанымын кеңейтип, ошондой эле билген билимин башкаларга туура үйрөтүшү, анын милдети катары каралат.

Билим-алуу укугунун ичинде, үйрөтүү жана үйрөнүү деген түшүнүктөр бар. Адамдын сабатын жогорулатышы жана бир нерсени үйрөнүшү, диний милдеттин катарына кирет. Курандын алгачкы буйругу “Оку..” болгон үчүн, Ислам дини адамдын жогорку билимдүү болушун көздөйт. Адам бир нерсени окуп, изилденгенде гана – жакшыны жамандан, туура нерсени ката нерседен айырмалай алат. Билим (илим) адамды бул дүйнөдө жана акыретте туура жолго салган күл-азык болуп саналат.. Ошондуктан Куран Каримде, окуп-изилденүү керектигин буйрук кылган бир канча аят бар.

"... Чындыгында, пенделердин билимдүүлөрү чын жүрөгүнөн Алланы сыйлап-урматташат ..." (Фаатир 35/28).

" ... (Эй, Мухаммед!) Аларга: "Билгендер менен билбегендер тең боло алабы?", – деп айт..." (Зумар 39/9).

Ислам промежуточ динде билим алуу сыяктуу эле билген нерсесин башка бирөөгө үйрөтүү дагы адамдын диний жоопкерчилиги болуп саналат.. Билген нерсесин башкаларга айтпай, сактаган адам, Аллах Таала берген мүмкүнчүлүктү башкалардан сактаган болуп калат. Ошондуктан кызганычтык кылып билгенин айтпай коюу туура эмес. Аз. Пайгамбарыбыз: "Эгер кимде ким билгенин башкаларга айткандан качкан болсо, Аллах Таала акыретте ал адамга чоктон жасалган жүгөн салат" –, деп айткан (Тирмизий, Илım, 3).

**Ой Жүгүртүү**

Ислам дини, адамга жашоо укугунан кийин эле билим укугунун берилишин, адамдын өзүн ар тараптан өнүктүрүүсүнө жана коомдун илгерилеп, өнүгүшүнүн жалгыз шарты деп эсептейт.

"Силер, Аллахка ыйман келтирген, жакшылыкка үндөгөн, жамандыктан тыйган, (жалпы) адамзат үчүн жиберилген жакшы коом болдуңар! ..." (Аали Имран 3/110) деген аятта, билимдүү адамдар гана жакшылыкка үндөп, жамандыктан тыйа алары көрсөтүлүп турат.



## 4 Адамдын - Ишенүү жана Ибадат Кылуу Укугу

Ислам дининин өзөгү, адамдын ишеним эркиндигин түзгөндүктөн, ар бир адамдын ишеним укугу сыйланышы керектигине басым жасайт. Аллах Таала, ишенип-ишенбөөдө адамдарды ээн эркин кылып жаратканы үчүн, Исламда белгилүү бир ишенимге кирүү үчүн мажбурлоого тыюу салат. Бул тууралуу төмөндөгүдөй аяттар бар: " ... Бул Акыйкат (Куран) – Эгеңерден (түшкөн)!" – деп айткын. Ошондон кийин ким кааласа (Аллахка) ишенсин, ким кааласа каапыр болсун ..." (Кахф 18/29). "Динде зордоо жок. Чындыгында, тууралык менен азгырыктын ажырымы айкын болду. Кимде-ким будпарастыктан баш тартып, Аллахка ыйман келтирсе, ошондо ал (эч качан) кыйрабас бекем таянычка ээ болот. Аллах – Угуучу, Билүүчү!" (Бакара 2/256).

Көрүнүп тургандай, динибиз зордук-зомбулуктун кандайдыр бир түрүн эмес, өзүн тыйган. Исламда зордук-зомбулуктун болбогонун, Аз. Пайгамбарыбыздын жашоосунан көрсөк болот. Бул тууралу Куранда мындай баяндалат: "Эгер Аллах кааласа, алар Аллахка шерик кошо алмак эмес. Бирок, Биз сени аларга көзөмөлчү кылган эмеспиз

жана сен аларга өкүл дагы эмессиң” (Анаам 6/107). Аллах Таала, адамдар мажбурлоо аркылуу менен эмес, өз эрки менен Өзүнө кулдук уруп, баш ийүүсүн каалайт.

Акыретте жоопко тартыла турган адам, жашоосун өзү тандашы керек. Ошондуктан кайсыл динге ишенип, кандай ыйбадат кылаары анын эрки болуп саналат..

## 5 Адамдын Жеке Жашоосуна Кол Тийбестиги Укугу

Бир адамдын, башка адамдардан сыр сактап, эч кимге айтпаган жашоосу, жеке жашоосу болуп саналат.. Жат адамдардын жеке жашоосуна кийгилишип, сырларын үйрөнүп алып башкаларга жарыя кылышы, адамдын акысын жеген менен барабар. Бирок адам социалдык жандык болгону үчүн, өзүнө жакын көргөн адамына сырын айтып, сырлары менен бөлүшүшү мүмкүн. Мына ушул жерде, сырын билген адам, өтө этият болушу жана сырга бекем турушу керек.



Ислам growth динде, жеке жашоонун кол тийбес экени, бир канча жагдай менен толукталган. Бул жагдайларды бузганга болбойт жана ар бир адамдын жеке жашоосуна сый-урмат көрсөтүлүшү керек. Бирөөнүн сырын изилдеп, жашоосун иликтөө, Куран менен хадисте “тажассус” деп белгиленет жана ахлаксыздыктын белгиси катары көрүлөт. Тажассуска тыюу салган аятта, адамдын жашоосунун дээрлик баардык жагы сыйланышы керектигинен кабар берет.

“Эй, ыймандуулар! Шектенүүлөрдүн көпчүлүгүнөн арылгыла. Анткени, айрым шек саноолор – күнөө. Бири-бириңерди аңдыбагыла жана бири бириңерди артыңардан ...” (Хужурат 49/12).

Тажассус – бир адамдын башка адамдын жашоосун аңдып, изилдеп, сырын үйрөнүүгө аракет кылуусу болуп саналат.. Башка бирөөнүн махрам (арамдан сакташы керек болгон жеке менчиги) нерсесин жана жөнөкөй эле сырларын билүүнүн кереги да жок. Мисалы, бирөөнүн банкта канча акчасы бар экенин билүү максатында анын банктагы маалыматтарын изилдөө, ошондой эле уруксатсыз бирөөнүн күндөлүгүн аңтарып текшерүү “тажассус” болуп саналат..

Адамдын негизги укуктарын коргоо максатында, анын жеке жашоосунун кол тийбес баалуулук экенин билдирген Ислам дини, тажассустун күнөө экенин төмөнкү аят менен тастыктайт: “Эй, момундар! Өз үйүңөрдөн башка үйгө уруксат алмайынча жана үй ээсине салам бермейинче кирбегиле. Бул – силер үчүн жакшы. Мүмкүн эсиңерге келээрсиңер!” (Нур 24/27).

Диндеги негизги жобо, бир адамдын башка бирөөнүн жеке жашоосуна тиешелүү сырларын капыстан билип калса да, элге жайбоосу керектиги.

“Кимде ким бул дүйнөдө мусулман бир тууганынын кемчилигин жаап жашырса, Аллах Таала да ошол адамдын кемчиликтерин акыретте жаап жашырат. Кимде ким бул дүйнөдө мусулман бир тууганынын кемчилигин элге жайып таратса, ал адамдын кемчилиги акыретте Аллах Таала тарабынан ачыкка чыгарылат” (Ибн Маажа, Худууд, 5).

Кээ бир учурда жогоруда айтылган жана тыюу салынган эрежелер бузулуп калышы мүмкүн. Мисалы үйү өрттөнүп жаткан адамды үйүнөн алып чыгып жанын куткаруу. Ошондой эле адвокат, нотариус жана врачтардын, кээ бир адамдын сырларын, ишин аткаруу максатында билишинде коркунуч жок. Бул жердеги маанилүү нерсе, жеке жашоого тийиштүү маалыматтардын башка адамдарга таркатылбашы болуп саналат.

## 6 Адамдын Мал-Мүлккө Ээ Болуу Укугу

Ислам growth диниnde адал жол менен бир продукцияны өнүктүрүү же ал продукциядан пайдаланууну адамдардын мүмкүнчүлүгү деп эсептейт. Ар бир адам, азык-түлүк же керектүү материал өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мамлекет да жарандарына бул жагдайда шарт түзүп берүүгө милдеттүү.

Адамдар жашоосун уланта билүү үчүн, эмгектенүүсү керек. Бул тема тууралуу Куранда: “Ар бир инсанга кылган эмгеги пайдасын берет” (Нажм 53/39) – деп бекеринен айтылган эмес. Ар бир адам эмгектенүүгө акысы бар жана эмгек акысын гарантияга алуу үчүн өзү каалаган фонддорго мүчө болуу эркиндиги бар. Жалкоолукту жактырбаган динибиз, эмгек кылгандардын акысын толук жана өз убагында берүүнү талап кылат.

Ар бир адам эмгектенип, адал жол менен мал-мүлккө ээ боло алат, бирок ысырапкерчиликке жол бербөөсү керек. Куран Каримде, адамдардын адал иштеп тапканын топтоп байлыкка ээ боло алаарына уруксат берген аяттар бар. Алардын биринде мындайча айтылат: “ (Тапканыңарды) Жегиле, ичкиле, бирок ысырапкорлук кылбагыла! Анткени Аллах ысырапкорлорду жакшы көрбөйт” (Араф 7/31).

Ислам дини башкалардын акысын жегендикти күнөө деп эсептейт. Бирок мал-мүлктүн ээсине зыяны тийбесе, мамлекеттин келечеги үчүн, анын байлыгын убактынчалуу пайдаланып туруу керектигин айтат.

## Бөлүмдү Жыйынтыктоо

Бакубат жашоо үчүн адамга, керектүү болгон нерсенин баары анын укугу болуп саналат.. Кээ бир укуктар адам туулган күндөн баштап күчүнө кирсе, кээ бир укуктарга адам өз аракети менен жетишиши керек. Юридикалык тил менен айтылган “адам укуктары”, Куран менен Сүннөттүн өкүмдөрү менен толукталган.

Ислам growing дининде, адамдын укугу, анын адамдай болуп жашоосуна шарт түзгөн баалуулуктарда бар. Адамдын жашоо укугу, анын бардык укуктарынын өзөгүн түзөт. Жашоо-турмуштун жекелигине кол тийбестик, мыйзамдын чегинде дайыма сакталышы керек. Жашоо укугунан кийин, адамдын ден-соолугуна кам көрүү укугу келет. Дени сак адамдар, ар тараптан өнүккөн жана адам жашоосуна коркунуч алып келбеген идеалдуу өлкөнү кура алышат. Ислам дининдеги, ден-соолукту коргоо укугунун адамга, милдет катары жүктөлүшүнүн себеби мына ушундан улам келип чыккан.

Адамдын жашоо эркиндигин уланткан укуктарынын бирөөсү, билим алуу укугу болуп саналат.. Ислам дини, адамдын өзүн ар тараптан (материалдык жана руханий) өнүктүрүүсү үчүн такай билим алуусун жана билгендерин башкаларга туура-так үйрөтүүсүн буйрук кылган.

Ислам дининин өзөгү, адамдын ишеним эркиндигин түзгөндүктөн, ар бир адамдын ишеним укугу сыйланышы керектигине басым жасайт. Зордук-зомбулуктун кандай гана түрү болбосун, динибизде тыюу салынган. Макулуктардын арасындагы эң жогорку мартабага ылайык көрүлгөн адамзаттын, жеке жашоосу анын өздүк менчиги болгондуктан, Ислам дини бул жагдайда адам баласына гарант болуп бере алат. Ошондой эле адамдын, токчулук-молчулукта жашоосу үчүн адал жол менен мал-мүлк ээси болуусуна шарт түзөт.

## Бөлүмдү Анализдөө

1. Адамдын Жашоо Укугу Эмне Үчүн Эң Негизги Укук Болуп саналат.?
2. Ден-Соолукка Кам Көрүү Укугу Эмнелерди Камтыйт?
3. Билим Алуу Укугу Эмне Үчүн Керектүү?
4. Адамдын Жеке Жашоосу Эмне Үчүн Кол Тийбестикке Ээ?
5. Мал-мүлк Ээси Болуунун Мисалдарын Санап Бериңиз.

## Жыйынтыктоочу Суроолор

**1. Төмөндө айтылган пикирлердин кайсынысы жашоо укугун коргоо жана сыйлоо керектигине тиешеси жок?**

А) Адамдын адам болуп жашоосу үчүн, бул жашоодогу милдеттеринин баарын толугу менен аткарышы керек.

Б) Эгер адам табигый укугу болуп саналган жашоо укугуна ээ боло албаса, жоопкерчиликтерин жана милдеттерин аткара албайт.

В) Жашоо укугу колунан алынган адамдын башка укуктарга ээ болушу мүмкүн эмес.

Г) Жашоо укугу, адамга бардык нерсени жасоо/аткаруу укугун берет.

**2. Төмөнкү сүйлөмдөрдүн кайсынысы, ден-соолукка кам көрүү укугуна кирбейт?**

А) Денесин өзү каалагандай колдонуу.

Б) Мединицалык жактан жардам алуу.

В) Врач же доктордү тандай алуу мүмкүнчүлүгү.

Г) Руханий дүйнөсүн коргой алуу.

**3. Төмөндө берилген варианттардын ичинен кайсынысы, адамдын ар тараптан өнүгүүсүнө жардам берет?**

А) Жеке жашоонун кол тийбестиги

Б) Билим алуу укугу

В) Экономикалык укуктар

Г) Мамиле куруу мүмкүнчүлүгү

**4. Төмөндө жазылган пикирлердин кайсынысы ишенүү жана ибадат кылуу укугунун булактарынын арасына кирбейт?**

А) Аллах Таала, адамдардын мажбурланбастан өз эрки менен Өзүнө кулдук уруп ибадат кылууларын буйрук кылат.

Б) Акыретте жоопко тартылчу адам өз эрки менен ишенемин тандоого тийиш.

В) Зордук-зомбулук кылып адамдары жалгыз динге ишендирүүгө мажбурлоо керек.

Г) Аллахтын буйругунда, адамдарды зордук менен динге чакыруу жок.

**5. Тажассус – деген түшүнүктүн маанисин табыңыз?**

А) Биреөлөргө Жардам Көрсөтүү

Б) Башкалардын жеке жашоосун иликтеп, аңдып жүрүү.

В) Ушак-айың таркатуу.

Г) Ысырапкерчилик.

адеп-ахлак

# V БӨЛҮМ

# Милдет Жана Жоопкерчиликтер

1. Аллах Тааланын Алдындагы Милдет Жана Жоопкерчиликтерибиз
2. Пайгамбардын Алдындагы Милдет Жана Жоопкерчиликтерибиз
3. Адамдын Өзүнүн Алдындагы Милдет Жана Жоопкерчиликтери
4. Бир Туугандардын Бири-Биринин Алдындагы Милдет Жана Жоопкерчиликтери
5. Перзенттин Ата-Энесинин Алдындагы Милдет Жана Жоопкерчиликтери
6. Аял - Эрдин Бири-Биринин Алдындагы Милдет Жана Жоопкерчиликтери
7. Ата-эненин Перзенттеринин Алдындагы Милдет Жана Жоопкерчиликтери
8. Үй-бүлөнүн Улууларынын Алдындагы Милдет Жана Жоопкерчиликтерибиз
9. Урук-тууган, Коңшу жана Коомдун Алдындагы Милдет Жана Жоопкерчиликтерибиз
10. Айлана-Чөйрөнүн Алдындагы Милдет Жана Жоопкерчиликтерибиз
11. Мамлекетибиздин Алдындагы Милдет Жана Жоопкерчиликтерибиз
12. Кесиптик Милдет Жана Жоопкерчиликтерибиз
13. Өзүн Адептүү Алып Жүрүү Нормасы (Этикет)

## БӨЛҮМ ТУУРАЛУУ

Бул бөлүмдө, биздин өздүк жана коомдук милдет жана жоопкерчиликтерибиз изилденет. Жоопкерчиликтин диний жана адеп-ахлактык нормасы талкууга алынат. Өздүк жоопкерчиликтерибиз, Аллах Тааланын, Пайгамбардын алдындагы милдеттерибиз б.э. Ошондуктан момун-мусулмандын эң негизги милдети, Аллах Таалага баш ийүү жана пайгамбардын жолунда жүрүү болуп саналат. Адам, денесине жана жан дүйнөсүнө кам көрүп, азык-түлүгүн, турак-жайын камсыздап, ибадатын толугу менен аткарганда, өзүнүн милдетин аткарган болот. Өздүк милдетине кошумча, адамдын коомдун алдындагы милдетттери жана жоопкерчиликтери бар. Перзенттердин ата-эненин, аял-эркектин бири-биринин, ата-эненин болсо перзенттеринин алдындагы милдет жана жоопкерчиликтери, үй-бүлө мүчөлөрүнүн дайыма ынтымак-ырашкердикте жашоо үчүн керек болгон адеп-ахлактык нормаларды болуп саналышат. Адам баласы социалдык жандык болгондуктан, коомдо өзүн алып жүрүү жана башка адамдар менен сылык мамиле куруунун жолдорун билиши керек. Мунун менен бирге, урук-тууган, коңшу-колот менен да жакшы мамиледе болушу керек. Адамдардын өз ара мамилесинин өөрчүп-өнүгүшү үчүн, сөзсүз түрдө коомдогу этикалык нормалар сакталышы керек. Айлана-чөйрөсүн таза кармоо, сактоо жана туура пайдаланууну билген адам, мамлекетинин, табияттын жана коомдун алдындагы милдетин туура аткарган болот. Адам баласынын өз кесибин сүйгөнү анын мамлекетинин алдындагы парызын туура аткарып жатканынан кабар берет.

## ПЛАН



Бул бөлүмдүн соңунда;

1. Өздүк жана коомдук милдет жана жоопкерчиликтерибизди билүүгө,
2. Аллахтын жана пайгамбардын алдындагы милдеттерибиз менен жоопкерчиликтерибизди сезүүгө,
3. Адам өзүнө кам көрүү үчүн эмнелерге көңүл бурушу керектигине,
4. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-биринин алдындагы милдети жана жоопкерчиликтерин сезүүгө,
5. Ата-эненин алдындагы перзенттик милдет жана жоопкерчиликтерибизди үйрөнүүгө,
6. Ата-эненин балдарынын алдындагы милдети менен жоопкерчиликтерин үйрөнүүгө,
7. Жубайлардын бири-биринин алдындагы милдет жана жоопкерчиликтерин үйрөнүүгө,
8. Үй-бүлөдөгү улууларыбызды кантип сыйлап-урматтоону үйрөнүүгө,
9. Тууган-урук, коңшу-колот жана башка адамдардын алдында дагы милдет жана жоопкерчиликтерибизди билүүгө,
10. Айлана-чөйрөнүн алдында кандай милдет, жоопкерчиликтерибиз бар экенин билүүгө,
11. Мамлекеттин, өлкөнүн алдындагы милдетибиз, парзыбыз кандай экенин үйрөнүүгө,
12. Кандай кесипке ээ болсок да кесибибизди туура так аткаруу керектигин түшүнүүгө,
13. Коомдо өзүбүздү кандай алып жүрүшүбүз керектигин аныктаган нормаларды үйрөнүүгө жетишесиз.

## ОКУУ ЭРЕЖЕСИ

Бул бөлүмдү окуунун эрежеси;

1. Китептеги темаларды толугу менен түшүнүүгө аракет кылыңыз.
2. План коюп окуу жана тиешелүү бөлүмдү анализдөө.
3. Бөлүмдө берилген тапшырмаларды аткаруу.
4. Китептин соңунда көрсөтүлгөн булактардан пайдалануу.

# 1 Аллах Тааланын Алдындагы Милдет Жана Жоопкерчиликтерибиз

Аллахка ишенип, Ага кулдук уруу ар бир адамга парз кылынган. Антпесе да акылдуу адам, эң алгач бардык нерсенин жаратуучусу болгон Аллахка ыйман келтирүү керектигин түшүнүп жетет. Анткени Жаратуучу – Аллах, ал эми адам болсо жаратылган жандык. Аны, бул дүйнөнүн ар түрдүү ырыскысына бөлөгөндүгү үчүн, адам баласы Жараткан Аллахты сүйүп, урматтап, Ага шүгүр келтирип жана Анын буйругуна моюн сунуп жашоого милдеттүү.

Куран-ы Каримде, адам баласы бул дүйнөгө Аллахты таанып, ишенип жана кулдук уруп жашоо үчүн келгени (Зарият, 51/56) ачык-айкын айтылган. Аллахты сыйлаган адам, Ага өтө жакын болот жана мартабасы жогорулайт:

"Эгер алар ыйман келтирип жана такыба болушса, анда Аллахтын алдындагы сооп – эң мыкты, эгер аны билишсе." (Бакара, 2/103)

Адам баласы, Аллахка кулдук уруп, ыйман кылуу аркылуу, Анын алдындагы милдет жана жоопкерчилигин аткарган болот:

"... Мага гана сыйынгыла – бул эң туура жол!"..." *(Йасиин, 36/61)*

Адам баласы, Аллахтын алдындагы милдет жана жоопкерчиликтерин Куран-ы Каримден окуп үйрөнөт. Өзүнүн ырыскыны колдонуучу, Аллахтын болсо дайыма ал үчүн ырыскы берген зат экенин билет. Ошондо Аллахтын алдындагы жоопкерчилигин толугу менен түшүнүп чыгып, милдетин толугу менен аткарат жана башка жандыктардын алдындагы милдет жана жоопкерчиликтерин таанып билет.

Аллах менен адамдын ортосундагы мамиледе, эгер адам жаңылыштык кылса, аны Аллах кечирет. Болгону адам, бир эле катачылыкты кайра-кайра аткарбашы керек. Куранда дагы, адам баласы эч качан Аллахтан үмүтүн үзбөй дайыма кечирим сурашы керектиги жазылган. Эгер адам баласы чын жүрөгү менен кечирим сурап, жалынып жалбарса, Аллах да анын каалоо тилегин аткарат:

Ким күнөө иш жасаса же өз жанына зулумдук кылса, андан соң Аллахтан кечирим сураса, Аллах да кулуна Кечиримдүү, Мээримдүүлүгү менен кайрылат. (Ниса, 4/110)

Дуба кылуунун өзгөчө мааниси бар. Анткени адам менен Аллахтын ортосундагы мамиле, дуба аркылуу бекемделет. Себеби инсандар дуба кылганда, Аллахтан кечирим, жардам сурашат жана кулдук кылып, Аллахка умтулат:

"Эгер пенделерим сенден Мен тууралуу сурашса, "Мен жакынмын. Качан Мага дуба кылса, дубасын кабыл кылам. Мага да жооп кылышсын! Мага ыйман келтиришсин! Мүмкүн алар туура жолду табышаар (–дегин)." *(Бакара, 2/186)*

## 2 Пайгамбардын Алдындагы Милдет Жана Жоопкерчиликтерибиз

Пайгамбарыбыз бизге дин жолун жана Куран-ы Каримди түшүндүрүп үйрөттү. Ошондуктан Куранда, Пайгамбарды ээрчип, аны үлгү алып жашашыбыз керектиги (Ахзаб, 33/21; Калам, 68/4) айтылган. Себеби пайгамбардын адеп-ахлагы Курандын өзөгү болуп эсептелет (Муслим, Мусаафирин, 139). Пайгамбар, инсандарга туура жол көрсөткөн жол башчы, кабарчы, эскертүүчү жана үйрөтүүчү (Шура, 42/52; Ахзаб, 33/45-46) болгону үчүн, Аллах Таала, Ыйык Куранда Аз. Мухаммеддин (с.а.с.) жолун жолдоону буйрук кылган.



"Анан дагы айт: "Эгер силер Аллахты сүйсөңөр, анда мени ээрчигиле" (Аали Имран, 3/31) "Ким пайгамбарга баш ийсе, албетте ал Аллахка баш ийгени." (Ниса, 4/80)

Ошондуктан пайгамбарды сүйүп, аны сыйлап-урматтап, ага баш ийүү – биздин милдет жана жоопкерчиликтерибиздин бири болуп саналат..

Пайгамбардын алдындагы милдет жана жоопкерчиликтерибизди билүү үчүн, анын жашоо-турумушун толугу менен окуп чыгышыбыз керек. Сахабалар андан үлгү алып, кунт коюп угуп, анын турмушун кийинки урпактарга түшүндүрүшкөн. Аз. Мухаммед (с.а.с.) чынчыл, ишеничтүү, ырайымдуу, кайраттуу, сабырдуу, жөнөкөй жана түшүнүктүү адам болуп жашап өткөн. Убадасын аткарган, чындыктын жана акыйкаттын жанында болгон үчүн дайыма кеңешип иш алып барган. Иш убактысын мыкты пландаштырып эч качан бир ишин кечиктирген эмес. Биздин анын алдындагы милдет жана жоопкерчиликтерибиз, ал бизге калтырган диний эрежелерди бузбай жашоо болуп саналат.

**Сөз Сизде**

Пайгамбарыбыздын аты айтылганда, анын урматы үчүн кайсыл сөздөрдү айтабыз?

Пайгамбардын атын сый-урмат менен айтабыз жана аны сүйөөрүбүздү жасаган мамилебиз аркылуу көрсөтөбүз. Себеби, пайгамбарга сый-урмат көрсөтүү биздин милдетибиз экенин Аллах, Куран-ы Каримде айтып өткөн.

“Шексиз, Пайгамбарга периштелер да салават айтып турушат. Эй, момундар! Ага салават жана салам айткыла.” *(Ахзаб, 33/56)* “Пайгамбар – момундарга өздөрүнөн да артык.” *(Ахзаб, 33/6)*

Мусулман адамдын Пайгамбар менен жакындыгы кандай экенин төмөнкү хадистен билсек болот:

“Мени атаңардан, балдарыңардан жана бүткүл инсандардан дагы да жакын көрбөсөңөр чын ыкласыңар менен ыйман келтирген болбойсуңар” (Бухарий, “Иман”, 8)

## 3 Адамдын Өзүнүн Алдындагы Милдет Жана Жоопкерчиликтери

Адам өзүнүн алдында жоопкерчиликтүү болууга, денесин жана жан-дүйнөсүн коргоого милдеттүү. Адам баласы диний милдеттерин так аткара алышы үчүн эң алгач ден-соолугу чың болушу керек. Аллах денебизди бизге аманат кылып берген үчүн пайгамбарыбыз да айткандай, денебизди кандай колдонгонубуз тууралуу акыретте суракка тартылабыз (Тирмизий, “Кыйаама”, 1). Аманат катары берилген дене-бойду жана өмүр-жашоону көздүн карегиндей сакташыбыз керек. Ислам дини, өз өмүрүн кыюуга уруксат берген эмес.



**Ой Жүгүртүү**

Ден – соолукту эмне үчүн коргошубуз керек?

Ислам дини, алкоголь ичүүгө, баңгизат колдонууга, кумар ойноого, сойкулук кылууга, ден-соолукка зыяны тийгени үчүн тыюу салган. Арам иштен узак туруу Куран-ы Каримде: “Өзүңөрдү өз колуңар менен отко (тозокко) таштабагыла” (Бакара, 2/95) деген аят менен түшүндүрүлгөн. Пайгамбарыбыз убагында ден-соолугун ойлобой ыйбадатка берилип кеткен бир адамга: “Ден-соолугуңду сактагын, анткени анын да сенде акысы бар” (Бухарий, Савм, 55) деп эскертүү берген. Ар бир адамдын ден-соолугун сактоосу, өзүнүн жана өлкөсүнүн алдындагы милдет жана жоопкерчилиги болуп саналат. Пайгамбарыбыз бул жөнүндө: “Дени сак момун, оорукчан момунга караганда көбүрөөк пайдалуу” (Муслим, Кадар, 34) деген жана бир адам мамлекетине пайда алып келүүсү үчүн, ден-соолугу жана психикасы чың болушу керектигине басым жасаган.

Адам руханий жактан өзүнө кам көрүүгө милдеттүү. Адам баласы башка жандыктардан, акылы; зээни; ишенүү жана этика-эстетика өзгөчөлүгү менен айырмаланып турат. Мына ушул артыкчылыктарын туура колдонуп, ар тараптан өзүн өнүктүрүшү – адамдын өзүнүн алдындагы милдети жана жоопкерчиликтери болуп саналат..

# 4 Үй-Бүлө Мүчөлөрүнүн Бири-Биринин Алдындагы Милдет Жана Жоопкерчиликтери

Үй-бүлө – коомдун пайдубалын түзөт жана ал канчалык деңгээлде бирдиктүү болсо, коом да ошончолук бирдиктүү жана күчтүү. Адам баласы өзүн үй-бүлөнүн ичинде гана бактылуу сезе алат. Динибиз убагы келип бойго жеткенде үйлөнүп, бүлө курууну бекеринен сунуш кылган эмес (Нур, 24/32). Социалдык структура катары маанилүү орунга ээ болгон үй-бүлөнүн биримдикте жашап кетиши үчүн, бүлө мүчөлөрүнүн ар бирине белгилүү өлчөмдө милдет жана жоопкерчилик жүктөлгөн. Булардын эң башкысы, бүлө мүчөлөрү бири-бирин сүйүп, урматтап жана түшүнүп, кандай милдет болбосун чыдамкайлык менен аткаруусу болуп саналат.

## Перзенттердин Ата-Эненин Алдындагы Милдет жана Жоопкерчиликтери

Перзенттин, жарык дүйнөгө алып келип, ымыркай кезинен тойгозуп, тарбиялап өстүрүп, бойго жеткирген ата-энесинин алдында, милдеттери жана жоопкерчиликтери бар экени жалпыга маалым. Ислам дини да Аллахка ыйман кылуудан кийинки орунга, ата-энени сыйлоону жана аларга жакшы кызмат кылууну койгон (Анам, 6/151-153; Исра, 17/22-37). Пайгамбарыбыз да, ата-энеге урмат көрсөтүп, кызматын кылуу – Аллахка жаккан иш экенин, аларга каршы чыгып, көңүлүн ооруткан болсо күнөө экенин (Бухарий, "Адаб", 1) баса белгилеген.

Перзенттин ата-энесинин алдындагы милдет жана жоопкерчиликтери төмөнкүдөй: материалдык жана руханий жактан кемчилиги болсо, аларды толуктоо. Ошондой эле бейпил жашоо шартын түзүп берүү. Көңүлүн оорутпастан эскертме берүү. Башка адамдардын алдында жемелеп-басмырлабоо. Каалоо-тилектерин орундатуу (арам нерсе болбосо). Сооптуу иштерди жана ыйбадатын аткаруусуна дилгирлик менен жардам берүү. Көзү тирүү кезинде да көзү өткөндөн кийин да, аларга дуба кылуу. Алар о дүйнөгө керез-насыят айтып кеткен болсо сөзсүз аткаруу жана алардын руху үчүн жакшы иш жасоо. Дин менен үрп-адат кандай милдет жүктөгөн болсо, алардын баарын аткаруу.

**Ой Жүгүртүү**

Перзенттердин ата-энесинин алдында дагы кандай милдеттери бар?

## Аял-Эрдин Бири-Биринин Алдындагы Милдет жана Жоопкерчиликтери

Үй-бүлө кичинекей коом болсо андагы милдеттердин башкысын аял менен эркек аткарат. Алардын мамилеси, сүйүү, сый-урмат, ишеним сыяктуу аруу сезимдер менен коштолсо гана үй-бүлө бекем болот. Кандай маселе болбосун, алар дайыма биргелешип чечим чыгарышы керек. Үй-бүлөнүн муктаждыктарын камсыз кылуу үчүн дагы өз ара макулдашып, жумуштарды бөлүп ынтымактуу жашашы керек.

Аял менен эркек, өздөрүнүн үй-бүлө ичиндеги милдет жана жоопкерчиликтери кандай экенин пайгамбырыбыздын жашоосунан үйрөнө алышат. Пайгамбар аял затын урматтаган үчүн эч качан аялдарын кагып-урушуп, көңүлүн чөктүргөн эмес. Дайыма назик сөз сүйлөп, жылуу-жумшак мамиле кылган. Бир хадисинде: “Араңарда эң жакшы деп эсептелгендер, үй-бүлөсүнө жакшы мамиле кылгандар (Бухарий, “Адаб”, 86) деп айткан. Куран-ы Каримде Аялдарга туура жана жакшы мамиле кылгыла (Ниса, 4/19) деп бекеринен айтылбаган. Себеби, зордук-зомбулук кылуу жана уруш-жаңжал менен жашоо, үй-бүлөдөгү жылуу сезимдердин жоголушуна алып келет. Бул абалдан таасирленген бала, өспүрүм жана жаш муун да “уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат” деген макал сыңары, зөөкүр, уруш-жаңжалга жакын болуп тарбияланып калышы мүмкүн.

**Чогуу Талкуулагыла**

Пайгамбарыбыз аялдарына кандай мамиле жасаган? Мисал келтирүү менен талкуулагыла.



## Ата-Эненин Балдарынын Алдындагы Милдет Жана Жоопкерчиликтери

Бир баланы тарбиялап өстүрүү, ата-эне үчүн жоопкерчиликтүү иш жана бактылуулуктун булагы. Балдарын адал ырыскы менен өстүрүп, татыктуу тарбия берүү болсо, ата-эненин милдети болуп саналат.

Ата-эненин эң башкы милдеттеринин арасына, балдарын кийиндирүү, курсагын тойгузуу жана ден-соолугуна кам көрүү ж.б. кирет. Ата-эненин бала-бакырасы үчүн жумшаган акча-байлыгын, пайгамбарыбыз жумшалган каражаттын эң сооптуусу деп айткан. Пайгамбарыбыз айрыкча, үй-бүлөдө муктаж бала өстүрүүнүн жакшы эмес экенин төмөнкү хадисинде ачык-айкын айткан:

“Бир адам күнөө иш кылам десе, анда үй-бүлөсүн ач калтырганы жетиштүү” (Абу Дауд, “Закат”, 45).

Кичинекей бала ден-соолугу чың жана руханий дүйнөсү таза болуп өсүшү керек. Ошондуктан аларды сүйүүдөн, эркелетүүдөн баш тартпоо керек. Пайгамбарыбыз да балдарын, неберелерин аябай жакшы көргөн. Ал тургай башка балдарды да өз баласындай көрүп, мээримин аяган эмес. Балдарга катуу сүйлөп, кагып-силкип шагын сындырган эмес. Ката кылган болсо кечирген, кучагына алып көтөргөн жана алар менен кошо ойногон. Бала десе жаныңды бересиң, аларды эмне үчүн мынчалык жакшы

көрөсүн? – деп таңыркаган адамга, пайгамбарыбыз: “Аллах Таала мээримдүүлүктү сенин жүрөгүңдөн алып койгон болсо, сен мунумду түшүнбөйсүң” () деп гана сынга алган. Сүйүү, мээрим сыяктуу жылуу сезимден узак болуп өскөн бала, келечекте кылмыш иштерине тез эле аралашып калышы мүмкүн.

Ата-эне ар бир баласын окутуп, билимин жогорулатканга милдеттүү. Өспүрүмдөрдүн диний, адеп-ахлактык жана кесиптик билим алышы, маанилүү процесс. Бала канчалык даражада жогорку билимдүү болсо, коомго ошончолук пайдасы тиет. Бул темада пайгамбарыбыз төмөнкү хадисти айтып өткөн:

“Эч бир ата-эненин балдарына жакшы тарбиядан артык мурасы жок” (Таж, V, 8)

**Ой Жүгүртүү**

Балага берилген жакшы тарбия, эмне үчүн өзгөчө мааниге ээ экендигин өз ара талкуулаңыз.

Балдарга үй-бүлөдө алган тарбиясы аябагандай зор таасирин тийгизет жана мындан кийинки жашоосунун калыптанышына шарт түзөт. Жөнөкөй, оор басырыктуу үй-бүлөдө өскөн баланын характери да ошондой болот жана бой жетип өзү бүлө курганда да мына ушул бойдон калат. Ошондуктан ата-эне баласын биологиялык жактан эле эмес, психологиялык-тарбиялык жактан да жакшы калыптындырууга аракеттениши керек.



**Кезек Сизде**

Биологиялык, психологиялык жана тарбиялык жактан ата-эне болуу деген терминдердин ортосундагы айырмачылыктарды айтып бериңиз.

Ата-эне өздөрү алгач балдарына үлгү болушу керек. Аларды түшүнүүгө аракет кылышы керек. Чогуу ойноп, тарбиялык мааниси бар оюндарга кызыктырышы керек. Дайыма туура жана чын сүйлөп, жалганчылыктан узак кармоого тийиш. Жакшы менен жамандык, ак менен каранын айырмасын көрсөтүшү керек. Баланын жашына туура келбеген чөйрөгө кошпой, оор жумуштарды аткартпай, туура таалим-тарбия бериши керек.

Ата-эне балдарын бирдей жакшы көрүп, кыз-эркек деп бөлбөй, татыктуу тарбиясын берүүгө милдеттүү. Материалдык жана моралдык жактан жардам берип жатканда балдарынын барына тегиз мамиле кылышы керек. Антпесе бөлүнүп калган бала кийин ата-энесинен өч алууга аракет кылышы, ал эле эмес бир туугандарын жаман көрүп калышы ыктымал.

## Үй-бүлөнүн Улууларынын Алдындагы Милдет Жана Жоопкерчиликтерибиз

Ата-энебизден башка үй-бүлөнүн улууларынын алдында дагы милдет, жоопкерчиликтерибиз бар. Чоң ата, чоң эне, ага, эже, ава, таеже, таякелер – үй-бүлөнүн улуулары болуп саналат. Булар ата-энебизден кийинки жакын адамдар болгону үчүн, дайыма сыйлап, карым катнашты үзбөй жардамдашып турушубуз керек. Алар да бизге сылык мамиле жасоого, жардам берүүгө милдеттүү.

Үй-бүлөбүздөгү улуулар менен сый-урматта мамиледе болушубуз керек. Алардын тажрыйбасынын, жетишкендиктеринин дайыма жакшы жагын пайдаланган дурус.



Бизге кылган жакшылыгын унутпастан, карым-катнашты үзбөшүбүз керек. Бизден жардам керек болсо аянбастан кол узатыш керек. Көзү өткөндөн кийин, кабыр зыяратын аткарып, жакшы сөздөр менен эскергенибиз абзел. Булар биздин, диний, адеп-ахлактык жана инсандык жоопкерчилигибиз болуп саналат. Урук-туугандарыбыз эч качан жалгызсырап калбашы керек. Бизге жакын тууган-дарыбыз менен мамилени жакшы куруугa аракет кылгандан артык нерсе жок.

**Текстти Окуу**

**Пайгамбарыбыздын Улууларга Карата Сүйүү жана Сый-Урматы**

Пайгамбардын өзүнөн улуулар менен кандай мамиледе болго бизге үлгү болуп саналат.. Ал улууларды жакшы көрүү менен эле чектелбей, аларды сыйлаганын кылган иштери менен да көрсөтчү. Апасын, чоң атасын, аваларын жана жакын туугандарын аябай жакшы көрчү. Кичинекей кезинде ажырап калган апасын, өмүрү өткөнчө унуткан эмес. Мүмкүнчүлүгүнө жараша анын кабырын зыярат кылып турчу. Абу Талиб деген авасы дайыма жакшылык кылып, пайгамбарды колдогону үчүн, анын бир айтканын эки кылган эмес эле. Авасынын жакшылыгын унутпастан, анын баласы Аз. Алини жанында алып жүрүп, билим алуусуна жардамдашкан. Аббас жана Хамза деген аваларын да аябай жакшы көргөн. Апасы көз жумгандан кийин, пайгамбарды кызматкер аял Үммү Эймен багып чоңойткон. Ошон үчүн Пайгамбарыбыз ал аялды "апа" дегенден тартынган эмес жана өмүрү өткөнчө сый-урмат көрсөткөн. Сүт энеси Халима айымды да аябай жакшы көргөн экен. Пайгамбарга учурап коеюн деп Халима айым үйүнө келет. Аны көргөн пайгамбарыбыз, "энеке келиңиз"- деп ордунан тура калып, Халиманы төргө өткөзүп, дасторконун жайып жакшы тосуп алган. Үйүнө болсо куру кетирбей, белек-беччек салып берген экен.

**Ой Жүгүртүү**

Үй-бүлөбүздүн улууларынын алдында дагы кандай милдет, жоопкерчиликтерибиз бар?



## 5 Урук-тууган, Коңшу-Колот жана Коомчулуктун Алдындагы Милдет Жана Жоопкерчиликтерибиз

Динибиз тууганчылык байланышын үзбөй, улантып турууну буюрат. Жакын урук-туугандардын алдындагы милдетибиз, адеп-ахлактык жоопкерчиликтерибиздин бири болуп саналат.. Пайгамбарыбыз "сыла-и рахим" деген сөздү көп колдонгон. Мунун мааниси, урук-туугандардын мамилеси дайыма бышык болсун, бири-бирин колдоп турсун дегенге тете.

Тууганчылык байланыш үзүлбөшү керек. Бул тууралуу бир канча хадис бар. Мисал катары: "Аллах Таала туугандарын унутпай катташкан адам менен мамилесин үзбөйт, тууган-уругун унутуп калгандарды Аллах да унутуп калат" (Бухарий, "Адаб", 13), "Адамдагы жакшы сапаттын эң жогоркусу, мамилесин үзүп койгон тууганды издеп табып, тууганчылык мамилесин күчөтүү болуп саналат." (Муснад, III, 438) – деген хадистерди айтсак болот. Тууганчылык мамиле, ырыскыны көбөйтөөрүн (Бухарий, "Адаб", 12), мал-мүлктү туугандар менен бөлүшүү сооптуу иш экенин (Насаий, "Закат", 82) түшүндүргөн хадистер бар. Ал эми бир хадисте, тууганчылык мамилесин үзүп, бири-бири менен катташпай калгандардын бейишке кире албашы (Бухарий, "Адаб", 11) айтылган.

Жакын туугандар менен байланышты үзбөй, дайыма жакшы мамиледе болсок, диний жана адамдык милдетибизди аткарган болобуз. Ава, таяке, эже жана таежелерибиздин балдары бир тууганыбыздай жакын адамдар.

Алыскы туугандан жакынкы коңшу артык – дегендей, жакын туугандардан кийин жакшы мамиле түзүп, сый-урматта катташа турган адамдар коңшуларыбыз болот. Анткени алар менен тез-тез көрүшүп, сүйлөшүп турабыз. Коңшулар менен ынтымакта болсок, башка адамдар менен да чогуу жашап кете алабыз. Динибиз коңшу-колотко дайыма жылуу жумшак мамиле кылуу, ар убак сый-урматтын үстүндө катташып турууну буюрат (Ниса, 4/36). Пайгамбарыбыз айткандай, коңшуларга кордук көрсөтүү, уруш-жаңжал чыгаруу туура эмес (Рийазус-салихин, I, 342-343).

Коңшулардын алдындагы милдет жана жоопкерчиликтерибиздин ичинде: алар менен жылуу-жумшак мамиледе болуу, кайгы-капасын жана бакыт-таалайын бөлүшүү, жакын адамдары көз жумганда жанында болуу, алардын айлана-чөйрөсүн кирдетпөө, муктаждыгына жараша тамак-аш, кийим-кечек жактан жардамдашуу, карыз сураса берип туруу, аларды белек-бечкек менен кубандыруу, ошондой эле материалдык жана моралдык жактан кыйынчылыгы болуп калса, аларды чечүүгө аракет кылуу – деген нерселер бар.

**Кезек Сизде**

“Үй сатып алардан мурда, коңшу издегиле” деген сөздү өз ара талкуулагыла.

Адам социалдык жандык болгону үчүн, өзү жашаган коомду ар тараптан жакшыртууга милдеттүү. Коом сүйүү аркылуу биримдикке жетсе, адилеттүүлүк аркылуу өсүп-өнүгөт. Ошондуктан адамдар, коомдо сүйүү, сый-урмат, бир туугандык, жакшы иш, адилеттүү чечим, түшүнүктүүлүк сыяктуу жогорку сезимдерди жайылтуулары керек. Бири-бирин жакшы көргөн адамдар, сөзсүз түрдө бири-биринин пайдасын жана бактылуулугун максат кылышат. Мындай мамиледен, достук, бир туугандык жана биримдик пайда болот. Ал эми биримдик коомдо ынтымактык-ырашкердиктин бекемделишине алып келет. Пайгамбарыбыз мусулмандардын коомун түзөөрдөн мурун ал коомдун мүчөлөрүнүн арасындагы мамилени жакшыртып, адамдарды бир-биринин тууганы экенине ишендирген.

Куран-ы Карим адам баласына коомдо башкалар менен кантип мамиле курушу керектигин айтып эле койбостон, бул эрежелерге баш ийүүнү буйрук кылган. Адам өзүнүн укугун коргогондой, айлана-чөйрөсүндөгү адамдардын укугун да коргошу керек. Адамдар бири-бирин сыйлап, личность катары барктап жашашы керек (Локман, 31/18). Дайыма туура сөз сүйлөп, бири-бирине берген убадасын аткарууга тийиш (Жума, 61/2; Инсан, 76/7). Капаланышып кеткен адамдары жараштырып, бузукулуктан узак турушу (Ниса, 4/114) жана жардамга муктаж адамдарга дайыма жардам берүүдөн качпоосу керек.

"Силер өзүңөр жакшы көргөн нерсени (Аллах жолунда) сарптамайынча жакшылыкка жете албайсыңар." (Аали Имран, 3/92)

Жакшы нерсенин өнүгүшүнө салым кошуп, жамандыкты токтотуу (Маида, 5/2), адамдын коомдук милдети болуп саналат.. Кыйтырчылык жана алдамчылыктан узак туруу керек (Мутаффифун, 83/1-3). Башка адамдарды өлтүрүү жана алардын байлыгын (Бакара, 2/188) тартып алуу жана намысына шек келтирүүгө тыюу салынган. Адамдар дайыма адилеттүүлүктөн узактабоолору керек: "Чындыгында, Аллах – адилеттүүлүктү буюрат" (Нахл, 16/90).

Пайгамбарыбыз адамдын коомдогу эрежелерге баш ийип жашашы керектигин айтуу менен бирге жоопкерчиликтүү болууну – ыймандын бир бөлүгү катары көргөн. Жолдо жаткан ташты алып коюуну да (Бухарий, "Иман", 3) ыймандуулукка таяндырган пайгамбар, адамдын коомдук структуранын алдындагы милдет жана жоопкерчилигин төмөнкүчө түшүндүрөт:

"Араңарда ким болсо да ыплас жана жаман нерсе же окуяга кезиксе, колу менен оңдогонго аракет кылсын. Эгер колу менен оңдогонго күчү жетпесе, сөзү менен түзөтүүгө аракет кылсын. Мында да оңдой албаса, анда ал нерсенин өзүн же ошол нерсени жасаган адамды жаман көрсүн. Жаман көргөндүк – ыймандын эң төмөнкү даражасы." (Муслим, "Иман", 78)



Адамдардын укугун коргоо жана сый-урмат көрсөтүү мамлекеттик милдет жана жоопкерчилигибиз болуп саналат. Адамдардын башкы укугу жашоо укугу болгондуктан ар бир адамдын өмүрү сакталышы керек. Ошондуктан өзүнүн да башка адамдардын да жашоо укугу корголууга тийиш. Инсан өзүнүн абийирин коргоо укугуна ээ. Динибиз да ар бир адамдын ар-намысы жана абийири сый-урматка татыктуу экенин айтат. Адамдын абийирине шек келтирген, мыскыл, акарат айтуу, ушактоо, жалган жалаа жабуу, кордук, зомбулук сыяктуу жаман сапаттардан узак болууну буйрук кылат. Ар бир адамдын жеке жашоосуна сый-урмат менен мамиле кылынышы жана сырлары өмүрүнүн акырына чейин сакталышы керек болгон нерсе. Адам туулгандан баштап ыйман келтирүү жана динге ишенүү эркиндигине ээ болот. Зордук-зомбулук менен бирөөнү бир нерсеге ишендирүүгө мажбурлоо туура эмес. Андыктан ар бир жарандын ыйман келтирүү жана өзү каалаган динине ишенүү ыктыяры сакталышы керек.

# 6 Айлана-Чөйрөнүн Алдындагы Милдет Жана Жоопкерчиликтерибиз

Адамдардын айлана-чөйрөсүнүн алдындагы милдети, өзүн курчап турган табигый баалуулуктарды туура пайдалануу жана өнүктүрүп, жаратылыш ресурстарын коргоо болуп саналат. Табигый баалуулуктарды туура эмес пайдаланган жана айлана-чөйрөсүнө зыян алып келген адам, өзүнүн эле эмес башка адамдардын да акысына кирген болот. Жаратылыштагы проблемалар, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн жашоосун кыйратууга учуратат. Айлана-чөйрөнүн алдындагы милдеттерибизди, Ислам дини бизге толугу менен үйрөтөт. Жоопкерчилигин мойнуна алган адам болсо табияттын баркына жете алат. Эгер табият ченеми бузулса анда адамдын жашоосу кыйрашы мүмкүн. Ошондуктан адам баласы жаратылышты коргоп, табияттын закон ченемин сактоого милдеттүү. Табиятты, жаратылышты жана айлана-чөйрөнү корубай, анын кыйрашына себепчи боло берсе, бул дүйнөгө келүү максатынан узакташып кеткен болот.

**Ой Жүгүртүү**

Табиятты эмне үчүн сүйүшүбүз керек жана жаратылышты сактап калуу үчүн эмне кылышыбыз керек?

Бир адам менен достошуп, сырдашкандай эле табият менен да достошуп жашашыбыз керек. Анткени жаратылыш, бизге берилген аманат болуп саналат. Жаратылыш адам баласы үчүн берилген ырыскы болсо да, адамдар аны өзү каалагандай колдонуп, табияттын закон ченемин бузууга акысы жок. Эгер ойлонбостон туура эмес пайдалана турган болсо, табият адамга кызмат кылуудан баш тартат. Ошондуктан адамдар, өзүнүн жана бардык жандыктарын өмүрүн сактап калуу үчүн айлана-чөйрөсүн, көзүнүн карегиндей сактоого милдеттүү. Бул тууралуу Куран-ы Каримде: “Адамдар өз колдору менен жасаган иштеринен улам кургактыкта жана деңизде бузукулук келип чыгат. Бул жолдон артка кайтуулары үчүн Аллах, аларга жазасын тарттырат.” *(Рум, 30/41)*

**Кезек Сизде**

Табияттын кыйрап, закон ченемдүүлүктүн бузулушунда адамдын кандай таасирлери бар?

Табиятты корубай, өзү каалагандай колдонуп, жаратылыштын кыйрашына себепчи болгон адамдар, коомчулугу менен бирге кырсыкка учураганын тарых барактарынан окуй алабыз. Андан сырткары эгер адам айлана-чөйрөнүн алдындагы милдетин так аткарбаса, Аллахтын алдында жоопко тартылат.

## 7 Мамлекеттин Алдындагы Милдет жана Жоопкерчиликтерибиз

Мамлекет деген – укук теориясында коомду калыптандыруунун белгилүү ыкмасы, коомдун расмий өкүлү жана коомдогу жалпы саясий бийликти уюштуруунун негизи болуп саналат. Ал өз алдынча чек арага ээ. Мамлекет жарандарынын укугун корогон, адилеттүүлүк менен ар бирине мамиле жасаган жана жарандарын биримдикте жашоого үндөгөн система б.с. Мамлекет өлкөнү душмандан сактоого, ички жана тышкы күчтөрдүн кол салуусун контролдоого милдеттүү. Ошондой эле, коомдо стабилдүүлүктүн, шайкештиктин, бейпилдиктин жана тынчтыктын өкүм сүрүшүнө шарт түзүшү керек. Айрыкча жарандарынын диний кызыкчылыктарын да коргоого милдеттүү. Адамдардын мамлекеттин алдындагы милдет жана жоопкерчиликтери болсо, мамлекеттин башында отурган башкаруучулар түзгөн, укук, мыйзам жана эрежелер системасына баш ийүү, чектен чыкпай өлкөнүн стандарттарына ылайык жашоо б.с.

Мамлекет күч-кубаттын, авторитеттин, туруктуулуктун жана үзгүлтүксүздүктүн символу б.с.  Ошондуктан пайгамбарыбыз Мадина шаарына келгенде, коомчулукка өзүнүн авторитетин орнотуу менен Ислам мамлекетин түзгөн. Куран-ы Каримде мыйзамга жана мамлекеттин башкаруучуларына баш ийүү керектиги тууралуу:



“Эй ыймандуулар, Аллахка баш ийгиле! Аллахтын элчисине баш ийгиле! Ошондой эле силердин араңардагы колуна бийлик берилгендерге баш ийгиле!” (Ниса, 4/59)

Пайгамбарыбыз да, мамлекет иштерин алып барган башкаруучуларга баш ийишибиз керектигин хадисинде айткан (Тирмизий, “Жума”, 81). Мамлекет башчыларын эл шайлайт жана шайлоо укуктук системанын негизинде жүргүзүлөт. Мамлекет башчылары өз кезегинде адилеттүү жана чынчыл болуп, калкынын сый-урматына, колдоосуна татыктуу болууга аракеттенүүлөрү керек. Жалпы коом болсо, чектен чыгып туура эмес жолго түшүп бараткан саясат адамдарын жана мамлекет башчыларын, мыйзамдын чегинде эскертме берип контролдоп турушу керек. Контролго алуу милдети, өлкөнүн илимдүү адамдарынын мойнундагы иш.

Мамлекет өз ишин жүргүзө алышы үчүн жарандар салык төлөөгө милдеттүү. Айрыкча коомдун социалдык жана экономикалык пайдасына жараган иштерде, калк өз салымын кошушу керек. Мындан сырткары жарандар мамлекеттин менчигинде болгон мал-мүлктү коргоого, аскердик кызмат өтөөгө милдеттүү. Мамлекет саясий, экономикалык жана аскердик жактан күчтүү болсо, жарандары да башка өлкөдө өздөрүн ишеничтүү алып жүрүшөт. Бир мамлекеттин бар экени, коомдо регулярдуулук, бейпилдик жана тынчтык өкүм сүргөнү деген менен барабар.

**Ой Жүгүртүү**

Адамдар мамлекетинин алдындагы милдет жана жоопкерчиликтерин аткарбаса, кандай коркунуч туулушу мүмкүн?

# 8 Кесиптик Милдет жана Жоопкерчиликтерибиз

**Коомдо өз ордун табуу үчүн ар бир адам каалоосуна, мүмкүнчүлүктөрүнө жана талантына жараша** кесип тандайт. Ошол ар бир кесип, белгилүү курал, норма жана усулга ээ. Кесибинин устасы болгон адамдар, коомго пайда алып келишет жана мамлекетин ар тараптуу өнүктүрүүгө аракет кылышат. Адам бир кесипти тандаган соң, ал кесип тууралуу бардык нерсени үйрөнүүгө жана айлык акысын адал жол менен табууга милдеттүү.

Ар бир адам өз кесибин сүйүп, кызыгып жана чын дили менен аткарса, кандай гана өндүрүш (продукт) болбосун жогорку сапатта даярдалат жана ал кесип өнүгүүгө ачык болот. Кесип ээлери, өз кесибин өнүктүрүү үчүн шакирт тутуп, билген нерсесинин барын үйрөтүүгө милдеттүү.

Кесип ээси, кесибин так жана таза аткарууга милдеттүү. Ишин жасап жатканда алдамчылыкка, кыйтырчылыкка аралашпай кесибинин максатына ылайык өзүн алып жүрүшү, диний жана адеп-ахлактык милдет б.с.

Сапатсыз жана жетишсиз өндүрүш, ошол кесиптин да башка адамдардын акысын жеген менен барабар. Жөндөмү жок адамдар лицензиясы жок жана сапатсыз продукт чыгарат, бул болсо өлкөдө экономиканын начарлашына алып келет. Ошондуктан Ислам дининдеги адеп-ахлак, ар бир кесип тууралуу маалыматка жана жөндөмгө ээ болу керектигине басым жасайт. Кезеги келгенде, кесиптик стандартка ылайык мыйзам түзүп өнөрпоз, уста, кол өнөрчүлөрдүн топторун түзгөн. Көзөмөлдөөчү группалар болсо, кесип ээлерин контролдоп турушкан. Өз кесибин туура так аткарбагандарды ал кесипке жакын жолоткон эмес. Бүгүнкү күндө өндүрүшчүлөрдү мамлекеттик мыйзам көзөмөлдөйт. Сатып алуучу жана керектөөчүлөрдүн ишенимине, мамлекет тарабынан берилген лицензия же гарантия баракчалары аркылуу – кирүүгө аракет кылып жатышат. Сатып алуучулардын укугун коргоо үчүн, алардын укугун коргогон атайын мекемелер курулган.

Башаламандыктын алдын алуу үчүн Ислам дини укуктук жана коомдук инвестиция менен бирге жакшы көрсөткүчкө ээ адамдарды, кесиптик модел катары баалаган. Жогорку даражадагы адам сөзсүз түрдө Аллахты чын жүрөгүнөн сыйлаганы үчүн башка адамдарды да сыйлайт. Укуктук жана коомдук системанын сакталып калышы жакшы көрсөткүчтөргө байланыштуу. Пайгамбарлар кайсы доордо жана кандай өлкөгө келишсе да адамдардын материалдык жана моралдык муктаждыктарын бирдей камсыз кылган. Ошондуктан пайгамбарлар, кесиптик милдетин жана жоопкерчилигин эң жогорку деңгээлде аткарган адамдар жана биз алардан үлгү алышыбыз керек.

**Изилденип-Үйрөнгүлө**

Кайсыл пайгамбар кандай кесиптин лидери боло алат? Мисалдар менен түшүндүрүп бериңиз.

## 9 Өзүн Адептүү Алып Жүрүүнүн Нормасы (Этикет)

Бир коомдо илгертен бери жайгашып үрп-адатка айланып калган эрежелер – норма деп аталат. Мына ушул нормалар, адамдын коомго ылайык жашап өтүшүнө жардам берет. Ошондуктан нормага баш ийүү, адамдын милдети болуп саналат. Ар бир коомдун өзүнө ылайык нормалары бар жана ал нормалар жарандар тарабынан сакталышы керек. Мына ошондо гана коомдо стабилдүүлүк болот. Табият менен жаратылышты коргоодо да нормалардын мааниси абдан чоң.

Өзүн адептүү алып жүрүү нормасы, балким мыйзамга окшоп жазылган эмес. Ошентсе да норманы сактаган адамды баары жактырат, ал эми нормага баш ийбегендер сынга алынат. Ар бир адам коомдо калыптанып калган норманы бузган, башаламандыкка жол ачкан иштен узак турушу керек. Айрыкча парк, транспорт, мектеп, мейманкана, тамак-аш жайлары сыяктуу коомдук жайларда этиканы жана нормаларды сактоого милдеттүү. Динибизде да өзүн адептүү алып жүрүү нормасы өзгөчө мааниге ээ жана билим берүүнүн айрылгыс бөлүмү б.с.

Норма жана этикет ар бир өлкөнүн үрп-адаттарына жараша куралат. Аты окшош болгону менен бири-биринен айырмаланып турушат. Жалпы адеп-ахлактык, саламаттыкты сактоо жана транспорттук нормалар эл аралык негизде түптөлүп калган. Мейман тосуу, чогулуш өткөрүү, жамаат менен ибадат кылуу сыяктуу нормалар болсо аймакка карап өзгөрөт.

**Кезек Сизде**

Сиз билген коомдо өзүн алып жүрүүнүн нормаларын кандай? Санап бериңиз.

Динибиз адамдардын өз ара макулдашып, тынч жана бейпил коомдо жашоосун көздөйт. Адеп-ахлактык жана укуктук эрежелер, адамдар бири-бирине зыян тийгизбей жашашы үчүн орнотулган. Бир коомдо адамдар бири-бирин сыйлап, урматтап, кең пейилдүүлүгүнөн аянбай, жакшы иште жарышып, жардамдашып жашап кетүүсү үчүн – нормалар керектүү. Куран-ы Карим бул жөнүндө төмөнкүдөй акыл-насаат айтат: “Эй, момундар! Өз үйлөрүңөрдөн башка үйлөргө уруксат алмайынча жана үй ээсине салам бермейинче кирбегиле... “ (Нур, 24/27).

**Изилденип-Үйрөнгүлө**

Куран-ы Каримде өзүн алып жүрүүнүн норма жана этикетин ачыктаган аяттардын түшүндүрмөлөрүн окугула.

## Бөлүмдү Жыйынтыктоо

Ар бир адамдын өзүнүн жана коомунун алдында милдет жана жоопкерчиликтери бар. Милдет – диний жана адеп-ахлактык өзгөчөлүктөгү термин б.с. Адамдын – Аллахтын, Пайгамбардын жана өзүнүн алдындагы милдет жана жоопкерчиликтерин, личносттук жана коомдук деңгээлде талдасак болот. Аллах Таалага баш ийип, Пайгамбардын жолун ээрчип, өзүнүн ден-соолугун коргоп жана моралдык жактан өзүн жакшы алып жүрсө, адамдык негизги милдетин аткарган болот.

Перзенттин ата-энесинин, ата-эненин балдарынын, жубайлардын бири-биринин жана үй-бүлөдөгү улууларыбыздын алдындагы милдет жана жоопкерчиликтер, бүлө мүчөлөрүнүн бири-биринин алдындагы милдет жана жоопкерчиликтер деген категорияга кирет. Адам баласы өз алдынча жашай албайт, ал жашоо-турмушун адамдардын арасында б.а. коомдо өткөрөт. Ошол үчүн динибиз Ислам, баш ийишибиз керек болгон кээ бир куралдарды бизге милдет кылып жүктөгөн.

Адам коомдо жашап жаткандан кийин, ошол коомдун мүчөлөрү менен сылык-сыпаа, жылуу-жумшак жана туура мамиле түзгөндү билиши керек. Бул нерсени ишке ашырыш үчүн алгач жакын урук-тууган жана коңшулар менен жакшы мамиледе болушубуз жана алардын алдындагы милдеттерибизди толугу менен аткарышыбыз керек. Мамлекеттин өсүп-өнүгүшү үчүн кесибизди чын дилден жасап, биз жашаган чөлкөмдө калыптанып калган өзүн алып жүрүүнүн нормасына же этикетке көңүл бурушубуз керек. Мүмкүн болушунча татыктуу адам болуп жашоого аракет кылышыбыз керек.

## Бөлүмдү Анализдөө

1. Адам баласынын өзүнүн жана мамлекетибиздин алдында кандай милдет жана жоопкерчиликтерибиз бар? Санап бериңиз.
2. Аллахтын жана Пайгамбардын алдындагы милдет жана жоопкерчиликтерибизди аткарышыбыз керек экенин түшүндүргөн аяттарды айтып бериңиз.
3. Эмне үчүн өзүбүздүн алдындагы милдет жана жоопкерчиликтерибизди аткарышыбыз керек?
4. Перзенттердин ата-энесинин алдында кандай милдеттери жана жоопкерчиликтери бар? Санап бериңиз.
5. Ата-эненин балдарынын алдында кандай милдет жана жоопкерчиликтери бар?
6. Эгер аял-эр (жубайлар) бири-биринин алдындагы милдет жана жоопкерчиликтерин аткарбаса кандай кыйынчылык пайда болот? Ой жүгүртүп, түшүндүрүп бериңиз.
7. Коңшуларга кандай мамиле кылышыбыз керек? Түшүндүрүп бериңиз.
8. Өзүбүз жашаган коомдогу милдет жана жоопкерчиликтерибиз эмнелер? Санап бериңиз.
9. Айла-чөйрө, табият жана жаратылыштыш алдындагы милдет жана жоопкерчиликтерибизди аткарсак кандай пайда табабыз? Эгер аткарбасак кандай маселелер пайда болот? Өз ара талкуулагыла.
10. Мамлекетибиздин алдындагы милдет жана жоопкерчиликтерибиз эмнелер? Санап бериңиз.
11. Кесиптик милдет жана жоопкерчиликтерибиз тууралуу өз ара талкуу кылгыла.
12. Коомдо өзүн алып жүрүүнүн нормалары эмнелер? Сиз жашаган аймактан мисалдар менен түшүндүрүп бериңиз.

# Жыйынтыктоочу Суроолор

**1. Төмөндө берилген мисалдардын кайсынысы нормага (этикетке) тиешелүү сүйлөм?**

А) Нормаларды (Этикет) мыйзам белгилейт.

Б) Нормага баш ийбегендер катуу жазаланат.

В) Нормалар бардык жерде бирдей жана өзгөртүүгө болбойт.

Г) Норманы калыптандырган, жактырган жана контролдоп турган коом б.с.

**2. Төмөнкү жооптордун кайсынысы адамдын өзүнүн алдындагы милдет жана жоопкерчиликтердин арасына кирбейт?**

А) Ден-соолугубузга кам көрүү.

Б) Акыл-эсибизди коруу.

В) Руханий жана моралдык дүйнөбүздү сактоо.

Г) Айлана-чөйрөбүздү көздүк карегиндей сактоо.

**3. Төмөндө берилген жооптордун ичинен кайсынысын ата-эне өз балдарына мурас катары калтырууга милдеттүү?**

А) Кесип　　Б) Жакшы Тарбия

В) Жогорку адеп-ахлак　　Г) Атак даңк

**4. Туугандык мамилелерди үйзбөгүлө – деген сүйлөмдүн түшүндүргөн жоопту тапкыла?**

А) Зыярат кылуу　　Б) Туугандык байланыш

В) Нормалар жана Этикет　　Г) Саламдашуу

**5. Төмөнкү жооптордун арасынан кайсынысы кесиптик милдет жана жоопкерчиликтерибиздин арасында жок?**

А) Кесибин өркүндөтүүгө аракет жасоо.

Б) Сатып алуучу же колдонуучулардын укугун коргоо.

В) Өндүрүштүн сапатын жогорулатуу.

Г) Кесиптин бардык өзгөчөлүктөрүн башкаларга толугу менен үйрөтүү.

адеп-ахлак

# VI

# БӨЛҮМ

# Ислам Адеп-Ахлагында Сүйүү

1. Аллахты Сүйүү
2. Пайгамбарды Сүйүү
3. Адамзатты Сүйүү
4. Ата-Энени Сүйүү
5. Жаныбарлар менен Жаратылышты Сүйүү
6. Желекти жана Ата-Мекенди Сүйүү
7. Шейиттер жана Ардагерлер

## БӨЛҮМ ТУУРАЛУУ

Сүйүү – биздин кыймыл-аракеттирибизге багыт берген күч болуп саналат. Ислам Адеп-Ахлагында Сүйүү деген бул бөлүмдө, алгач Аллахты жана Пайгамбарды сүйүү деген темалар каралат. Андан кийин кезеги менен инсанды, ата-энени, жаныбарларды жана жаратылышты сүйүү деген темаларга токтолобуз. Мындан кийин жалекти жана мекенди сүйүү деген тема түшүндүрүлөт жана мекенди коргогон шейиттер тууралуу кеп козголот.

## ПЛАН

Бул бөлүмдүн соңунда төмөнкүлөрдө үйрөнө аласыз;

1. Ислам адеп-ахлагындагы сүйүүнүн маани-маңызын:
    - Аллахты сүйүүнүн өзгөчөлүктөрүн
    - Аллахты сүйүү – деген сезимдин кыймыл-аракетибиздеги таасирин
    - Аллахты сүйүү – деген темага тиешелүү жүрүм-турумдарды
2. Пайгамбарды сүйүүнүн маани-маңызын:
    - Пайгамбарды сүйүү – деген сезимдин кыймыл-аракеттерибиздеги таасирин
    - Пайгамбарды сүйүү – деген темага тиешелүү жүрүм-турумдарды
3. Адамзатын сүйүү – кандай болорун:
    - Адамзатын сүйүү – деген сезимдин кыймыл-аракеттерибиздеги таасирин
    - Адамзатын сүйүү – деген темага мисал келтирүүнү
    - Адамдарды сүйүүгө аракет кылууну
4. Ата-энеге болгон сүйүүнүн – маани-маңызын:
    - Ата-энени сүйүү – үй-бүлөдө эмне үчүн маанилүү экенин
    - Ата-энени сүйүү – деген темага мисал келтирүүнү
    - Ата-энеге болгон сүйүүнү чагылдырган кыймыл-аракеттерди жасоону
5. Жаныбарларды жана жаратылышты сүйүүнүн – маани-маңызын:
    - Жаныбарларды жана жаратылышты сүйүүнүн кыймыл-аракеттерибиздеги таасирин
    - Жаныбарларды жана жаратылышты сүйүү – деген темага мисал келтирүүнү
    - Жаныбарларды жана жаратылышты сүйүү үчүн колдон келишинче аракет кылууну
6. Желекти жана мекенди сүйүүнүн маани-маңызын:
    - Желекти жана мекенди сүйүү – деген сезимдин кыймыл-аракеттерибиздеги таасирин
    - Желекти жана мекенди сүйүү – деген темага мисал келтирүүнү
    - Желекти жана мекенди сүйүү үчүн колдон келишинче аракет кылууну
7. Шейит жана ардагер деген терминдердин аныктамасын.
    - Шейиттик жана ардагердик эмне үчүн маанилүү экендигин
    - Тарыхтагы ардагер жана шейитттер тууралуу маалыматтарды
    - Шейит жана ардагерлерге болгон сүйүүбүздү кантип билдиребизди
    - Шейит жана ардагерлерди сүйүү үчүн колдон келишинче аракет кылууну

## ОКУУ ЭРЕЖЕСИ

Бул бөлүмдү окуунун эрежеси;

1. План коюп окуу жана тиешелүү бөлүмдү анализдөө.
2. Бөлүмдө берилген тапшырмаларды аткаруу.
3. Китептин соңунда көрсөтүлгөн булактардан пайдалануу.

# 1 Аллахты Сүйүү

Ислам дининдеги адеп-ахлак – сүйүү сезимине өзгөчө маани берет. Сүйүүнү – бир нерсе же адамга карата тартууланган жылуу сезим деп түшүнсөк болот. Ошон үчүн сүйүү, көптөгөн кыймыл-аракетибизге күч берип турган жашоонун булагы десек жаңылышпайбыз. Ар бирибиз сүйүүгө жана сүйүлүүгө муктажбыз. Тирүү жандыктын баары мына ошол сүйүү сезими аркылуу жанданат жана бакытка жетет.

Сүйүүнү Аллах бизге ырыскы (немат) катары берген. Ошондой эле ыймандын түпкүрүндө сүйүү бар жана бул сезим, Аллахтын бар экенинин далили болуп саналат. “Бейпил өмүр сүрүүңөр үчүн өзүңөрдөн жубай жаратып, ортоңорго сүйүү отун тутандырышы да – Анын (Аллахтын) бар экендигинин жышааны. Чындыгында, ой жүгүрткөн эл бул нерседен сабак (ибрат) алышат” (Рум, 30/21).

**АЛ АНТКЕНИ – СҮЙҮҮ**

Сүйүүдөн улам кызмат кылабыз,
Биз сүйгөн үчүн урук себебиз.
Сүйүүдөн улам бийик тоолорго,
Токой болсун деп бактарды тигебиз.

Сүйүүдөн жол куралып, суулар оргуштайт,
Аалымга илимди сүйүү окутат.
Ар түрдүү түстөрдү жомоктой кылып,
Сулууга ал сүйүү килемди токутат.

Сүйүүдөн шуруга бермет тизилет,
Сүйүүдөн көңүлгө махабат сезилет.
Калемдин бүтпөгөн сыясы болуп,
Сүйүү ыр сабын акынга тердирет.

Мустафа Рухани

**Чогуу Талкуулагыла**

Ырда айтылгандай сүйүүнүн күчү кандай болорун өз ара талкуулагыла.

Аллах өзү жараткан жандыктарын аябай сүйөт. Мунун далилин Куран-ы Каримден көрөбүз: “Жараткандан кечирим сурагыла. Ага тообо кылгыла. Чындыгында, Ал абдан

мээримдүү, өзгөчө Сүйүүчү!" (Худ, 11/90). Бир күнү пайгамбар эл менен отурган эле, капыстан бир аял, баласын издеп ары бери чуркап калат. Аял баласын көрөөрү менен жанына чуркап барып кучагына кысып өпкүлөп жыттайт. Ошондо пайгамбар жанындагыларга: "Бул аял баласына жамандык каалайбы?" – деп сурады. Адамдар бир ооздон "Жок!"- деп жооп беришкенде, пайгамбар: "Аллах бизди, бул аял баласын жакшы көргөнүнөн да көбүрөөк жакшы көрүп мээримин төгөт", - деп айткан экен (Бухарий, "Адаб", 18). Жакшылык кылгандар (Бакара, 2/195), тообо кылып өзүн таза алып жүргөндөр (Бакара, 2/222), такыбалар (Аали Имран, 3/76) жана сабырдуу болгондор (Аали Имран, 3/146) Аллахтын сүйүүсүнө жетишишет.

**Чогуу Талкуулагыла**

Аллахтын сүйүүсүнө кандай адамдар жетише алат? Өз ара талкуулагыла.


Аллах, жандыктардын барын жаратып, жашоосун улантуулары үчүн шарт түзүп берүү менен бирге аларды чындап сүйөрүн билдирген. Анын ысымдарынын арасында Рахман жана Рахим деген аттар бар. Мына ушул ырайымдуу жана мээримдүү зат болгон Улуу Аллахты биз да сөзсүз түрдө сүйүшүбүз керек.

**Чогуу Талкуулагыла**

Аллахтын – өзү жараткан жандыктарды кантип сүйөрүн мисалдар менен түшүндүрүп бериңиз.

**Изилденип-Үйрөнгүлө**

Рахман жана Рахим деген ысымдардын кандай маанилери бар? Сүйүү – деген сезимге жакын Аллахтын дагы кандай ысымдары бар? Изилденип үйрөнүүгө аракет кылгыла.



**АЛЛАХТЫН СҮЙҮҮСҮ**

Таң атканда эрте менен,
Күн чыгарган ким болот?
Кимдин буйрук иши менен,
Жарык болуп ай толот?

Кыш келгенде кургап калган,
Даракка жан берген ким?
Уя курган булбул кушка,
Бул өнөрдү берген ким?

Апалардын бизди сүйгөн,
Биз үчүн бышып-күйгөн.
Сүйүү деген сезимдерин,
Ойлоп көрчү, ким берген?  (Гөвса)



**Чогуу Талкуулагыла**

Ыр саптарында айтылган сөздөрдү талкуулап, бул нерселер эмне себептен берилгени тууралуу сүйлөп бергиле.

Аллах адам баласына башка сезимдерди берген сыяктуу, сүйүү сезимин да берген. Динибизде чыныгы сүйүүгө татыктуу зат Аллах болуп саналат. Анткени Аллах бизди жараткан жана мээримдүүлүгүн аяган эмес, ошондуктан аны сүйүп, анын ыразычылыгы үчүн ыйбадат кылуу менен бирге жакшы иш аракеттин ээси болууга аракеттенишибиз керек.

Ыйман келтирген адам Аллахты сүйөт, Аллах да чыныгы ыйман ээлерин сүйөт: "... Аллахты сүйгөн ыймандуу адамдарды Аллах да сүйөт..." (Маида, 5/54). Аллах бардык жандыктарды эң сонун түзүлүштө жана мээримин төгүп жаратканы үчүн, аллахты сүйгөн кул катары биз, Аллах жараткан нерсенин барын коргоп, аяр мамиле кылышыбыз керек. Чыныгы момун-мусулман болуу, Аллахты сүйүү жана анын ыраазычылыгын алуу менен гана ишке ашат.

**Кезек Сизде**

Аллахтын ыразычылыгы үчүн сүйүү – деген эмне? Түшүнүгүңүздү айтып бериңиз.

## 2 Пайгамбарды Сүйүү

Пайгамбарды сүйүү – Аллахты сүйүү деген түшүнүк менен тыгыз байланышта. Пайгамбар Аллахтын элчиси жана кабарчысы болгону үчүн, аны сүйүшүбүз жана урматташыбыз керек.

“Анан дагы айт: “Эгер силер Аллахты сүйсөңөр, анда мени (пайгамбарды) ээрчигиле. Ошондо Аллах силерди сүйөт жана күнөөңөрдү кечирет. Аллах – Кечиримдүү, Боорукер!” (Аали Имран, 3/31).

**Кезек Сизде**

Пайгамбарды сүйгөн жана аны ээрчиген адам кантип Аллахтын ырайымына ээ болот? Ой жүгүртүп талкуулагыла.

Пайгамбарлар Аллахтын сүймөнчүгүнө ээ болгон адамдар. Анткени Аллах, алардын жардамы аркылуу буйруктарын жалпы адам баласына жеткирген. Пайгамбарлар дагы адамдардын бул дүйнөдө жана акыретте бакытка жетүүлөрү үчүн, динди элге жеткирип жатып, тоскоолдук жана кыйынчылыктарга карабастан, болгон күч аракетин жумшашкан. Диндин буйруктарын толугу менен инсандарга жеткиргени, пайгамбарлардын бизди сүйөрүн далилдеп турат. Ырайымдуулуктун пайгамбары Аз. Мухамеддин (с.а.с.) бизге болгон сүйүүсүн, Аллах Куран-ы Каримде мындайча түшүндүрөт:



“Чындыгында, силерге өз араңардан (чыккан) ызаттуу элчи келди. Ага силердин түйшүгүңөр оор келсе да, ал силерге өтө камкор. Момундарга мээримдүү, боорукер” (Тавба, 9/128).

**Чогуу Талкуулагыла**

Пайгамбарлардын Аллахтын буйруктарын инсандарга жеткирүүсү, алардын бизге болгон сүйүүсүнө мисал боло алабы? Себептерин өз ара талкуулагыла.

Пайгамбарлар эл арасынан тандалган чыгаан адамдар жана алар бизге жол көрсөтүүчүлөр. Аз. Мухаммеддин бизге өрнөк жана жол көрсөтүүчүбүз экени Куран-ы Каримде мындайча айтылат:

“Албетте сен, анығында, туура жолго баштайсың” (Шуура, 42/52).

“Эй, пайгамбар! Биз сени күбө болуучу, кубантуучу жана эскертүүчү катары жибердик. Аллахтын буйругу менен Анын жолуна чакыруучу нурдуу чырак түрүндө жибердик” (Ахзаб, 33/45-46).

Мына ушул себептерден улам пайгамбарыбызды үлгү алып жашашыбыз керек.

“Чындыгында, силер үчүн да, Аллахты көп эске алып, акырет күнүн үмүт кылгандар үчүн да – Аллахтын элчисинде көркөм өрнөктөр бар” (Ахзаб, 33/21).

Аз. Пайгамбардын жашоо-турмушу жана сүннөтү биздин “үлгү эрежелерибиз” болуп саналат.

**Чогуу Талкуулагыла**

Аз. Мухаммеддин (с.а.с.) бизге үлгү болуусунун себептерин түшүндүрүп бериңиз.

Бул жашоодо динди туура түшүнүү үчүн бизге өрнөк жана үлгү болгон пайгамбарды жакындан таанып-билүү, анын жашоо-турмушун изилдеп чыгуу милдеттерибиздин арасында экенин унутпайлы. Пайгамбарды сүйүү аркылуу гана анын сүйүүсүнө ылайык момун болорубузду эсибизден чыгарбайлы.

**НААТ**

**(Пайгамбарды Мактоо Ыры)**

Эй Мухаммед Пайгамбар
Жаныңа келген адамдар
Узактан же жакындан
Ыйман айтып баары болду мусулман.

Жаттаган соң бисмиллахты, улуу сөздү
Эки дүйнө бакытына жетишкен
Үммөт болдук Мухаммеддин үммөтү

Терезенин текчесине
Көгүчкөндөр конушсун
Хуу-хуу дешсе алар
Омиин дейли
Андан кийин Фатихалар
Улам Йасин окулсун
...............................

Жүрөктөрдөн ашып ташып
Оргуп тургун ыймандар
Ытрий мырза ыр чыгарсын
Куран окуп дуба кылсын
Олуялар, аалымдар

Катчы, бесир Осмонзада
Куран жазып көбөйтсүн
Мактоо ырын Галиб жазсын
Мавлидин болсо Сулайман
Кайра келип курсун кубба
Уста чебер бир Синан

Ыйман ынсап жоголду го
Эй Мухаммед Пайгамбар
Бизге жакшы сезимдерди
Келериңде ала бар.
Жаз да келди сени күтүп жүрөбүз
Келчи эми Эй Мухаммед
Куса болуп бир өзүңдү күтөбүз.
Аажылыктан кайтаар сымал
Мираж кечинен түшкөн сымал
Келип калар – деген үмүт-ниет менен
жүрөбүз.

Ариф Нихат АСЙА

**Чогуу Талкуулагыла**

Жогорудагы ырда Аз. Пайгамбарга болгон сүйүү жана сагынуу кандай чагылдырылган? Өз ара талкуулагыла.

**Чогуу Талкуулагыла**

Айлана-чөйрөңүздө "Пайгамбарды сүйөмүн", - деп айткан адамдар барбы? Эгер болсо алар өздөрүн кантип алып жүрүшөт?

## 3 Адамзатты Сүйүү

Ислам дини боюнча, адам сүйүүгө жана сүйүлгөнгө ылайыктуу. Анткени Аллах адамды эң кооз абалда жараткан.

"Албетте, Биз инсанды эң мыкты - келбеттүү абалда жараттык" (Тин, 95/4).

"Адамдарга ырайымдуулук кылбаган, Аллахтын ырайымына жете албайт" (Муслим, Фазааил", 66)

**Сөз Сизде**

"Сүйүүдөн – сүйүү жаралат" – деген сөздү түшүндүрүп бериңиз.

Адамзатты сүйүү, Аллахка болгон сүйүү сезими менен байланышы бар. Адамзатты урматтап, ызат көрсөтсөк, Аллахтын эң жогорку даражада жараткан пендесин сүйгөн болобуз жана Аллахтын сүймөнчүгүнө айланабыз. Бул абал бир хадисте мындайча сүрөттөлөт:

"Кыямат күнүндө Аллах: "Эй Адам баласы! Мен ооруп калганда эмне үчүн зыярат кылган жоксуң?" – деп сурайт.

Пенде: "Жаратканым, сен ааламдардын Раббисиң, сени зыярат кылууга күчүм жок" – дейт.

Анда Аллах: "Сенин кабарың жок беле? Баланча кулум ооруп жаткан болчу. Эгер аны зыярат кылганыңда мени көргөнү келген болот элең!" – дейт. Андан ары: "Эй Адам баласы, курсагым ач болгондо жардам сурадым, сен жардам берген жоксуң!" - дейт.

Пенде болсо: "Жаратканым, сен бүткүл аламдын Эгесисиң, сени кантип тойгуза алмак элем?" – деп таңыркайт.

Анда Аллах: "Баланча кулум сенден тамак сураганда эмне үчүн бербедиң? Ага жардам бергениңде, мага жардам кылган болот элең!" – дейт. Кийин дагы: "Эй Адам баласы, мен сенден суу сурадым, эмне үчүн мага суу ичирбедиң?!" – деп суроо салат.

Пенде болсо: "Жараткан Эгем, сенин чаңкоонду кандырганга алым жетмек беле!" – деп кейийт. Ошондо Аллах: "Баланча кулум сенден суу сураган болчу, эгер сен ага суу бергениңде, менин чаңкоомду кандырган болот элең!" – деп айтат. (Муслим, Бирр", 43)

**Чогуу Талкуулагыла**

Жогоруда айтылган хадистин мааниси кандай? Түшүнгөнүңөрдү өз ара талкуулагыла.

**Кезек Сизде**

"Жаратканды сүйгөн үчүн жаратылгандарды да сүйөбүз" – деген сөздүн мааниси эмнеде?

Динибиз жалпы эле адамдардын, алардын арасынан өзгөчө мусулмандардын бир тууган болуп жашоосун буйрук кылат.

Бири-бириңерди жек көрбөгүлө, бири-бириңерге көрө албастык жана чыкынчылык кылбагыла; Аллахтын пенделери тууганчылык мамиледе жашагыла" (Бухарий, "Адаб", 57).

Адамзатты сүйүү – ыймандуулуктун белгиси экенин унутпагыла.

"Эч бир момун, өзүндө болушун каалаган нерсени, момун бир тууганы үчүн каалабаса, чын ыкласы менен ыйман кылган болбойт" (Бухарий, "Иман", 7). "Аллахка ант ичип айтам, чын ыкласыңар менен ыйман келтирбесеңер бейишке кире албайсыңар, бири-бириңерди сүйбөсөңөр да чындап ыйман келтирген болбойсуңар! Бул нерселердин ачкычы "саламдашуу" андай болсо саламдашып ал-акыбал суроону, өзүңөргө адат кылгыла" (Муслим, "Иман", 93).

Адамзатты сүйүүнүн эң сонун мисалы: башкаларга ар тараптан жардам берип, түйшүктөн куткаруу болуп саналат. Пайгамбарыбыз бул маселе тууралуу мындай деген:

Кимде ким момун тууганынын муктаждыктарын камсыздаса, Аллах ал пендении муктаждыктарын жоёт. Ким мусулман бир тууганын кыйынчылыктан куткарса, Аллах да ал кулун кыяматта кыйынчылыктан куткарат. Ким момун тууганынын кемчиликтерин жаап-жашырса, Аллах да кыямат күнү ал кулунун кемчиликтерин жоёт" *(Бухарий, "Мазаалим", 3)*

Элдин арасында сүйүү канчалык бекем болсо, алар да ошончолук бири-бирине жакын болот. Бул жөнүндө бир хадисте мындайча айтылат:

“Адамдын бир органы ооруп калса, башка органдары да ооруп-сыздап чыгат. Ушул сыңары момундар да, бири-бирин сүйгөн, колдогон жана коргогон, адамдын дене-боюндай бирдиктүү болуулары керек”(Бухарий, “Адаб”, 19)

**Сөз Сизде**

Инсандардын тууган болушун жана Ыймандуулардын тууган болушун – кандайча түшүндүңүз? Мисал келтирип айтып бериңиз.

**Сөз Сизде**

Жогоруда айтылган хадистер боюнча бир-туугандык мамиле кантип куралларын айтып бергиле.



## 4 Ата-Энени Сүйүү

Үй-бүлөнүн мааниси биз үчүн абдан чоң, анткени бир үй-бүлөдө туулуп, тарбияланып, турмушка даярдык көрөбүз. Ата-эне жана балдар үй-бүлөнүн негизги мүчөлөрү болушат.

Ислам дини, үй-бүлөдө – сүйүү, бакыт жана бейпил жашоо өкүм сүрүүсүн максат кылган. Мындай максаттын ишке ашуусунда бүлө мүчөлөрүнүн ар бирине жүктөлгөн милдеттер бар.

**Чогуу Талкуулагыла**

Үй-бүлөдө – сүйүү, бакыт жана бейпил жашоо өкүм сүрүүсү үчүн кимдерге милдеттер жүктөлгөн?

Үй-бүлөнүн пайдубалын ата-эне түзгөндүктөн, үй-бүлөнүн курулушунан баштап анын ар тараптан өнүгүшүнө жана чоңоюшуна болгон аракетин жумшайт.

“Биз инсанга өз ата-энесине жакшылык кылууну буйрук кылдык. Энеси аны, алсыздыктын үстүнө алсыз болуп курсагында көтөргөн... Биз буйрук кылганбыз: “Мага жана ата-энеңе шүгүр кыл. Мага кайтып келесиңер” (Локман, 31/14). “Биз инсанга ата-энесине жакшылык кылууну насаат кылдык” (Ахкаф, 46/15).

## Текстти Окуу

### ЖАРЫК ДҮЙНӨГӨ КЕЛГЕН БӨБӨК

Бир убакта дүйнөгө келүүгө даярданып жаткан бөбөк болот. Ал: “Аллахым, эртең мени дүйнө деген жерге жөнөтүшөт экен. Мен аябай алсыз жана кичинекеймин, кантип жашап кетем?” – деп ойго батат.

Капыстан эле: “Сен үчүн атайын тандалган периштелер бар, алар сени сүйүп, кам көрүп, бактылуу болушуң үчүн сени күтүп жатышат” – деген үн угат. Андан ары диалог мындайча уланат:

- “Андай болсо мен аларды кантип түшүнөм? Тилин билбейм да!”

“Алар сага дүйнөдөгү эң сонун сөздөрдү айтып, эркелетишет. Сүйлөгөндү алар сага үйрөтүшөт”.

- “А эгер мен сени менен сүйлөшкүм келсе эмне кылам?”

“Сенин периштелериң алакан ачып дуба кылганды, менин менен сүйлөшкөндү үйрөтүшөт”.

- “Дүйнөдө жаман адамдар бар деп уктум. Алардан өзүмдү кантип коргойм?”

“Коркпо, периштелериң сен үчүн жанын бергенге даяр”. Буларды уккан бөбөк, ичинен: “Кимге жолугат болдум экен?” – деп ойлонуп калганда, “Дүйнөдө сени тосуп алган перишетелердин бирөөсүн – АПА – дейсиң” – деген жооп угат.

## Чогуу Талкуулагыла

Ата-эне балдары үчүн эмне гана болбосун сөзсүз аткарат – деген сүйлөмдөн эмне түшүнөсүңөр? Айтып бергиле.

Ата-энебиз бизге мээримин төгүп, чексиз сүйүүсүнө бөлөп, бой тартып өз алдынчалуулукка жетишишибизге болгон аракетин жумшайт. Алар биздин жакшы адам болуп чоңоюшубузду жана өздөрүн жакшы көрүп, кам көрүшүбүздү каалашат. Аллах Таала да, ата-энеге сүйүү жана мээрим тартууланышын буюрат.

“Аларга мээримдүүлүк менен мамиле кыл жана “Эгем! Алар мени кичинекей кезимде чоңойтуп өстүргөндөй, аларды мээримиңе бөлө!” – дегин” (Исра, 17/24).

Пайгамбарыбыз хадисинде мынтип буюрган:

“Аллахтын ыразычылыгы, ата-эненин ыразычылы болот” (Тирмизий, Бирр”, 3)

**Текстти Окуу**

**СҮЙҮҮНҮН АКЫСЫ**

Биринчи класста окуган Мариям, жаңы эле окуганды-жазганды үйрөнгөн эле. Бир күнү газетадан “Ар бир кызмат үчүн акы төлөнүшү керек” – деген жазууну окуду. Анан өзүнчө: “Үйдөгү кээ бир иштерди мен кылам. Демек булардык акысын алышым керек” – деген ой менен буга чейин кылган иштерин бир кагазга тизмектей баштады. “Апа – Таштандыларды мен чыгарам; Дүкөндөн нан алып келем; Үй жумуштарына жардам берем” – деп жазды да, акысынын арзандатылган баасын 2 сом деп эсептеди. Ошентип кагазды апасынын сумкасына салып койду.

Эртең менен ойгонсо, жанындагы столдо кагаз турган экен. Кагазды алып окуса: “Сүйүктүүм, сени миң азап менен бул дүйнөгө алып келдим, түнү уктабай сени таптап чыктым, түйшүк менен сени чоңойттум. Булардын баары үчүн – сенин күлкүң, эркелегениң жана эки бетиңди тосуп өптүргөнүң жетет. Эмгек акыңды беймарал жумшай гой, сүйүктүү бөбөгүм”- деген жазуу жана 5 сом бар эле.



**Чогуу Талкуулагыла**

Жогорудагы текстте айтылган “сүйүүнүн акысы” деген нерсени кандай түшүндүңүз?

**Чогуу Талкуулагыла**

Ата-энебиз биз үчүн эмнелерди жасашат? Өз ара талкуулагыла.

**Сөз Сизде**

“Бейиш энелердин таманынын алдында” *(Насаий, “Жихад”, 6)* - деген хадистин маанисин айтып бериңиз.

Ата-эне сый-урматка жана сүйүүгө татыктуу. Анткени алар биз үчүн бардык нерсеге даяр жана чексиз сый-урматка ылайыктуу болушат. Пайгамбарыбыздын убагында, бир адам: “Аллахтын элчиси, мен кимге жакшылык кылайын?” – деп сурайт. Пайгамбарыбыз: “Энеңе, андан кийин энеңе, анан кайра эле энеңе жакшылык кылгын!” – дейт. Жанагы адам: “Андан кийинчи?” – деген суроосуна – “Мындан кийин атаңа жакшылык кыл” – деген жооп алат (Абу Давуд, “Адаб”, 129, 5141). Пайгамбарыбыз өзү да өз энеси менен сүт энесине дайыма сый-урмат көрсөтүп, сүйүүсүн арнаган. Кичинекей кезинде айрылып калган энесин унутпай, кабырын зыярат кылып, дуба кылган.

**Чогуу Талкуулагыла**

Ата-энебизге кантип сый-урматыбызды жана сүйүүбүздү тартуулашыбыз керек?



Ата-эне өз кезегинде бардык балдарын тегиз сүйүп, эч нерседен кем калтырбай өстүрүшү керек. Пайгамбарыбыз балдарды анча жактыра бербеген адамды көргөндө: ***“Аллах жүрөгүңдөн мээримди алып койгон экен, сени өзгөртүүнүн жолу жок”*** (Бухарий, “Адаб”, 18) деп айткан экен. Ошондой эле пайгамбардын: ***“Улууну урматтабаган, кичүүнү сыйлабаган адамдар биздин арабызда жүрбөсүн”*** (Тирмизий, “Бирр”, 15) – деген сөзү бар. Пайгамбарыбыз балдарды аябай жакшы көргөн, ошон үчүн небереси Хасан жана Хусейин менен кызыктуу оюн ойногондон тажаган эмес.

**Чогуу Талкуулагыла**

Ата-эненин балдарына болгон сүйүүсүн – мисалдар менен сүрөттөп бергиле.

Ата-эненин милдети, балдарын тойгозуу, өстүрүү, туура тарбия берүү жана билимин жогорулатуу болуп саналат. Үй-бүлө коомдун пайдубалы, ошондуктан ата-эне, кийинки үй-бүлөнүн куруучулары болгон балдарын жакшы тарбиялашы керек. Үй-бүлөдө берилген тарбия, балада өмүр бою сакталып калат.

Пайгамбарыбыз айткандай:

“Эч бир ата өз баласына – жакшы тарбиядан артык белек бере албайт” (Тирмизий, “Бирр”, 33).



**Чогуу Талкуулагыла**

Балдарга кандай тарбия берилиши керек? Баланын билим алуусу үчүн үй-бүлө эмне кылышы керек?

## 5 Жаныбарларды жана Жаратылышты Сүйүү

Бул дүйнөдө жалгыз эле биз эмес, жансыз жана жандуу миңдеген зат бар. Биз менен бирге жаратылышты жаныбарлар да, өсүмдүктөр да пайдаланышат. Андыктан жан-жаныбар, өсүмдүк сыяктуу жаратылыштын мүчөлөрүнө кылдаттык менен мамиле кылышыбыз керек.

Ислам growing дининде бардык жандыктарга аяр мамиле кылынышы керектиги буйрук кылынган. Аллах жаныбарларды адам баласынын кызматы үчүн жараткан.





“Биз өз кудуретибиз менен жараткандарыбыздын ичинен алар үчүн жаратып берген жаныбарларды жана аларга ээлик кылышаарын көрүшпөйбү?” ***(Йасин, 36/71).*** “Аллах баардык жуптарды жаратты. Силерге кемеден жана айбандардан мине турган унааларды жаратты. Аларга минесиңер, анан Эгеңердин жакшылыктарын эске алып: “Муну бизге багындырып койгон Аллах – Ыйык Зат! Анткени, биздин мындайга күчүбүз жетпейт. Аллахка кайтаарыбызда шек жок” – дейсиңер” ***(Зухруф, 43/12-13).***



**Чогуу Талкуулагыла**

Жаныбарлардын бизге кандай пайдасы бар? Өз ара талкуулагыла.

Айлана-чөйрөбүздөгү, биздин ишибизге жараган жаныбарларга кам көрүшүбүз керек. Алар да жашоого укуктуу. Пайгамбарыбыз: “Узак жолдон келе жаткан бир адам суусап, чаңкоосун кандыруу үчүн издеп жүрүп кудук тапты. Суудан кангыча ичип алып жолун улайын дегенде, таш-топуракты жаланып чаңкап жүргөн итти көрүп калды. ‘Байкуш бул да суусаган тура’ – деп кудуктан бут кийимине суу толтуруп жанагы итке берди да жолун улады. Бул окуядан кийин Аллах, бул адамга ыраазы болду” – деп окуясын бүтүрөөрү менен, аны угуп отургандардан бирөө: “Аллахтын элчиси, а эмне жаныбарларга жакшылык кылсак да соп табабызбы?” – деп сурайт. Ошондо пайгамбарыбыз: “Албетте, ар бир аткарылган жакшылыкка соп жазылат” – деген экен (Бухарий, “Адаб”, 27; “ширб”, 9).

**Чогуу Талкуулагыла**

Үй жаныбарларына кантип кам көрүшүбүз керек? Мисалдар менен түшүндүргүлө.

Жаныбарларды жакшы көргөн адамдар болгондой эле аларды жаман көрүп, кордогондор да бар. Жаныбарларды кордогон, азапка салган туура эмес. Мышыгын ач калтырып, өлүмүнө себеп болгон бир аялдын акыретте жазага тартыларын пайгамбарыбыз айтып өткөн *( Бухарий, "Бад'ул-Халк", 17).*

**Чогуу Талкуулагыла**

Жаныбарларды кордогон – адамдар менен кантип күрөшүү керек?

Адам баласы Аллахты сүйөрүн, ал жараткан жандыктарды сүйүү аркылуу көрсөтө алат. Жаныбарларды жакшы көрүп, аларга жакшы мамиле кылсак, Аллах да бизди жакшы көрөт. Ошондуктан бардык жаныбарларга аяр мамиле жасашыбыз керек.

"Мээримдүү болгондор, Аллахтын мээримине жетишишет" (Тирмизий, "Бирр", 16).

**Чогуу Талкуулагыла**

Жаныбарларды жана жаратылышты сүйүү менен Аллахты сүйүүнүн ортосундагы байланышты түшүндүрүп бергиле.

Аллах Таала жаратылышты өзгөчө тартип жана тең-салмактуулукта жаратып, бизге ырыскы кылып берген. Андыктан биз, шүгүр келтирип жашашыбыз жана ырыскыны ысырап кылбай туура колдонушубуз керек.



“Аллах жерди бардык жандуулар үчүн жараткан. Анда жемиштер жана бутак-шактуу курмалар бар. (Анда) кабыктуу урук жана жыпар жыттуу өсүмдүктөр өсөт. Эй адамдар, Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара аласыңар?!” *(Рахман, 55/10-13).* “Ал (Аллах) – жерди силерге мойун сундуруп койду. Силер жердин ар тарабында басып, Анын ырыскысынан жегиле … ” *(Мүлк, 67/15).*

**Кеззк Сизде**

“Жаратылыш бизге берилген ырыскы” – деген сүйлөмдү өз ара талкуулагыла.

Жаратылышты сүйүү – ага кам көрүп, өнүктүрүп жана коргоо аркылуу гана ишке ашат. Жаратылышты жандандырып, кооздоштурсак, өзүбүзгө эле эмес башка жаныбарларга да пайдасын алып келет. Мисалы бир дарак отургузсак, жаныбарлардын уясын салып, курсагын тойгозгон болобуз. Пайгамбарыбыз бир хадисинде мындай деген:

“Эгер мусулман адам көчөт отургузса, анын мөмөсүн башка адамдар, жаныбарлар жана куштар жесе, анда ал мусулман адам сооп табат” *(Бухарий, “Адаб”, 27)*

**Чогуу Талкуулагыла**

Хадисте айтылган сооп эмне себептен улам жазылат?

Адам баласы айлана-чөйрөсүн жашылдантып кооздоштуруп турушу керек. Эгер бак-дарак аз болсо, токойлор кыйратылса, аба кирдеп көптөгөн зыяндуу нерселер пайда болушу мүмкүн. Ошон үчүн пайгамбарыбыз мындай деген:

“Араңарда бирөөнүн колунда көчөт болсо, кыямат күн келген чакта да ал көчөттү отургузууга аракет кылсын” (Бухарий, “Адабул-Муфрад*”, 168).*

**Чогуу Талкуулагыла**

Айлана-чөйрөнү жашылдандыруунун жана эрозияга каршы күрөшүүнүн кандай жолдорун билесиңер? Силер кандай салым коштуңар? Мисал келтирип айтып бериңиз.

Айлана-чөйрөбүздү, жаратылышыбызды жана табиятты коргоо, мусулмандык парзыбыз болуп саналат. Ошентсе да ойлонбой кылган иштерибиздин жыйынтыгында, жаратылыш биртоп бузулууга, кыйроого учурап жатат. Бул нерсе башка жаныбарлардын да өмүрү үчүн коркунуч алып келүүдө. Куран-ы Каримде Аллах бизге мындайча буйрук кылат:

“Адамдар өз колдору менен жасаган ишетирен улам кургактыкта жана деңизде бузукулук ачыкка чыкты. Бул жолдон артка кайтуулары үчүн Аллах, аларга жазасын тарттырат.” *(Рум, 30/41)*

**Чогуу Талкуулагыла**

Дүйнө жүзүндө жана айлана-чөйрөңөрдө кандай бузулуулар болуп жатканын өз ара талкуулагыла.

**Чогуу Талкуулагыла**

Жаратылыштагы тең-салмактуулукту сактап калуу үчүн эмне кылышыбыз керек?

# 6 Желекти жана Ата-Мекенди Сүйүү

Бир улуттун, улут болуп сакталып калышында желек менен мекендин мааниси абдан чоң. Мекен жана байрак, эркиндиктин, өз алдынчалуулуктун жана көз карандысыздыктын белгиси болуп саналат. Мекен деген жөн гана топурактын бир бөлүгү эмес, ал маданиятыбыздын, каада-салт жана нарк насилибиздин бир бүтүндүгү болуп эсептелет. Желек болсо улутубуздун биримдигин көрсөтүп турган символ.

“Бүт дартыңды өз мойнума алайын,

Сен ооруба, мен ооруюн, Ата Журт!” **Алыкул ОСМОНОВ**

**Ой Жүгүртүү**

Жогорудагы ыр саптарын окуп чыгып мекендин маанилүүлүгүн түшүндүрүп бериңиз.

Ар бир улутту улут катары сактаган жана жарандарынын арасында сүйүүнү жана кызматташтыкты күчөткөн баалуулуктар – ата-мекен менен желек болуп саналат.

**ЖЕЛЕК**

Күн нурлары тегерете түндүктү,

Курчап турат кызыл сары желегим.

Аталардын каны менен боёлгон,

Сен бар үчүн жашап келет эл-жерим.

**Чогуу Талкуулагыла**

Ыр саптарын окуп чыгып, желектин маани-маңызы тууралу өз ара талкуулагыла.

Ата-мекен жана желек, ата-бабалардын бизген калтырган улуу мурасы. Бул мураска жетүү үчүн ата-бабаларыбыз көрсөткөн эрдиктерди үйрөнүү аркылуу бизге калган мурасты кийинки муунга өткөрүп берүү биздин негизги милдетибиз. Бул эки мураска болгон сүйүүбүздү, аларды көздүн карегиндей сактап, ар тараптан өнүгүшүнө салым кошуу менен көрсөтө алабыз.

**Чогуу Талкуулагыла**

Мекенге болгон сүйүүбүздү кантип көрсөтөбүз? Өз ара талкуулагыла.

**Чогуу Талкуулагыла**

Ата-мекенди өнүктүрүү үчүн өз милдетибизди аткарсак, ата-мекенге болгон сүйүүбүздү далилдеген болобузбу? Кошумча дагы эмнелерди аткарышыбыз керек.

Желегибиз, эркиндиктин, көз карандысыздыктын жана эгемендүүлүктүн символу ошондой эле улут болуунун негизги себеби. Анын түсү ата-бабалардын, ардагерлердин жана шейиттерибиздин каны менен боёлгон. Аны дайыма сыйлап, бийиктикте алып жүрүү жарандык милдетибиз болуп саналат.



## 7 Шейиттер жана Ардагерлер

Ата-мекен жана желек сыяктуу баалуулуктар, бир улуттун жүзү болуп саналат. Кээ бир учурларда ар бир улут ата-мекенин жана желегин сырткы душмандардан коргоого мажбур болушкан. Баалуулуктарын коргоо аркылуу ата-мекенине жана байрагына болгон сүйүүсүн көрсөткөнгө аракет кылышкан.

**Чогуу Талкуулагыла**

Кайсыл учурда ата-мекенди коргошубуз керек? Мисал келтирип түшүндүрүп бергиле.

Ата-мекенге жана улуттук баалуулуктарга душман кол салганда, ар бир улут өзүнүн көз карандысыздыгын коргоп калуу үчүн аскердик милдетин аткарат. Мекенди коргоо убагында эрдик көрсөткөндөргө "согуштун ардагери" деген ыйык наам берилет.

"Согуштун ардактуу ардагери" же "согушта шейит кеткен" – деген ыйык наам, эр азамат үчүн аябай баалуу ысым болуп саналат. Куран-ы Каримде шейит кеткендер

– пайгамбарлар, салих амал кылгандар (жакшы ишке себепчи болгондор) жана дин жолунда туура жүргөндөр менен бирдей даражага ээ экени жазылган:

“Ким Аллахка жана Анын элчисине баш  ийсе, анда алар Аллах Өз мээримдүүлүгүн көргөзгөн: пайгамбарлар, ишенгендер, шейит болгондор менен бирге (болушат). Алар эң сонун шериктер!” ***(Ниса, 4/69).*** “Аллах жолунда өлтүрүлгөндөрдү “өлгөн адамдар” деп айтпагыла. Жок! Алар – тирүү. Бирок силер сезбейсиңер.” ***(Бакара, 2/154).*** “Аллах жолунда өлтүрүлгөндөрдү, өлгөн адам деп атабагыла. Алар – тирүү жана Эгесинин алдында ырыскыга бөлөнүшөт. Алар Аллахтын мээрими менен өздөрүнө (Бейиште) берилген нерселерине кубанышкан абалда, артынан эрчибей калгандарга (көзү тирүү момун-мусулмандарга): “Аларга коркунуч жок. Алар кайгырышпайт”, – деп сүйүнчүлөшөт.” ***(Аали Имран, 3/169-170).***

Шейит болуу – деген наам динибизде да жогорку мартабадагы ысым болуп саналат. Аз. Пайгамбарыбыз, шейиттердин “адамдардын акысынан” башка бардык күнөлөрүнүн кечирилишин сүйүнчүлөгөн (Муслим, “Имаарат”, 118).

*Ардагерим, шейит кеткен тууганым,*

*Мен өзүңө каза албасам көрүстөн*

*Бул ишиме капа болбо эч качан*

*Ал анткени мартабалуу бейиштин*

*Эшигинде бир өзүңдү пайгамбар*

*Кучак жайып тосуп алат узактан.*

**Кезек Сизде**

Шейит кеткен адамдар эмне үчүн пайгамбарлар менен бирдей даражага ээ болушат. Түшүнүгүңүздү айтып бериңиз.

Кыргыз эли ар убак өз эли-жерин душмандан коргоп жада калса коңшу өлкөлөргө да жардам берүүдөн тартынган эмес. Душманга каршы салгылашуунун эң эле көрүнүктүү мисалы II Дүйнөлүк Согуш болуп саналат. Бул согушта Кыргыздын эр азаматтары мекени үчүн жанын бергенге даяр турушканы үчүн, Улуу Жеңишке жетише алдык.





**Ой Жүгүртүү**

II Дүйнөлүк Согушта эрдик көрсөткөн баатырлар тууралуу өз ара талкуулагыла.

**Чогуу Талкуулагыла**

Согушта курман болгондорго кандайча сый-урмат көрсөтөбүз? Мисал келтирип түшүндүрүүгө аракет кылыңыз.

**Кезек Сизде**

Сиз тааныган согуштун ардагерлери барбы? Аларга сүйүүбүздү жана сый-урматыбызды кантип көрсөтөбүз?

Кыргыз эли дүйнөдө тынчтык өкүм сүрүшүн дайыма каалап келген эл. Өз эли жана коңшу өлкөлөрдүн тынчтык, биримдик жана бейпил жашоодо өмүр сүрүшү үчүн Кыргыз элинин чыгаан мырзалары жана аялдары дайыма бүтүндөй күч-аракетин жумшашкан.

## Бөлүмдү Жыйынтыктоо

Ислам адеп-ахлагы сүйүүгө чоң маани берет. Сүйүү – Аллах тарабынан адамдарга берилген белек болгондой эле Аллахтын бар экенинин далили болуп саналат. Динибизде чыныгы сүйүүгө ылайык зат бул - Аллах. Аллах жараткан жандыктын баарын сүйөт, ошондуктан Аллахка чын жүрөгүбүздөн ибадат кылуу негизги милдетибиз болуп саналат.

Пайгамбарлар Аллахтын буйругун бизге жеткирген адамдар. Биз диндин негизин пайгамбарлардын жардамы менен үйрөнөбүз. Ошондуктан Аллах пайгамбарларды үлгү алып жашоону буйрук кылган. Пайгамбарды сүйүү менен Аллахты сүйүү – деген сезимдер бири бирин толуктап турат. Аллахты сүйгөн пенде, анын элчисин да сүйөт жана сыйлайт.

Адам баласы Аллахтын кулу жана эң кооз абалда жаратылган жандык болуп эсептелет. Ошондуктан Ислам дини адам баласын – сүйүүгө татыктуу деп эсептейт. Адам баласына болгон сүйүү сезими менен Аллахка болгон сүйүү сезиминин ортосунда бекем байланыш бар. Себеби адам баласын сүйүп, укугун коргоп, аларга сылык мамиле кылсак, Аллахка болгон сүйүүбүздү далилдеген болобуз.

Сүйүүнү, бактылуулукту, мээримдүүлүктү жана бейпил турмушту үй-бүлөдөн үйрөнөбүз, ошол үчүн динибиз үй-бүлөгө чоң маани берген. Үй-бүлөдө сүйүү, бакыт жана тынчтык өкүм сүрүшү үчүн үй-бүлө мүчөлөрүнүн ар бирине жоопкерчилик жүктөлгөн. Ата-эне балдарын тарбиялап өстүрүүгө, билимдүү жана жакшы инсан болушун камсыз кылууга милдеттүү. Чексиз сүйүүсүн, мээримин берген балдарынан болсо, өздөрүн жакшы көрүүлөрүн гана күтүшөт. Аллах буйрук кылгандай, перзенттер ата-энесин сүйүүгө, сыйлоого жана урматтоого милдеттүү.

Айлана-чөйрөбүздөгү жаныбарларга, өсүмдүктөргө жана куштарга аяр мамиле жасашыбыз керек. Жаратылган жандыктарды жакшы көрчү болсок, Аллахтын сүймөнчүгүнө ээ боло алабыз. Динибиз бизге жалпы эле жаныбарларды коргоону буйрук кылган. Андыктан аларга зыян келтирбешибиз керек. Айлана-чөйрөнү коргоп, жашылдандырып, кооздоштуруу аркылуу башка жандыктарга да жакшылык кылган болобуз. Бул болсо жаратылышты сүйгөнүбүздүн белгиси болуп саналат.

Улутту улут катары сактаган, коомдогу жарандардын биримдигин бекемдеген баалуулуктар – ата-мекен менен желек болуп саналат. Ата-мекен жана желек бабаларыбыздын каны менен жуурулуп бизге калтырылган мурас болгону үчүн мурасыбызды көздүн карегиндей коргоп кийинки муунга өткөрүп берүү барыбыздын милдетибиз болуп саналат. Ата-мекендин ар тараптан өнүгүшү үчүн колубуздан келген бардык мүмкүнчүлүктөрдү жасашыбыз керек, анткени аны өнүктүрүү жана көздүн карегиндей сактоо ата-мекенге болгон сүйүүнү билдирет. Мекенди коргоо милдетин аткаруудагы адамга берилген эң жогорку наам – “шейит” жана “согуштун ардагери” деген ысымдар болуп саналат. Бизге тынч бакубат жана бейпил жашоо тартуулаган бардык шейиттерди эскерип туурубуз зарыл. Ал эми ардактуу ардагерлерибизди дайыма сыйлап жүрүшүбүз керек.

## Бөлүмдү Анализдөө

1. Аллахка болгон сүйүүбүздү кантип далилдей алабыз?

2. Аллахты сүйүү жана пайгамбарды сүйүү деген темалардын арасында кандай байланыш бар?

3. Адамзатын кантип сүйөбүз? Мисал келтире аласызбы?

4. Ата-энени эмне үчүн сүйүшүбүз керек?

5. Жаныбарларды жана жаратылышты коргоо үчүн эмне кылышыбыз керек?

6. Ата-мекенди жана желекти сүйүүнүн мааниси эмнеде?

## Жыйынтыктоочу Суроолор

**1. Төмөнкү жооптордун арасынан кайсынысы тирүү жандыктардын жашоосуна шарт түзөт?**

А) Үмүт Б) Сүйүү

В) Адилеттүүлүк Г) Жек Көрүү

**2. "Улуу Жараткан аябай мээримдүү Зат" – деген аятты, кайсы сөз аныктап турат?**

А) Аллахтын сүйүүсү Б) Пайгамбардын сүйүүсү

В) Адамзаттын сүйүүсү Г) Ата-Мекенди сүйүү

**3. Ислам адеп-ахлагындагы сүйүүнүн эң негизги булагын табыңыз?**

А) Ата-энени сүйүү Б) Пайгамбарды сүйүү

В) Жаныбарларды сүйүү Г) Аллахты сүйүү

**4. Ата-энеге болгон сүйүүгө туура келбеген вариантты табыңыз?**

А) Ата-энени сүйүү Б) Аларга жакшылык кылуу

В) Аларды жек көрүү Г) Аларды сагынуу

**5. Төмөнкү жооптордун ичинен кайсынысы – "аларды өлдү дебегиле, алар тирүү, болгону силер байкабайсыңар" – деген сүйлөмдү түшүндүрөт?**

А) Бөбөктөр Б) Өсүмдүктөр

В) Шейиттер Г) Ардагерлер

VII

# БӨЛҮМ

# адеп-ахлак



# ҮЛГҮЛҮҮ ИНСАНДАРДЫН ӨРНӨКТҮҮ ИШ-АРАКЕТТЕРИ


1. Ахмед Йасави – Кызмат Кылуунун Үлгүсү

2. Юнус Эмре – Сүйүүнүн Үлгүсү

3. Мавлана – Кең Пейилдүүлүктүн Үлгүсү

4. Аажы Бекташ-и Вели – Адамга Арналган Сүйүүнүн Үлгүсү

5. Мимар Синан – Жоопкерчиликтин Үлгүсү

6. Мустафа Кемал Ататүрк – Мекенди Сүйүүнүн Үлгүсү

## БӨЛҮМ ТУУРАЛУУ

Тарыхый маданиятыбыз менен мактансак болот. Анткени өтө бай мурастын ээлери болуп саналабыз. Мына ушул бай тарыхый маданияттын күнүбүзгө чейин келүүсүндө, кээ бир улуу заттардын аябагандай зор эмгеги бар. Ар тараптан үлгүлүү боло алган залкар адамдардын адеп-ахлактык жана диний жашоо түшүнүгү, бүгүнкү күндө улантылып келе жаткан жашоого таасирин тийгизип, жашообуздун жакшыруусуна себеп түздү десек жаңылышпайбыз.

Түрк тарыхынын маданиятын түптөгөн, атактуу инсандарыбыз менен сыймыктансак болот. Маданиятыбыздын руханий башаты ошондой эле дүйнөлүк баалуулуктардын катарына кирген, сүйүү, кызматын жан дили менен аткаруу, иш жоопкерчилиги, кең пейилдүүлүк, адамды урматтоо жана Ата-Мекенди сүйүү деген түшүнүктөрдүн, калыптынашында жана элибиздин арасында орношунда, ушундай мыкты инсандардын ролу чоң. Маданиятыбыздын уюткусун түзгөн улуу инсандарды таанып билсек, өзүбүздү жакындан таанып, маданий мурасыбызды жакындан изилдеп, үйрөнө алабыз.

## ПЛАН

Бул бөлүмдүн соңунда төмөнкүлөрдү үйрөнө аласыз;

1. Маданиятыбыздын өзөгүн түзгөн залкар адамдар тууралуу маалыматтарды.
2. Бизге үлгү болгон адамдардын кылган иш-аракеттерин.
3. Үлгүлүү адамдардын жүрүм-турумдарын үлгү алууну.
4. Үлгүлүү инсандардын биз үчүн пайдалуу болгон иш-аракеттеринен кантип өрнөк алуу керектигин.

## ОКУУ ЭРЕЖЕСИ

Бул бөлүмдү окуунун эрежеси;

1. План коюп окуу жана тиешелүү бөлүмдү анализдөө.
2. Бөлүмдө берилген тапшырмаларды аткаруу.
3. Китептин соңунда көрсөтүлгөн булактардан пайдалануу.

# 1 Ахмед Йасави – Кызмат Кылуунун Үлгүсү

Ахмед Йасави - Ислам дининин Түрк урууларынын ичинде кеңири таралышына жана Кичи Азиянын (Анатолия) көпчүлүк бөлүгүнүн Мусулман болушуна эбегейсиз чоң салымын кошкон улуу инсан. Ал калтырып кеткен мурас, бүгүнкү күндө аталган аймактарда сакталууга аракет кылынып келет. Ахмед Йасави ( ? – 1161) XI-кылымдын экинчи жарымында, бүгүнкү Казакстандын чек арасындагы Сайрам (эски аты Исфиджаб) деген айылда туулган. Ата-энесинен кичинекей кезинде эле ажырап калган Ахмед, эжесинин колунда өскөн. Кийинчерээк Йассы шаарына көчүп келишет (азыркы Түркстан аймагы). Баштапкы билимин ушул шаарда алганы үчүн "Йасави" деген ысым ыйгарылган. Билимин жогорулатуу максатында Йасави, Бухара шаарына келет жана ушул жерде билимин аяктайт.




Кожо (мугалим, окуучу) Ахмед Йасави, жогорку билимдүү жана жөнөкөй бир үй-бүлөдө туулган. Билимге суусаган жан болгондуктан, ал доордогу эң күчтүү илимий борбор болгон Бухара шаарында Букара Медресесинде окуган. Тасаввуф (сопучулук) илимин, аалым Юсуф Хамаданиден толугу менен үйрөнгөн. Билимин аяктаган соң Йасави, Йассы шаарына кайтып келет жана бул жерде он миңдеген окуучуларды тарбиялап билим берет. Куран менен Сүннөттүн негизинде билим берген Йасави, Арап жана Перси (Фарс) тилин да билген. Бирок өлкөсүндө динди, эски Түрк (Чагатай) тилинде жазылган "Насыяттар Жыйнагы" деп аталган чыгармасы менен жайган.

Ахмед Йасави окуткан сопулардын көпчүлүгү, Түркстан жана Кичи Азияда, Ислам дининин таркашына жана Мусулмандардын көбөйүшүнө аракетин жасаган. Мисалы көпчүлүккө белгилүү болгон Юнус Эмре жана Аажы Бекташ Вали, анын окуучулары

болуп саналышат. Көп сандагы окуучусу болгон үчүн Ахмед Йасавиге, Кожо (мугалим, окутуучу) деген лакап берилген.

Кожо Ахмед Йасавинин жана окуучуларынын Исламды жаюуу методу "Насыят Айтуу" болуп саналат.. Бул метод, ыр түрүндө жазылган жана көбүнчө биримдикке, жакшылыктан үмүт үзбөй жашаганга жана дайыма жылмаюуу тартуулаш керектигине үгүттөйт. Йасави, Курандагы: "Адамдарды Эгеңдин жолуна даанышмандык жана көркөм үгүт аркылуу чакыр" (Нахл сүрөсү, 125-аят) – деген аяттан таасирленген үчүн, жазган ырларына "Насыят" деген ат бергенин айтат. Йасавинин усулу, Курандын мазмуунуна ылайык "Адамдарга акылы жана даражасына карап насыят-үгүт кылгыла" деген мааниде болуп саналат.. Йасави бул нерсе тууралуу өзүнүн ыр жыйнагында мындай дейт:

"Ашыктык оту болбогондор жаны жана ыйманы жок;

Пайгамбардын сөзүн айттым, жыйынтык жок,

Муну билген, мени уккан адам канча?

Түшүнбөгөн адамга айтсам пайдасы жок."

Йасави, адамдын Аллах Таалага кулдук кылуусу жана жалгыз Ага баш ийүүсү, Исламдын негизине ылайык жол – деп айтат. Аллах Таалага ашык болуудан пайда болгон жогорку ыйман болсо, адамды жана коомчулукту бактылуулукка жана бейпил жашоого жеткирет.



**Ой Жүгүртүү**

Йасави, адамдын ыйманы дүйнө кызыкчылыктарынан узак, чын ыклас менен болушу керектигин айтат. Ыкласы чын болгон мусулман, башкаларга көрүнөйүн деп эмес, чын жүрөгү менен Аллах Таалага баш иет.

Тили, дини, улуту кандай болсо да, башка адамдарга жакшы сөз айтуу, жылмаюу тартуулоо жана кичи пейил болуу, Ислам динининин буйругу экенин айткан Йасави, адамзатына кызмат кылууга басым жасайт. Анткени адам баласы, жаратылган макулуктардын эң бийиги, адамдарды жакшы көрүү Аллах Тааланы сүйүү менен чогуу келет. Аллах Тааланы чын дили менен сүйгөн адам, Ал жараткан пенделерин да жакшы көрөт. Йасавинин пикири боюнча, качан гана адам, өзүнүн Аллах Талаа жана башка адамдардын алдындагы милдетин билсе жана өзүнүн табиятын жакында таанып билсе, ошондо гана инсандык жогорку мартабага жете алат.

Кимде ким карып, кедей жетимден кабар алса,

Ал адам сөзсүз жагаар Жаратканга. (Девели, 71-б)

Йасави, Ислам дини алып келген аял менен эркектин тең укуктугу принцибине таянып, аял кишилердин да таалим-тарбия алышы керек дейт. Анын; аял киши, өндүрүштө, саясатта жана социалдык статус жактан эркек киши менен тең укуктуу болушу керек – деген сөзүн жактырбагандар, Падышага арызданышкан.

Йасави, чыныгы мусулмандын “башкаларга кызмат кылууну сүйгөн” адам болушу керектигин айтуу менен бирге мусулмандын, эмгек акысын алууга умтулуп өзүнө да коомчулугуна да жардам кылуусун эскертет. Анткени бирөөнүн акысын жегендик же бирөөнүн эсебинен жашагандык, Аллах Таалага жакпаган иш.

Ахмед Йасавинин ырлары, Аз. Пайгамбарыбыздын хадистеринен илхом таап жазылган. Пайгамбарыбыздын жогорку адеп-ахлагын башкаларга ыр аркылуу жеткирген Йасави, текебердикти жана өзүн башкалардан жогору койууну коркунучтуу деп эсептейт.  Ошондуктан ал, алсыздарга жардам берүүгө, кечиримдүү болууга, мээримдүү болууга ашыккан.

Көңүлү ооруган адамдын дарманы бол,

Алсыз адамга дайыма дос-жар бол,

Кыямат күнү жамалыңды жамандан коргоп сакта,

Жолобогун менменсиген адамга. (Девели, 67-б)

Ахмед Йасави, насыят-үгүттүн башында Аллах Таалага ашык болуу керектигин мына ошондо Ислам динине ылайык жашоо башталарын айтат. Аллах Таалага ашык болуу, напсиден толугу менен кутулуу, өз кызыкчылыктарды унутуу менен гана болот. Ошондой эле Аллах Тааланын сүймөнчүгүнө ээ болуу үчүн, алгач адамдарды сүйүү, аларга кызмат кылганды үйрөнүү жана социалдык карым-катнаш байланышын күчөтүү керектигин Йасави эскертип өтөт.

Йасави айткандай, адамдын напсинин кызыкчылыктарынан кутулуп, башка адамдарды өзүндөй көрүп жашоосу; диний жана адеп-ахлактык милдет. Томолой жетимдерге, алсыздарга, кыйын жашоого кезиккендерге жардам берүү – деген темада насыятын айткан Йасави, сабырдуу, ак эмгек менен акы алууга, дүйнө кызыкчылыктарынан узак болууга адамдары чакырат. Социалдык жашоонун пайдубалын түзгөн “жардам берүү” касиети тууралу да ыр жазган:

Ким болбосун баарына кызмат кылайын

Топурак болуп жолуна жол улайын

Ашык болгон жандын оту, күлү болоюн

Дарман болуп жер алдында жашап өтөйүн (Н. С. Банарлы, 281).

Тууганчылык деген ассоциация, Йасави окуусунун философиясынан келип чыккан. Өз учурунда соодагерлер, дүкөндөрүн ачпай туруп, чогулушуп алып соода-сатыктын ахлак принциптерин бири-бирине эскертишкен экен. Албетте бул көрүнүшкө Ахмед Йасавинин көз карашы, пикирлери жана насыяттары түрткү болгон.

## 2 Юнус Эмре – Сүйүүнүн Үлгүсү

Юнус Эмре (1241/1239 – 1320/1321) 13-кылымда жашаган Түркмөн дервиши болуп саналат. Сүйүү деген сөз айтылганда алгач эле ойго анын ысымы келет. Сексен жыл жашаган бул аалымдын кайсыл жерде көмүлгөнү так билинбейт. Монголдор Түрктөрдүн журтун басып, талап-тоной баштаган доордо туулган Юнус Эмре, кыйын күнгө калган элин караңгылыктан куткарып, үмүт чырагы болгон. Исламдын негизин түзгөн сүйүү менен ак пейилдүүлүктү мактап айткан Юнус Эмре, калкы тарабынан колдоо көргөн.



Сүйүү деген нерсе – Аллах Таалага баш ийүү жана Ал жараткан макулуктарды жакшы көрүү дегенди түшүндүрөт. Сүйүү менен кошо урмат-сый ээрчишип келет, булар адамдарды достук-бир туугандыкка жетелешет. Сүйүү дилде, көңүлдө болгондуктан, пайда табуу көздөлбөйт, бул сезим чын жүрөктөн келет.

Юнус Эмренин "дүйнө таанымы" – сүйүү менен коштолот. Эгерде адамда сүйүү жок болсо, анын ички дүйнөсүндө жамандык бутактап кетиши мүмкүн. Ачуусу келгендер, таарынчактар, бири-бирин түшүнбөй жаңжал чыгаргандар, сүйүүдөн узак калып кеткен адамдар болуп саналат..

### Ой Жүгүртүү

Юнус Эмре ырларын көбүнчө сүйүү, ашыктык тууралу жазган. Мындагы сүйүү, Аллах Таалага жана ошондой эле Ал жараткан бардык макулуктарга болгон сезим болгондуктан, пендени бир адамды бир тууганындай көрүп ага жакшылык кылуусуна түрткү болот.

Юнус Эмре пайдасы жок илимдин баалуулугу жок экенине басым жасаган жана илим менен ыймандын, адам баласынын напсисинин кулу болуп калышынан коргошулу-

шу керек деп айткан. Адамдын өсүп-өнүгүшүнө тоскоолдук кылган, текебердик, бой көтөрүүчүлүк жана кек сактоо, Юнус Эмре айткандай – душман болуп саналат.. Юнус Эмре:

“Илим илим илмек экен,

Илим өзүн билмек деген

Сен өзүңдү таанып басаң, билбесең,

Анчалык көп окуганың бекер экен”

деген ыр саптарында, адамдын башта өзүн таанып билүүсү андан кийин билим алуусу керектигин айтып өтөт.

Аллах Таалага арналган сүйүү менен суугарылган дил Жараткан курган такты сыяктуу болгондуктан, урмат-сыйга татый турган нерсе. Ошондуктан билбей туруп, адамдын көңүлүн оорутуу, Аллах Таалага каршы чыгуу менен барабар. “Жаратылыш жана жалпы жандыктарды Кудай жаратканды үчүн сүйөм” – деген сөздүн автору Юнус Эмре бир ырында мындай деп жазат:

“Бир көңүлдү оорутсаң,

Кабыл болбойт намазың.

Ал анткени көңүл деген,

Жараткандын тактысы.

Бир көңүлдү жыккан болсоң,

Табалбайсын өмүр бою бактыңды.”

Адам баласы Улуу Аллах Таалага баш ийип, Ал буйрук кылган жолдо жүрүүсүнө, “сүйүү жана махабат” сезимдери дайыма жардам берген. Ошондуктан махабат дастандары унутулбай эл арасында айтылып келет. Ушул сыяктуу, сүйүү адамды унутулгус абалга айландырат.

Чөлдөгү, кырлардагы жана топурактагы кургакчылык, ар бир мүчөсү канчалык жаан-жамгырга ынтызаар болсо, адам баласы да сүйүүгө муктаж болот. Жаңы төрөлгөн бала, энесинин сүйүүсү жана мээрими болгон үчүн тактыктуу адам болуп бойго жетет. Сүйүү жана мээрим көрбөсө, адамдын кулк-мүнөзү кемчиликтерге толо болот.

Юнус Эмренин ою боюнча сүйүү деген сезим, Аллах Таалага жана Ал жараткан макулуктарга жакын болуу деген нерсе.

“Келгиле тааныш бололу,

Оңой жолго түшөлү.

Биреөлөр бизди сүйүшсүн,

Биз аларды сүйөлү.

Дүйнө эч кимге калбайт ...

Доо арызым айтуу үчүн келбедим,

Каалаганым сүйүү болсун өтө көп.

Достор жашайт ошол ыйык көңүлдө,

Көңүлдөрдү көтөргөнү келгенмин.”

Юнус бул ырында, адамдардын көнүлү назик экенин жана көңүлдү сүйүү менен гана коолдоого болорун түшүндүрүүгө аракет кылат.

Бардык эле ырларында адамдар бири-биринен айырмасы жок экенин жана бүтүндөй адамзатты бирдей көрөөрүн – созолонтуп айткан Юнус; тил, дин жана улутка карап адамдарды бөлүү Аллах Таалага жакпаган иш экенине басым жасайт.

Юнус, махабатка малынган адам болгон үчүн:

“Ашыктык келсе, кемчиликтердин баары жоюлат...”

жана

“Уккула мени эй достор, ашыктык күнгө окшош,

Ашыктык сезимдери жок адамдар таш болот.

Ашык болгон көңүл күйүп шам чыракка айланат,

Таш көңүлдөр катуу ызгаар кышка окшош.” –

деген ырында бардык көйгөй ашыктык жолу менен чечилерине ишенет.

Юнус Эмре инсанды инсандыктан чыгарган нерсенин мээримдин жоктугу жана кек сактоо экенин айтат. Мындай жаман адатка каршы күрөшүү керектигин эскертет:

“Алсыз адамдарбыз биз,

Кек сактоо бизге душман.

Кек сактоону билбейбиз,

Бардык жанды тең көрүүгө келгенбиз”.

Юнустун дүйнө таанымы “сүйүү” деген сөз менен толукталган. Анын оюу боюнча жашоонун маңызы “сүйүүдө” жатат. Эгер жакындан изилдей турган болсок, дүйнөдө баардык нерселерде сүйүү бар. Өсүмдүктөрдөн гүлдөрдү, мезгилдерден болсо жазды жакшы көргөн Юнус Эмре, ар бир жаратылган нерсе “баалуу” деп айтат.


Адам ата жаралган күндөн баштап жашоонун мааниси, мазмууну “сүйүү” менен түшүндүрүлүп келет. Эгерде кыямат күнүнө чейин адамдардын арасында сүйүү, ак пейилдүүлүк, жакшы мамиле жоголбосо, бул дүйнөдөгү азап, кыйынчылык, согуш жана хаос токтотулуп анын ордуна бактылуу адамдардан курулган коом пайда болот.

# 3 Мавлана – Кең Пейилдүүлүктүн Үлгүсү

Мавлана Жалаладдин Урумий, 1207-жылы 30-июль (баш оона) күнү азыркы Афганистандагы Хорасан аймагына караштуу Булх шаарында туулган. 1273-жылы 66 жашында Туркиядагы Коня шаарында өлгөн жана ошол шаардагы күмбөзүнө көмүлгөн. Атасы Бахаеддин Велед, убагында өтө таанымал аалым болгондуктан "Аалымдардын Султаны" деген наамга татыктуу болгон. Апасы Мумина Хатун, Белх шаарынын акими Рукнеддин мырзанын кызы болгон.

1212-1213-жылдары Монголдор кол салып шаарга кирип келгендиктен, Баха ад-дин Валад үй-бүлөсүн жана жакындарын жанына алып Белх шаарынан көчүүгө аргасыз болот. Алар алгач Хорасан аймагындагы Нишабур (Нишапур шаары – азыркы Ирандын ичинде) шаарына келишет. Бул жерде Баха ад-дин Валад, жалпыга таанымал Мутассавуф (сопучулук/суфизм менен алектенген аалым) Фериддун Аттарга жолугат. Андан ары Багдат шаарына барышат, кийин Куфа шаары (Эль-Куфа, Иракагы Ефрит дарыясынын боюндагы шаар) аркылуу Меккеге келишет. Ажылык сапарын аяктaшкандан кийин, Дамаск шаарына (эш-Шам, Сириянын борбору) учурап, андан ары жолун улап кезеги менен Малатья, Эрзинжан, Сивас, Кайсери жана Нигде шаарлары (Туркия мамлекетинин шаарлары) аркылуу өтүп, Караман деген шаарга (эски аты Лариман, учурдагы Туркиянын Түштүгүндө, Адана облусуна караштуу шаар) келип жашап калышкан.

Бул учурда Караман шаары, Селчуктар Мамлекетине караштуу эле жана өнүгүүнүн туу чокусуна жеткен эле. Мамлекет башчысы Ала ад-дин Кейкубад, Баха ад-дин Валад мырзаны, Селчуктардын борбору Коньяга чакыртып алган. Ошентип, Мавлана 22 жашында үй-бүлөсү менен Конья шаарына келген.



XIII – кылым Монголдордун Азияны басып алууга аракет кылган учуру эле. Мавлана Коньяга келген учурда баскынчылык өнүгүп, Кичи Азияда салгылашуулар жүрүп жаткан болчу. Орто азиядан көчүп келген жана "Хорасандын Бектери" деген ат менен таанылган Аллах Таалага кызмат кылууга бел байлаган эр-азаматтар, Кичи Азияны душмандан коргоо үчүн, элди биримдикке чакыруу менен динди жайылтууга аракет кылышкан.

Мавлана, Кайсеридеги улуу аалым Сейийд Бурхан ад-Динден таалим алган, андан кийин Ислам илимий-изилдөө борбору деп саналган Халеп жана Дамаск (Халептин мурунку аты Алеппо, Темирлан кийин Халеп деп өзгөрткөн, Эш-Шам (Дамаск) шаарына жакын жана Сириянын аймагындагы шаар) шаарларына барып, илимин уланткан. Беш жылдан кийин кайра Коньяга кайтып келген.

Ислам дининдеги Тасаввуф (сопучулук/суфизм) илиминин өркүндөшүнө салымын кошкон Мавлана, тили, дини, улуту, масхабы кандай болсо да адамдарды бөлүп карабастан, баарына тегиз мамиле кылып колунан келишинче аларга биримдикти, ак пейилдүүлүктү үгүттөп насаат кылган. Анын:

"Биз бөлүп жаруу үчүн келген эмеспиз, максатыбыз биримдик.

Чогуу болгон берекетти алып келет, бөлүнүп жарылгандык болсо азапка жетелейт" – деген сөзү эл арасында белгилүү.

Мавлана айткан "кең пейилдик", адамдарды сыйлап урматтаган учурда гана пайда болот. Адам баласын, Аллах Таала жаратылгандардын арасында бийик мартабага жеткиргени үчүн, Мавлана адамдарды тил, дин, улут жагынан бөлбөй баарыбыздын тең укуктуу экенибизди айткан. Ал көрсөткөн жол, бүгүнкү күндө, бирбиринен айырмаланган маданият, тил жана улуттагы адамдардын, чогуу болуп ынтымактуу жашашы үчүн керектүү. "Аз. Пайгамбарыбыз айткандай ар бир аалымдын милдети бар. Аллахтын жолуна чакырган аалымдардын саны болсо, аз" (Маснави, I, 40) – деген сөздү эске алган Мавлана, Ислам дининдеги "биримдикте берекет, бөлүнүп-жарылууда болсо азап бар" деген принципке таянып, үгүт-насаат кылган. Ошондуктан Мавланын Мусулман эле эмес, ал жашаган аймактагы бардык улуттагы, диндеги окуучулары болгон.



Мавлана, Маснави (Кыргызча мааниси "Эки Катар Тизилген") деген чыгармасында, биримдикти, сүйүүнү, кечиримдүүлүктү, кең пейилдүүлүктү, бир-туугандыкты мактап жазган. Адамдар, ачуулуу жана тойбос болуудан узак жүрүшсүн деген. Анын төмөнкүдөй осуяты бар:

"Жоомарттык жана кайрымдуулукта шаркырап аккан суудай бол!

Боорукердик жана мээримдүүлүктө жадырап тийген күндөй бол!

Бирөөнүн кемчиликтерин жашырууда караңгы түндөй бол!

Каарың келип ачууланганда, үн чыгарбас балыктай бол!

Токтоолукта жана жөнөкөйлүүлүктө көтөрүмдүү жердей бол!

Айкөлдүктө чалкып жаткан деңиздей бол!

Кандай болсоң ошондой көрүн же кандай көрүнсөң ошондой бол!"

Мавлана жалгыз эле Мусалмандарга кайрылуу жасаган эмес. Дүйнөдөгү жалпы адамзатка "кең пейилдүү" болуунун жолдорун көрсөткөн. Ошондуктан, анын: "Кел, биз тарапка кел. Кандай адам болсоң да келебер. Каапыр болсоң да, бутпараст болсоң

да арабызга кел. Биздин текке, үмүтүн жоготкондордун жайы эмес. Жүз жолу тообо кылып, кайра тообоңду бузуп алсаң да, биз жакка кел" – деген сөздөрүн, бүгүнкү күндө дүйнө эли билет. Анын чыгармасы бир канча тилге которулган. Айрыкча:

"Жетимиш эки улуттун сырын биз билебиз,

Биз сурнай сыяктуу, эки жүз элүү махсабдагы адамдардын тилин, бир нота менен түшүнөбүз" – деген насыят-үгүтү, дүйнөлүк деңгээлде кабыл алынган.

Учурда бир өлкөдө көп сандагы улут, тил жана динге тиешелүү адамдар бирге жашап жатышат. Алардын мурунку доорго карата, биримдикте, тынчтыкта жашаганга көбүрөөк муктаждыгы бар. Бул маселеге тиешелүү Мавлананын окуусунан, үгүт-насааттарынан керектүү, педагогикалык ойлорду табууга болот.

## 4 Аажы Бекташ-и Вели – Адамга Арналган Сүйүүнүн Үлгүсү

Аажы Бекташ-и Вели 1248-жылы Хорасан аймагындагы Нишабур (Нишапур) шаарында туулган деп божомолдуу түрдө айтылат. Баштапкы билимин туулуп өскөн шаарда алган. Кийин Хорасандан чыгып, Нажа (Ирак), Мекке, Мадина (Сауд Аравия), Кудус (Израил), Халеп (Сирия), Эльбистан, Сивас, Кайсери жана Кыршехир облустары (Туркия) аркылуу Сулужакарахөйүк (азыркы аты Хажыбекташ) деген шаарга 1281-жылы келип жашап калган. 92 жашында каза болгондо (1373-жыл) Кыршехир облусуна караштуу Сулужакарахөйүк шаарында эле. Бирок убактысын көп өткөргөн Невшехир (Туркия) шаарына көмүлгөн жана күмбөз тургузулган.

Ахмед Йасавинин пикирлеринен катуу таасирленген үчүн, Монгол империясы, Селчук мамлекетин жок кылууга аракет кылган мезгилде Кичи Азияга келип, элдин дартына дарман болууга аракет кылган. Өз күчү менен курган мектебинде, Түрк тилинен башка тил билбеген элеттиктерге, кең пейилдүүлүк, сүйүү, биримдик, ынтымак деген темаларда көптөгөн баян кылган. Аажы Бекташ-и Вели, Кичи Азияда тасаввуф агымынын күчөшүнө салымын кошкон. Алып барган ишинен улам, аны ээрчигендер, Бекташ-и Велинин системасын "Бекташилик" деп аташкан. Аажы Бекташ-и Вели, Куран жанан Сүннөткө ылайык түшүндүрүү ишин жүргүзгөн жана "Макалаат" – деген чыгарма жазган.Таарынсаң да таарынтпа" – деген сөзү менен тигил же бул деп бөлбөй, жалпы адамзатты тегиз көрүп, элди сүйүүгө жана ак-пейилдүүлүккө чакырган.

**Ой Жүгүртүү**

Аажы Бекташ-и Велинин ою боюнча, диндин пайдубалы - сүйүү, сүйүүнүн пайдубалы - болсо адамдын дили болуп саналат.. Чыныгы мусулман болуу үчүн алгач жакшы адам болуу керек экенин такай эскертип турган Аажы Бекташ-и Вели, "Колуңду, тилиңди жана намысыңды жамандыктан коргогун" – деген афоризмдин автору болуп эсептелет.

Ал: сүйүү жана боорукердик адамга, каардуулук жана шахват (ачтык) айбандарга жарашкан сапат” – деп айтат. Жазган ырларында, дүйнөлүк стандартка ылайык жакшы сапаттарды мактап ырдайт. Адамдар биримдикте жана ынтымакта жашашы үчүн; сабырдуу, уяттуу, берешен жана ак эмгек менен акысын табуу сыяктуу жакшы адеп-ахлакка ээ болуулары керектигин айтат. Рийа, жалганчылык, гыйбат жана арам сыякту адеп-ахлакка сыйбаган кыял-жоруктардан узак болушканда гана чыныгы бактылуулукка жетишээрин эскертет.



Аажы Бекташ-и Вели өмүрүнүн акырына чейин сүйүү жана кең-пейилдүүлүк деген жаатта башка адамдарга өрнөк болууга аракет кылган. Аажы Бекташ-и Вели: Пайгамбарыбыздын “Мен жогорку адеп-ахлакты толуктоо үчүн келдим” – деген сөзүнө чын жүрөгү менен берилгенин айтат.

Аажы Бекташ-и Велинин жашоо философиясын түзгөн; сүйүү, ак пейилдүүлүк жана коомдогу тынчтыктын өкүм сүрүшү сыяктуу жогооку баалуулуктагы сезимдердин түп тамырын, кечиримдүүлүк, көңүл токтук, жакшы сөз жана жылуу мамиле түзөрүн айтат.

Аажы Бекташ-и Вели айткан жана бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган үгүт насаатта-ры төмөнкү маани-маңызда жазылган:

“Бир болойлу, биримдикте жана жандуу болойлу.

Жалкоолор биздин арабызда жүрбөсүн.

Туура сөз достуктун эшиги, чынчылдыктын белгиси.

Душман да болсо ал адам экенин унутпагыла.

Эч бир улутту жамандабагыла.

Таарынсаң да таарынтпа.

Аял кишилердин билим алуусуна тоскоол болбогула.

Өзүң кыйналган жумушту башка бирөөгө жүктөбө.

Напсиңди, колуңду, тилиңди жана намысыңды жамандап сакта.

Толугу менен окулуп чыгышы керек болгон китеп – бул адам болуп саналат.

Жүргөн жериңди таза сакта, тапкан акчаң сенин акың болсун.

Биз жүргөн жол, илим, билим жана сүйүү менен коздолгон.”



## 5 Мимар Синан – Жоопкерчиликтин Үлгүсү

Мимар Синан дүйнөдө теңдеши жок архитектор болуп саналат.. 1489-жылы Кайсери облусуна караштуу Агырнас (Туркия) деген айылда дүйнөгө келген. Ал 99 жашка чейин жашаган, 1588 – жылы Стамбул шаарында каза болгон жана Сулайманийа деген шаарга көмүлгөн.

Осмон Империясында катардагы аскер болуп кызмат кылып жүргөн Синан, сарайда-гы Ажем Али деген архитектор өлгөндөн кийин анын ордуна, Сарайдын Архитектору болуп иштей баштаган. Архитектор болуп Осмон Империясынын падышалары; Султан Селим, Султан Сулайман, II. Селим жана III. Муратка кызмат өтөгөн.

Осмон Империясынын кооз имараттарга бөлөнүшүнө чоң салым кошкон Мимар Синан, окуучулары менен бирге 84 мечит, 52 ибадаткана, 57 медресе, 7 китепкана, 22 күмбөз, 17 жардам борбору, 3 оорукана, 7 канал, 8 көпүрө, 20 эс алуучу жай, 33 сарай, 6 амбар жана 48 мончо курганы белгилүү.

Анын алгачкы эмгеги Стамбулдагы Шахзада Мехмет Мечити болуп саналат.. Кийин Сулайманийа мечитин жана изилдөө борборун куруп, Осмон Архитектурасынын өнүгүшүнө салым кошкон. Эдирне облусуна (Туркия) болсо, Осмон-Түрк архитек-




турасынын символу болуп саналган, Селимиййе Мечитин салган. Эң кооз архитектурасы болгон 31 метр бийиктиктеги Күмбөздү салууга жетишкен.

Анын архитектуралык усталыгы, эң чоң мечиттин төбөсүн, ичкелиги жана узундугуна карабастан үч башка тепкич менен чыгууга мүмкүн болгон мунаранын курулушуна күчү жеткен. Ошондуктан аны архитекторлордун устаты деп эсептешет.

Ал эски менен жаңы курулуштун шайкештигин өзүнүн имараттарында көрсөтө алган жана дүйнөдө теңдеши жок бекем, кооз, көз жоосун алган имараттардын куруучусу болуп саналат.. Кылган иши адамдарды таң калтыргандыктан, аны баардык архитекторлордун башчысы деп аташкан. Ал тургузган имараттардын көбү 400 жылдан ашуун убакытка чейин сакталып калган жана кээ бирлери азыркга чейин колдонулуп келет.

Стамбул шаарын суу менен камсыз кылган узундугу 50 км жеткен, Кыркчешме деген каналын курган. Мындан сырткары тунел, дамба курууга жардам берген. Мимар Синар, кызматын чын дилден аткарган адам болгон жана бизге бир ишти чын жүрөктөн, туура, так жана туултура аткарууда бизге үлгү болгон инсан болуп эсептелет. Осмон Империясынын атак-таңктуу архитектору Мимар Синан байлык топтоого умтулган эмес жана көзү өткөндө урук-туугандарына мураска калтыра турган байлыгы болгон эмес.

# 6 Мустафа Кемал Ататүрк – Мекенди Сүйүүнүн Үлгүсү

Мустафа Кемал Ататүрк 1881-жылы Селаникте (Салоники – азыркы Грецияда жайгашкан шаар) туулган. 57 жашында 1938-жылы Долмабахче Сарайында каза тапкан. Атасынын аты Али Рыза, апасынын аты болсо Зубайда Ханым болгон. Кичинекей кезинде үй-бүлөсүнүн каалоосу менен чоң атасы Хафыз Ахмет Мырзанын колунда билим алган. Андан кийин Шемси Мырза мектебинде окуган.

1899-жылы Башталгыч Аскер Мектебин ийгиликтүү бүтүрүп, Стамбул шаарындагы Аскер Академиясын (1902) – Лейтенант деген чин менен бүтүргөн.

1911-жылындагы Траблусгарп (Италия менен Түрктөрдүн арасындагы) согушунда, 1912-жылындагы Балтика согушунда ардактуу кызмат өтөп, 1914-жылындагы Биринчи Дүйнөлүк Согушта, Чанаккале облусун коргоо милдетин аткарган.



1916-жылында болсо Эдирне жана Диярбакыр шаарларында кызмат өтөгөн, Муш жана Битлис шаарын душмандан кайра тартып алуу үчүн жан дили менен күрөшкөн. Командировкага Дамаск жана Халеп шаарларына барып, 1917-жылы кайра Стамбулга келген. Англиянын армиясына каршы Осмон Империясынын чек арасын коргоо үчүн, 1917-жылы аскерий полктун башчысы болуп Халепке жөнөтүлгөн.

"Мудросс Тынчтык Келишими" бузулуп, Осмон Империясынын чек арасына душмандардын мизин кайтаруу үчүн 1919-жылы 19 Май күнү 9- Армиянын башын жетектеп, Самсун шаарына барган. Бул салгылашуу 1922-жылы 4-сентябрь күнү аяктаган жана Эркиндик Күрөшү деп аталган жеңиштен кийин Туркия Мамлекети курулган.

Ататүрк ата-мекенди көздүн карегиндей сактоонун үлгүсү катары: "Түрктөрдүн мекенге болгон сүйүүсү, арам ойлуу душманга каршы бузулбаган дубал сыяктуу эмгек өтөйт" – деп айткан. Ататүрк мекенин сүйүүнү жана коргоону өмүрүнүн акырына чейин аткаргандыктан согуш учурунда дайыма өлкөсүнүн чек арасынан узакка кеткен эмес. Ататүрк өзү менен чогуу жүргөн аскер достору менен Туркиянын эгемендүүлүккө жетишинде салымын чоң. Анткени ата-мекенди коргоо улуттук жана диний жоопкерчилик болуп саналат..

Ата-бабаларыбыздан бизге мурас болуп калган өлкөнү көздүн каарегиндей сактоо, кийинки муундун милдети. Ошондуктан эзелтен бери ата-бабаларыбыз көргөзгөн каармандык сыяктуу биз да өлкөбүздүн эркиндигин душмандан коргоо үчүн жаныбызды да бергенге даяр турушубуз керек.

Түрк улутундагыларды башка улуттагылардан өзгөчөлөнтүп, айырмалап турган нерсе, ата-мекенге болгон сүйүүсү. Ата-мекенди коргоо үчүн жанын бергенге даяр экендиги. Ошондуктан Ата-Мекенди сүйүү биринчи оорунда турат.



**Ой Жүгүртүү**

Мекен – деген түшүнүк, биз жашап жаткан жер, география же жөн эле өлкө катары көрүлбөшү керек. Анткени мекен деген нерсе – сүйүүгө татыктуу баалуулуктарыбыздын бири болуп саналат..

Түрк улуту мекенин коргоп, ар түрдүү коркунучтан сактап, керек болсо мекен үчүн жанын берген калктардын бири. Ошондуктан көбүнесе адамдар көз жумганда, туулган жерине алып барып көмүлөт. Борбор шаарларга көчүп келсе да, айылын сагынып, айыл жашоосун жакшыртуу үчүн, мектеп, оорукана жана мечит салдырган эр азаматтарды көп учуратабыз. Ааламга жол айылдан башаталат жана туулган жердин топурагы алтын – деген сөздөр бекеринен айтылбаган.

Мехмет Акиф Эрсой жазган жана Ататүрк чын жүрөгү менен жактырып кабыл алган, Туркиянын Гимнинде туулган жер тууралуу төмөнкүлөр айтылат:

"Басып жүргөн жериңди топурак деп ойлобо
Сансыз каарман жанын берген бул жерге
Шейиттердин уулусуң, таарынтпагын атаңды
Эч качан алмаштырба мекениңди байлыкка
Ким болбосун бейиштей болгон бул жерге
Ар дайым даяр турат жанын, канын бергенге
Кудайым колумдагы бар-жогумду алсаң да
Суранамын мекенимден мени узактатпа!"

**Чогуу Талкуулагыла**

Ата-мекенди, ата-журттуу сүйүү деген кандай болот? Конкреттүү мисалдар менен түшүндүрүүгө аракет кылыңыз.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Мухаммед (с.а.в.) бир хадисинде: "Мекенге болгон сүйүү, адамдын ыйманында болушу керек" – деп айткан. Тагыраак айтканда, ыймандуулук мекенге болгон сүйүүнү күчөтүп турушу керек. Куран Каримдеги хижрат (көч) тууралуу аяттардын дээрлик бардыгында мекенге болгон сүйүү тууралу ойлор бар. Мекен жана журт – деген сөз, Куранда 40 аятта бар. Ошондуктан Мусулман адамдын диний милдетинин арасында, ата-журтту сүйүү да бар.

**Чогуу Талкуулагыла**

Төмөндө Ататүрк айткан сөздөр бар. Мааниси кандай экенин талкуулагыла жана биздин улуу инсандардын Мекен жөнүндөгү пикирлери менен салыштыргыла.

"Мекенди сүйүү ага кызмат кылуу менен өлчөнөт."

"Мекенди коргоодон да ыйык милдет жок."

"Бул дүйнөдө мекенди коргоо милдети менен диний жоопкерчиликтерин айкалаштыра алган эч бир өлкө тааныган жокмун."



## Бөлүмдү Жыйынтыктоо

Улуттук маданий тарыхыбыздын калыптанышында кээ бир заттардын салымы аябагандай чоң.

Алардын ичинен XI - жана XII - кылымдарда жашап өткөн Ахмед Йасавини мисалга алсак болот. Анын ою боюнча, өзүн мусулманмын деп эсептеген адам, сүйүүдөн узактабашы керек. Ошондой эле башкалардын, мамлекеттин акысын жегенден узак болушу, башка бирөөнүн эсебинен жашагандан коргонушу керек. Жалкоо адам Аллах Таалага жакпайт.

Сүйүү – деген сөз айтылганда, Юнус Эмре ойго келбей койбойт. XIII – кылымда Кичи Азияда жашап өткөн бул аалым, жазган ырларында, сүйүү менен ашыктыкты мактап жазган.

Кызматын чын дили менен аткаруунун символу болуп калган Мимар Синан, тарыхта калтырган архитектордук чеберчилик менен жасалган имараттары менен дайыма таң калтырып келет.

Көңүл, дил жана жүрөктүн мээрмандарына жол көрсөткөн Мавлана, кең пейилдүүлүктүн символуна айланган. Ал, дин, тил, улут айырмачылыгына карабай адамдардын ынтымактуу жашай ала тургандыгын конкреттүү мисалдар менен көргөзүп берген.

Үгүт-насаат сөздөрүн Куранга жана Сүннөткө таянып айткан Аажы Бекташ-и Вели, адамдарга сүйүү менен кең пейилдүүлүктү үйрөтүү менен руханияттын оңдоочусу болгонго аракет кылган.

Өмүрүнүн акырына чейин мекендин, журттун көз карандысыздыгын көздүн карегиндей сактоо керектигин милдет катары көргөн улуу инсан Ататүрктүн, мекенди сүйүүнүн символуна айланганын айтсак болот.

## Бөлүмду Анализдөө

1. Тарыхыбыздын бай маданиятын түзгөн жана бизге үлгү боло турган беш адамдын атын атап өтүңүз.
2. Үлгү боло турган адамдын кандай өзгөчөлүктөрү болушу керек?
3. Үлгүлүү инсандарыбыздын мекенге кылган кызматтарын айтып бериңиз.
4. Мавлана айткан: “Карама-каршылыктардын бүтүндүгү жашоону кооздойт” – деген сөздөн эмне түшундүңүз? Айтып бериңиз.

## Жыйынтыктоочу Суроолор

**1. Төмөнкү адамдардын ичинен кимди, аялдарга да таалим тарбия бериллиши керек дегени үчүн падыша суракка алган?**

А) Ахмет Йасави

Б) Мавлана

В) Юнус Эмре

Г) Аажы Бекташ-и Вели

**2. "Бир көңүлдү оорутсаң, Кабыл болбойт намазың" – деген ыр кимге таандык?**

А) Ахмет Йасави

Б) Мавлана

В) Юнус Эмре

Г) Аажы Бекташ-и Вели

**3. Төмөнкү имараттардын кайсынысын Мимар Синан курган эмес?**

А) Сулайманиййа Мечити

Б) Селимийе Мечити

В) Бүйүкчекмеже Көпүрөсү

Г) Султан Ахмет Мечити

**4. Мавлана, кимдерге "кең пейилдүү мамиле кылалы" деген?**

А) Христиандарга

Б) Жөөттөргө

В) Бутпарасттарга

Г) Баардыгына Тегиз

**5. "Таарынсаң да таарынтпагын" – деген сөз кимге таандык?**

А) Ахмет Йасави

Б) Мавлана

В) Юнус Эмре

Г) Аажы Бекташ-и Вели

**6. Төмөнкү түшүнүктөрдүн ичинен кайсынысы, Ататүрк айткан “мекенге болгон сүйүүдөн жогору сүйүү болбойт” – деген сөзгө төп келбейт?**

А) Мекени жок адамдын эркиндиги да жок.

Б) Мекенди сүйүү, аны көз каарегиндей коргоо керектигин түшүндүрөт.

В) Мекен жоголсо, улут да жок болот.

Г) Мекени жок болсо да кээ бир улуттар көз карандысыздыкка ээ болуп жашап жүрүшөт.



# Суроолордун Жооптору:

## Бөлүм I

1. В, 2. Б, 3. Г, 4. Г, 5. А

## Бөлүм II

1. Г, 2. Б, 3. Г, 4. В, 5. Г

## Бөлүм III

1. Б, 2. Б, 3. Б, 4. В, 5. Б

## Бөлүм IV

1. Г, 2. А, 3. Б, 4. В, 5. Б

## Бөлүм V

1. В, 2. А, 3.D, 4. С, 5.С

## Бөлүм VI

1. В, 2. С, 3. D, 4. С, 5. С

## Бөлүм VII

1. А, 2. Б, 3. Г, 4. Г, 5. Г, 6. Г

## КОЛДОНУЛГАН БУЛАКТАР

A. Vehbi Ecer, "Tarihte Türkler, İslâmiyet ve Mezhepleri", Erdem Atatürk Kültür Merkezi Dergisi, Türklerde Hoşgörü Özel Sayısı Il, Ankara, l996, s. 485- 50l.

Akseki, A. Hamdi, *Ahlâk İlmi ve İslâm Ahlâkı*, Nur Yayınları, Ankara 1991.

Armağan, Servet, *İslâm Hukukunda Temel Hak ve Hürriyetler,* Diyanet İşleri Başkanlığı Yayınları, Ankara 1992.

Arslan, Ahmet, *Felsefeye Giriş,* Vadi Yayınları, Ankara 1996.

Asya, Arif Nihat, (1996), *Dualar v e Aminler*, Ötüken Yayınları, İstanbul.

Başkurt, İrfan, *Kur'an Açısından Din Eğitiminde Adalet, Ölçü, Denge; Eğitimde Sıratı Müstakim,* İşaret Yayınları, 2000.

Bayraklı, Bayraktar, *Âyetler Işığında İman, İbadet ve Ahlâk Üzerine Sohbetler,* Bayraklı Yayınları, 2000.

Bayrakdar, Mehmet, (1997), *İslâm ve Ekoloji*, Diyanet İşleri Başkanlığı Yayınları, Ankara.

*Bildiriler; Mevlana'nın 700. Ölüm Yıldönümü Dolayısı ile Uluslar arası Mevlana Semineri,* Haz. Mehmet Önder, Türkiye İş Bankası Kültür Yayınları, Ankara *1973*.

Bilmen, Ömer Nasuhi, Büyük İslâm İlmihâli, Bilmen Basım ve Yayınevi, Ankara 1992.

Çağrıcı, Mustafa, *Ana Hatlarıyla İslâm Ahlâkı,* Ensar Neşriyat, İstanbul, 1985.

Cerrar, Ethem, *İslâm'da Sevgi ve Kardeşlik*, Dünya Yayıncılık, İstanbul 1993.

Çubukçu, İ.Agah, *İslâm'da Ahlâk ve Vazifeler*, Diyanet İşleri Başkanlığı Yayınları, Ankara 1974.

Demirci, Mehmet, *Yunus Emre'de İlahi Aşk ve İnsan Sevgisi*, Selçuk Yayınları, İstanbul 1991.

Doğan, Lütfi, *Toplumun Temelini Sarsan Belli Başlı Problemler,* Diyanet İşleri Başkanlığı Yayınları, Ankara, 1986.

Draz, M. A, *Kur'an Ahlâkı,* ter. Emrullah Yüksel-Ünver Günay, İstanbul, 1993.

Duman, M. Zeki, *Kur'an-ı Kerim'de Adab-ı Muaşeret, Görgü Kuralları,* Tuğra Neşriyat, İstanbul 1982.

Erdem, Hüsameddin, *Ahlâk Felsefesi,* Hüer Yayınları, Konya, 2003.

Ersoy, M.Akif, *Safahat,* Diyanet İşleri Başkanlığı Yayınları, Ankara 1990.

Eskicioğlu, Osman, *İslâm Hukuku Açısından Hukuk ve İnsan Hakları,* İzmir, 1996.

*Felsefe Dünyası*, 1996 Felsefe Kongresi Özel Sayısı, Ankara, 1997.

Gölcük, Şerafettin, *Kur'an'da İnsanın Değeri,* Zafer Matbaası, İstanbul 1983.

Gövsa, İbrahim Alaaddin, *Çocuk Şiirleri,* Kanaat Kütüphanesi, İstanbul 1911.

Güler, İlhami, *İman Ahlâk İlişkisi*, Ankara Okulu yayınları, Ankara, 2003.

Hacı Bektaş Velî, *Makâlât*, Türkiye Diyanet Vakfı Yayınları, Ankara 2008.

Hacı Bektaş Velî, *Besmele Tefsiri (Şerh-i Besmele)*, Türkiye Diyanet Vakfı Yayınları, Ankara 2008.

Hamdi Mert, *Hoca Ahmet Yesevî, Hayatı, Fikirleri ve Hizmeti (t. y.)*, Ahmet Yesevî Üniversitesine Yardım Vakfı, Bilig Yayınları, Ankara.

Hamdi Mert, *İslâm'da Hoşgörünün Simgesi Hünkar Hacı Bektaş Velî (t. y.)*, Bilig Yayınları, İstanbul.

Hayati Develi, *Ahmet Yesevî*, Şule Yayınları İstanbul 1999.

*Hoşgörü Yılında Mevlana*, Bilimsel ve Kültür Araştırmaları Vakfı, Ankara 1995.

İlhan, Suat, *Atatürk ve Askerlik*, Türk Tarih Kurumu Basımevi, Ankara 1990.

İzutsu, Toshihiko, *Kur'an'da Dinî ve Ahlâkî Kavramlar,* Pınar Yayınları, İstanbul, 1991

Kandemir, Yaşar, *Örneklerle İslâm Ahlâkı,* Rağbet Yayınları, 2000.

Karagöz, İsmail, *Âyet ve Hadislerin Işığında Sevgi ve Dostluk*, DİB. Yayınları, Ankara 2006.

Karaman, Hayrettin, *İslâm'da İnsan Hakları: Din, Vicdan ve Düşünce Hürriyeti,* Ensar Neşriyat, Tarihsiz.

Kaynak, Mesut, *Kur'an'da Sevgi,* İstanbul 2003.

Kılıç, Recep, *Âyet ve Hadisler Işığında İnsan ve Ahlâk*, Diyanet Vakfı Yayınları, Ankara 1995.

Koçyiğit, Talat, *Hadislerin Işığında İman, İbadet, Ahlâk*, Diyanet İşleri Başkanlığı Yayınları, Ankara 1974.

Komisyon, İlmihal, İman ve İbadetler (I), İslâm ve Toplum(II), I-II, Türkiye Diyanet Vakfı Yayınları, İstanbul 1999.

Komisyon, İlköğretim Din Kültürü ve Ahlâk Bilgisi Dersi Öğretmen Kılavuzu 5, 7, Milli Eğitim Basımevi, İstanbul 2002.

Kuçuradi, İonna, *İnsan ve Değerleri*, Türk Felsefe Kurumu, Ankara, 1998

*Kur'an-ı Kerim Meali*, Haz: Doç. Dr. Halil Altuntaş - Dr. Muzaffer Şahin, D. İ. B., Ankara, 2002



Mehmet Akif Ersoy, *Safahat*, İstanbul I974.

Mehmet İhsan Oğuz, *Yunus Emre*, Pamuk Ofset, İstanbul 1992.

Mehmet Önder, *Mevlana: Hayatı-Eserleri* (t.y.), Tercüman Gazetesi Yayınları, İstanbul.

Mevlana, *Mesnevi I*, çev. A. Baki Gölpınarlı, MEB 1988.

*Milletlerarası Hoca Ahmet Yesevî Sempozyumu Bildirileri*, Yayına Hazırlayanlar; Abdulkadir Yuvalı, Mustafa Argunşah, Ali Aktan, Kayseri 1993.

Mustafa Keskin, *Atatürk'ün Millet ve Milliyetçilik Anlayışı*, Atatürk Kültür Dil ve Tarih Yüksek Kurumu, Atatürk Araştırma Merkezi, Ankara 1999.

Namlı, Tuncer, *Ahlâkî Kavramlarda Anlam Arayışı,* Fecr Yayınları, 2001.

Nihat Sami Banarlı, *Resimli Türk Edebiyatı Tarihi*, İstanbul, I 1971.

Pazarbaşı, *Erdoğan, Kur'an ve Medeniyet, Doğuşu-Gelişimi-Çöküşü*, Pınar Yayınları, İstanbul 1996.

Rıfat, Ahmet, *Tasvir-i Ahlâk,* haz. Hüseyin Algül, Tercüman 1001 Temel Eser Serisi, Tarihsiz.

Savater, Fernando, *Oğluma Ahlâk Üstüne Öğütler*, ter: Şadan Karadeniz, İletişim Yayınları, İstanbul, 1999.

Toksarı, Ali, "Adab-ı Muaşeret", 6-8, İslamî Kavramlar, Sema Yazar Gençlik Vakfı Yayınları: 2, Ankara 1997.

Yakıcı, Ali, *Yunus Emre'ye Şiirler,* Kültür Bakanlığı, Ankara 1991.

Yusuf Ekinci, *Hoca Ahmet Yesevî*, Ocak Yayınları, Ankara 1995.